ISSN 1694-8033

# ЖУСУП БАЛАСАГЫН атындагы
# КЫРГЫЗ УЛУТТУК
# УНИВЕРСИТЕТИНИН
# ЖАРЧЫСЫ

Ар бир кварталда чыгуучу илим-билим
жана маалымат журналы

# ВЕСТНИК
# КЫРГЫЗСКОГО НАЦИОНАЛЬНОГО
# УНИВЕРСИТЕТА
# имени ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА

Ежеквартальный научно-образовательный
и информационный журнал

Журнал включен в Перечень рецензируемых научных журналов и изданий,
рекомендованных Высшей аттестационной комиссией Кыргызской Республики,
Постановление Президиума ВАК КР
№ 126 от 26.05.2016 г.,
входит в систему Российского индекса научного цитирования (РИНЦ)
(Лицензионный договор № 03.01.2016г. от 13 января 2016 г.)

**СПЕЦИАЛЬНЫЙ ВЫПУСК**

**Бишкек – 2024**

**Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы»**
**журналынын редакциялык коллегиясы**

**Башкы редактор:**
**Чонтоев Д.Т.** – география илимдеринин доктору, профессор, Ж. Баласагын атындагы КУУнун ректору.

**Башкы редактордун орун басары**
**Дылдаев М.М.** – география илимдеринин доктору, профессор, Ж.Баласагын атындагы КУУнун илимий иштер боюнча проректору.

**Редколлегия:**
**Амердинова М. М.** – философия илимдеринин доктору, профессор;
**Асанбеков А.** – КР УИАнын корр.-мүчөсү, тарых илимдеринин доктору, профессор;
**Базарбаев Э. Б.** – юридика илимдеринин доктору, профессор;
**Борубаев А. А.** – КР УИАнын академиги, техникалык илимдеринин доктору, профессор;
**Ботобеков. А.** – экономика илимдеринин доктору, профессор;
**Галиева. З. И.** – тарых илимдеринин доктору, профессор;
**Ишекеев Н.** – КР УАИнын корр.-мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор;
**Карабаев С. О.** – химия илимдеринин доктору, профессор;
**Кененбаева Г. М.** – физика-илимдеринин доктору, профессор;
**Мамбетакунов Э.** – КР УИАнын корр.-мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, проф.;
**Маразыков Т. С.** – филология илимдеринин доктору, профессор;
**Молдоев Э. Э.** – юридика илимдеринин доктору, профессор;
**Нургазиева А. Р**. – биология илимдеринин доктору, профессор;
**Саякбаева А. А.** – экономика илимдеринин доктору, профессор;
**Сманалиев К. М.** – юридика илимдеринин доктору, профессор;
**Тиллебаев С. А.** – филология илимдеринин доктору, профессор;
**Чыманов Ж. А.** – педагогика илимдеринин доктору, профессор;
**Шамшиев А.Б.** – кандидат биологических наук, доцент;
**Шерипов Н.Т.** - КР УАИнын корр.-мүчөсү, философия илимдеринин доктору, профессор.

**Чет өлкөлүк мүчөлөрү:**
**Ахунбаев А.** – Евразия Өнүгүү Банкынын изилдөө секторунун башчысы (Dr.PhD);
**Бешимов Р. Б.** – М.Улугбек атын. улуттук Өзбек уни-ти, физ.-мат. илим. д-ру, проф.;
**Бородкин Л. И.** – М.В. Ломоносов атын. ММУнун проф., т.и.д. РАЕН корр.-мүчөсү;
**Ковальская Л. А.** – биол. илим. д-ру, ВНИиТИБП лаб. башчысы;
**Козлов К. Л.** – М.В. Ломоносов атын. ММУ, физ.-мат. илим. д-ру, проф.;
**Перегудин С. И.** – Санкт-Петербург мамлекеттик уни-ти, физ.-мат. илим. д-ру, проф.;
**Садовничий Ю. В.** – М.В. Ломоносов атын. ММУ, физ.-мат. илим. д-ру, проф.;
**Сманов Б.** – Казах улуттук илимдер академиясынын академиги, педагогика илимдеринин доктору, профессор.

**Редакциялык-басма бөлүмү:**
**Шакирова К. К.** – экономика илимдеринин доктору, РБбөлүмүнүн башчысы;
**Даровских Н.М.** – редактор;
**Рашитова А.Ж.** – башкы адис.

**Редакционная коллегия журнала «Вестник КНУ им. Ж. Баласагына»**

**Главный редактор**

**Чонтоев Д.Т.** –доктор географических наук, профессор, ректор КНУ им. Ж. Баласагына.

**Заместитель главного редактора**

**Дылдаев М.М.** – доктор географических наук, профессор, проректор по научной работе КНУ им. Ж. Баласагына.

**Редколлегия:**

**Амердинова М. М.** – доктор философских наук, профессор;
**Асанбеков А.** – чл.-корр. НАН КР, доктор исторических наук, профессор;
**Базарбаев Э. Б.** – доктор юридических наук, профессор;
**Борубаев А. А.** – академик НАН КР, доктор физико-математических наук, профессор;
**Ботобеков А**. – доктор экономических наук, профессор;
**Ишекеев Н.** – чл.-корр. НАН КР, доктор педагогических наук, профессор;
**Галиева З. И.** – доктор исторических наук, профессор;
**Карабаев С. О.** – доктор химических наук, профессор;
**Кененбаева Г.М.** – доктор физико-математических наук, профессор;
**Мамбетакунов Э.** – чл.-корр НАН КР, доктор педагогических наук, профессор;
**Маразыков Т. С.** – доктор филологических наук, профессор;
**Молдоев Э. Э**. – доктор юридических наук, профессор;
**Нургазиева А. Р**. – доктор биологических наук, профессор;
**Саякбаева А. А.** – доктор экономических наук, профессор;
**Сманалиев К. М**. – доктор юридических наук, профессор;
**Тиллебаев С. А.** – доктор филологических наук, профессор;
**Чыманов Ж. А.** – доктор педагогических наук, профессор;
**Шамшиев А.Б.** – кандидат биологических наук, доцент;
**Шерипов Н.Т. -** чл.-корр. НАН КР, доктор философских наук, профессор.

**Зарубежные члены редакционной коллегии:**

**Ахунбаев А.** – зав. сектором исследования стран Евразийского банка развития (Dr.PhD);
**Бешимов Р. Б.** – д-р физ-мат. наук., проф. Национального университета Узбекистана им. М. Улугбека;
**Бородкин Л. И.** – д-р ист. наук, проф. МГУ им. М.В Ломоносова, чл.-корр. РАЕН;
**Ковальская Л. А.** - д-р биол. наук, зав. лаб. ВНИ и ТИБП, г. Щелково, Моск. обл.;
**Козлов К. Л.** – д-р физ.-мат.наук, проф. МГУ им. М. В. Ломоносова;
**Перегудин С. И.** – д-р физ.-мат. наук, проф. Санкт-Петербургского государственного университета;
**Садовничий Ю. В.** – д-р физ.-мат. наук, проф. МГУ им. М. В. Ломоносова;
**Сманов Б.** – академик НАН РК, д-р педагогич. наук, проф.

**Редакционно-издательский отдел КНУ:**

**Шакирова К.К.** – доктор экономических наук, зав. отделом РИО КНУ;
**Даровских Н. М.** – редактор;
**Рашитова А.Ж.** – главный специалист.

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН**

**ОШ ШААРЫНДАГЫ ГУМАНИТАРДЫК-ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ**

# «Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” поэмасынын руханий орду» аттуу жогорку жана орто кесиптик окуу жайлар аралык республикалык илимий-практикалык конференциясынын жыйынтыгы

## АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШ

**2024-жылдын 22-ноябры**

УДК: 81. 141.311

**Апышова Б. Т., Акишова Г. Т., Нурлан кызы Асел**
Ош мамлекеттик университети
**Апышова Б. Т., Акишова Г. Т., Нурлан кызы Асел**
Ошский государственный университет
**Apyshova B. N., Akishova G. N., Nurlan kyzy Asel**
Osh State University

# Ж. БАЛАСАГЫНДЫН «КУТТУУ БИЛИМ»ЧЫГАРМАСЫНДА САЯСИЙ ТЕРМИНДЕРДИН КОЛДОНУЛУШУ
# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ПОЛИТИЧЕСКИХ ТЕРМИНОВ В ПРОИЗВЕДЕНИИ Ж. БАЛАСАГЫНА «БЛАГОДАТНОЕ ЗНАНИЕ»
# THE USE OF POLITICAL TERMS IN J. BALASAGYN'S WORK "BLESSED KNOWLEDGE"

**Кыскача мүнөздөмө:** Түрк дүйнөсүнүн эң баалуу эстеликтеринин, шедеврлеринин бири – XI кылымга таандык Жусуп Баласагындын “Кут алчу билим” чыгармасы деп айтууга болот. Аталган эмгек Караханиддер доорундагы түрк тилдеринен азыркы күнгө чейин сакталып келген жалгыз көлөмдүү адабий чыгарма болгону менен чоң мааниге ээ жана алгачкы энциклопедиялык чыгармалардын бири. Тил жандуу кубулуш катары мезгил өткөн сайын өсүп-өнүгүп, анын мүмкүнчүлүктөрү арта берет. Андыктан орто кылымдардагы түрк тилдериндеги, анын ичинен кыргыз тилинде колдонулган сөздөр «Куттуу билим» чыгармасында кеңири кездешет жана ар тараптуу иликтөөлөргө негиз болуп берет.

**Аннотация:** Одним из ценнейших памятников и шедевров тюркского мира является произведение Жусупа Баласагына «Благодатное знание», датируемое XI веком. Хотя данное произведение является единственным объемным литературным произведением из тюркских языков караханидской эпохи, сохранившимся до наших дней, оно имеет большое значение и является одним из первых энциклопедических произведений. Язык как живое явление со временем растет и развивается, увеличиваются его возможности. Поэтому слова, употребляемые в средневековых тюркских языках, в том числе в кыргызском языке, широко встречаются в труде «Благодатное знание» и дают основу для всесторонних исследований.

**Annotation:** One of the most valuable monuments and masterpieces of the Turkic world is the work of Yusuf Balasaguni, *"Blessed Knowledge"*, which dates back to the 11th century. Although this work is the only extensive literary piece in the Turkic languages of the Karakhanid era that has survived to this day, it holds great significance and is considered one of the first encyclopedic works. Language, as a living phenomenon, grows and develops over time, expanding its capabilities. Therefore, the words used in medieval Turkic languages, including the Kyrgyz language, are widely found in *"Blessed Knowledge"* and provide a basis for comprehensive research.

**Негизги сөздөр:** бек; падыша; өкүмдар; так; бийлик; термин; орто кылым; тил илими.

**Ключевые слова:** царь; король; правитель; место; власть; термин; средний век; языкознание.

**Keywords:** king; ruler; sovereign; place; power; term; Middle Ages; linguistics.

Улуу ойчулдун окурмандарга арнаган "Куттуу билим" ("Кут алчу билим", "Кут табуунун илими") поэмасынын мазмуну төрт негизги каармандын суроо-жооптору аркылуу түзүлөт. Бул төрт каармандын диалогдору коомдо мыйзам катары түзүлүп калган маселелердин өзгөчөлүктөрүн, башкача айтканда, падышанын, вазирдин, аскер башчысынын, казына ээсинин, падыша кеңешчисинин, элчинин милдеттери, илимпоздор, акындар, кол өнөрчүлөр, дарыгерлер, соодагерлер, дыйкандар, малчылар сыяктуу түрдүү кесип ээлеринин, алардын өзгөчөлүктөрү жана бири-бирине кандай мамиле жасоо керек экендиги тууралуу, ошондой эле окуу, таалим-тарбия берүү, үйлөнтүү, балдарды тарбиялоо, конокко чакыруу, конокко баруунун этикасы өңдүү ар бир үй-бүлөгө керектүү болгон зарыл жана пайдалуу жактарды камтыган.

Жусуп Баласагын (1017-1070) «Куттуу билим» дастанында саясат, мамлекеттик башкаруу, адам өмүрүнүн максаты, анын коомдогу укуктары, милдеттери тууралуу терең ой жүгүртөт. Арийне, мындай мазмун камтылган чыгармада саясий терминдер көп кездешери талашсыз. Тактап айтканда,

1) **Элик**тин **хас – хажиби** болор эле,
Эрсиг аттуу ханына жакын неме.
2) Айтолду айтты: «О, **Элик,** атагы ашкан,
Жаман, жакшы жагымды айттым баштан.
3) Отурган **Элик** жайы — күмүш **так**ты,
Үч бутка бекитилген абдан жакшы.
4) Эмне үчүн күмүш **так**ка отурдуң сен,
Мунуңдун максаты эмне? - уксам экен!
5) **Хас — хажиб** анын сөзүн кайра сурап,
Толуктап бүт максатын тактап угат.
6) Кызмат кылса, кул иш менен **бек** болор,
А жамандар шылдың болуп, кеп болор.
7) Айтолду мындай деди:— **Өкүмдар**ым,
Сүйлөөгө келбей жатат дарман-алым.
8) Дөөлөттүү болсо **бег**и, бакыт басып,
Эли ток, жери гүлдөйт ырыс чачып.
Элинин **бег**и болсо — адилет, түз,
Бузукка андай жерде табылбайт иш.
9) **Бек**, даража ыйык да — абийир менен
**Бек**тин наамын жакшылап тутканы жөн
10) Эгерде **бек**тер берсе жакшы заңды,
Дей бергин бузуктар бүт абакталды.
11. **Заң** менен адилеттүү башкарган **бек**,
Каалаган максатына жетет деген!»
12. **Бийлигим** жеткен жерге өмүр берет,
Жакшы **заң**дан эл жыргап, чөл көгөрөт.
13. Ал ага **увазир**лик наам берди,

Мөөр, түпөк, идиш, соот кошо келди.

14. Көтөрдү Акдилмишти **Элик** сыйлап,

**Увазирлик** иш берди, ага арнап.

15. **Ордо**нун улуу, кичүү адамдары,

Жүгүнүп, урмат кылат эми баары! [5: 288]

Дастанда берилген *элик//илик* «кан», *везир, увазир* «вазир», *улуг хажиб* «улуу хажип», *сүбаш* (аскер, кытайча) «аскер башы», *капыг башчы* «ордо башчы», *йалабач* «элчи», *битигчи* «катчы», *агычы* «казына башчы», *топукчу* «чиновник», *илбашы* «мамлекет башчысы», *тегин* «жогорку наам», элик//илик – «кан», битигчи – «катчы». везир – «вазир илбашы - «мамлекет башчы, сүбаш (аскер, кытайча) - «аскер башы», топукчу – «чиновник». уләма - «мусулман илимпоздору». *улуг Хажиб* - «улуу хажип» сыяктуу сөздөрдү саясий терминдер деп атоого толук негиз бар.

Ошондой эле, “Куттуу билим” поэмасында башкаруучулук, бийлик жүргүзүү катмарын төмөнкүдөй белгилейт. Караханиддер мамлекетинде бийлиги мурасталаган *каган* (кандардын каны) саясий бийликтин башында турган. Анын таянычы - *улуг хажиб (таяну)* (канга баш ийген даражадагы чин). Борбордук канцелярия *вазирге (югрушка)* караган. *Бектер* жогорку каганга же жергиликтүү башкаруучуларга баш ийген. Каганатка караган ээликтер *эл* жана *вилаеттерге* бөлүнүп, аларды ***бектер (Бек** болом, элге башчы деген жандар! Жөнөкөйлүк, ачыктык үйрөнүп ал. Өкүмдарлык, бийликти эңсесе ким! Иши менен илимди бириктирсин. **Бек**тигиң, улуктугуң келет-кетет. Дөөлөт оту бир күйүп, бирде өчөт. **Бекмин** деп чакчылырып мактанбагын, Мактанбасаң өзүңдү сактаганың. **Бек** бактылуу — элине берсе бакыт, Карды токто калкы да жатат чалкын. **Бек** деген — бермети көп деңиз сымал, Жээкте жашагандын байдыгы артык!» **Бек** тоо да алтын менен күмүш берер, Канчалык терең казса бай болот эл. **Бек** болсун кең дасторкон, колу ачык, Бүтүн эли бай болот, ырысы ашып. [5:378-385])* жана *тархандар* башкарган. *Хакимдер* менен *раистер* шаарлардын, *көкчүн сакалдар, чубандар* (орун басарлары) айыл-кыштактарды бийлешкен. Кан тактысы мурасталып, ал анын балдарына – *текиндерге* өткөн. *Текиндер* ата тактысына отурган же *иликхан* (кичине кан) титулун алып, өлкөнүн бир бөлүгүн жетектеген.

Аталган чыгармадан дагы мисал келтирип көрөлү:

*Алардын бири **кадий** элиң үчүн,*

*Эң калыс адам болсун ушул кишиң,*

*Экинчиси, эл үчүн адилеттүү,*

*Ыйык жан, эң такыва — **халиф** дечи.*

*Үчүнчүсү **увазир** керек киши,*

*Ушуга жамы журттун түшөт иши.*

***Увазир беги** үчүн жолду табат,*

*Ал элди, **бекти** дагы тескеп турат.*

***Увазир** баштап кетсе башка жолго,*

*Билип кой: бардык ишиң тетир кылат!*

*Булардан башка дагы **мухтасиб** бар,*

*Кубаттуу, күчтүү колдуу болсун алар [5:383].*

Мында **кадий** - сот тергөөчү, **халиф** - бийлик ээси, **увазир** - хандын кеңешчиси, жардамчысы, иш башкаруучусу, **мухтасиб** - өлкөдө тартипти, заңды көзөмөлдөөчү адам деген мааниде колдонулуп, ошол мезгилдеги саясий терминдердин катарын толуктап турат.

Жогоруда аталган саясий терминдерден сырткары **"кут"** сөзү да кеңири кездешет, Алсак,

***Кут*** *даарыды, өстү калктын өрүшү,*
*Бир жайылды козу менен бөрүсү.*
*Заң түзүлүп акыйкат, бекемделип,*
*Жыргал күндө жашады* ***куттуу*** *Элик*
*Куттуу жандын чырайы жаркып турат,*
*Байлыгы артып, ырайы балкып турат.*
*Жооп айтты Акдилмиш:* ***Кутман*** *Элик,*
*Ал адам асыл болсун, дили бийик* [5:84].
*Улууларды урматта акылын ук,*
*Улуунун сөзүн уксаң —* ***кутуң*** *өнөт!* [5:308].

Мында саясий бийликтин синоними - *кут*. Байыркы түрк тилиндеги *кут* сөзү - омоним: 1. «душа; жизненная сила, дух»; 2. 1) «счастье, благодать, благополучие, удача; успех; счастливый удел»; 2) *перен.* достоинство, величие; 3) *рел.* состояние истинного бытия, благоженства (обычно о будде, орхате) [3: 472-473].

Бул лексема илимпоз Б.И.Борубашовдун пикиринде, төмөнкү семаларды туюнтат: *«... слово «кут» может быть употреблено в значении «политическая сила, сила государства», потому что для достижения успеха в войнах необходимым условием является не ощущение счастья, а обладание политической силой и величием»* [1: 122].

Ошол доордо айрыкча Жусуп Баласагындын айтылуу дастанында саясий терминдер өзгөрүүлөргө учураганы маалым. «Кутадгу билиг» дастанында *бодун* (эл) *бай, орта* жана *чыгайлардан* (кедей-кембагал) турары айтылат. Күнкор эл *райят деп* аталган. Бийликке каршы эл наразылык актысына да чыгып турушкан. Мисалы, 1207-жылы букаралык кол өнөрчүлөр Садр Бурхан ад-дин Мухаммедге каршы чыгышып, анын «садр-и жахан» (белгилүү ишкер) титулун «садр-и жаханнам» (тозоктун ишмери) деп аташкан.

Орто кылымдын баалуу мурасы катары эсептелген "Куттуу билим" сыяктуу эле М.Кашгаринин «Дивану лугат-ит-турк» эмгеги да түрк элдери жана түрк тили үчүн чоң табылгы. Ал эмгекте да 70тей коомдук-саясий термин кездешет. Мисалы, *бэг* «бек, князь», *бэглик* «бектик», *бай* «бай», *байрак* «байрак», *улуглык* «жогорку чин», *туг* «кандын жанындагы барабан», «бунчук», *тамга* «мөөр», *тархан* «бек» ж.б.

Демек, орто кылымдарда түрк мамлекеттеринде мамлекеттик башкаруу системасы түптөлүп, улам анын өзөгү өсүп, борбордук бөлүгү толуп, татаалдаша баштаган. Өз доорунун саясий абалы сыяктуу эле ошол мезгилде колдонулган саясий терминдер да бийлик аталыштарын, башкаруу түшүнүктөрүн туюнтуп, тилдеги лексикалык катмарды жараткан.

Жыйынтыктап айтканда, "Куттуу билим" дастанын ар тараптан: лингвистикалык, философиялык, психологиялык, идеологиялык, этномаданий, тарыхый жана башка жактан дагы да терең изилденип, коомчулуктун калың катмарына жеткирилүүгө тийиш.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Борубашов Б.И. История государства и права кыргызской республики: учебник. Т. 1. С древнейших времен до начала XX в. [Текст] /Б.И.Борубашов. Бишкек, 2015. - 358 с.
2. Будагов, Л. З. Сравнительный словарь турецко-татарских наречий [Текст]: в 2-х т. / Л. З. Будагов. − М.: Изд-во вост. лит., 1960. − Т.1. − 816 с.
3. Древнетюркский словарь. - Л.: Наука, 1969.
4. Жусуп Баласагын. Кутты билик. (казак тилине которулган). - Алмата: Жазушы,1986.
5. Жусуп Баласагын. Кут алчу билим (кыргыз тилине которгон Т.Козубеков). - Фрунзе: Кыргызстан, 1988.
6. История Киргизской ССР, 1984: 308-319.
7. Сыдыков С. Баласагындык Жусуптун “Кут билими” // Кыргызстан маданияты, 1989, 30-май. 6. Артыкбаев К. Акыйкат сабагы. - Б., 1991. -
8. Юсуф Баласагунский. Благодатное знание. - М., 1984.

УДК: 82-1/-29

**Аринова Ж.Т.**
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Ош шаарындагы гуманитардык табигый илимдер факультети
**Аринова Ж.Т.**
Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына, Гуманитарно естественно-научный факультет в г. Ош
**Arinova J.T.**
Kyrgyz National University named after J. Balasagyn, faculty of Humanities and Natural Sciences in Osh

## КОЖОГЕЛДИ КУЛТЕГИНДИН “КОНТААЖЫНЫН СҮЙҮҮСҮ” ПОЭМАСЫНДА ЭЛДИК МУРАСТЫН КӨРКӨМ ИНТЕРПРЕТАЦИЯЛАНЫШЫ
## ХУДОЖЕСТВЕННАЯ ИНТЕРПРЕТАЦИЯ НАРОДНОГО НАСЛЕДИЯ В ПОЭМЕ “ЛЮБОВЬ КОНТААЖЫ”
## ARTISTIC INTERPRETATION OF FOLK HERITAGE IN THE POEM “KONTAAJ`S LOVE” BY KOJEGELDI KULTEGINA

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада акын Кожогелди Култегиндин “Контаажынын сүйүүсү” поэмасындагы элдик мурастын интерпретациялоодогу чеберчилиги изилдөөгө алынды. Ак-Мактым жөнүндөгү элдик уламыш кыргыз элинде гана эмес, хакас, уйгур фольклорунда да кездешет. Акын элдик сюжеттик өзөк окуяларды сактоо менен поэмада башкача мүнөздө көркөм-эстетикалык, философиялык чеберчиликте ишке ашкан. Элдик оозеки чыгармачылыктын мыкты үлгүсү болгон “Ак-Мактымды” акын бул поэмасы аркылуу профессионал поэзиянын тилинде көркөм интерперетациялаган. Алты бөлүмдөн турган поэманын беш бөлүмүндө кайталанган лирикалык каармандын жүрөк жөнүндөгү ой толгоосу, баарлашуусу адам баласындагы улуу сезимди даңазалаган. Кожогелди Култегин

таланттуу сүрөткер катары “Контаажынын сүйүүсү” поэмасы аркылуу фольклорду профессионал адабиятка трансформациялоонун үлгүсүн көрсөтө алды.

**Аннотация:** В статье поэта Кожогелди Культегина исследовано мастерство интерпретации народного наследия в поэме «Любовь Контаажы». Народное предание об Ак-Мактыме, сумевшее описать трагическую точку калмыцкой резни, есть не только в кыргызском народе, но и в хакасском и уйгурском фольклоре. Поэт сохраняя в поэме основные события народного сюжета, достиг иного художественно-эстетического и философского мастерства. Став лучшим примером устного народного творчества «Ак-Мактым» поэт Кожогелди Култегинов, через поэму «Любовь Контаажы» художественно интерпретировал, введя на профессиональный поэтический язык. В шестиглавой поэме, в пяти главах повторяются сердечные переживания лирического героя, и воспевание великого, человеческого чувства. Кожогельди Культегин как талантливый художник смог показать через поэму «Любовь Контаажы» пример, как фольклор трансформировал в профессиональную литературу.

**Annotation:** The article by the poet Kozhogeldi Kultegin examines the mastery of interpreting the folk heritage in the poem “Kontaaj`s love”. The folk legend about Ak-Maktym, which managed to describe the tragic point of the Kalmyk massacre, is not only in the Kyrgyz people, but also in the Khakass and Uyghur folklore. The poet, preserving the main events of the folk plot in the poem, achieved a different artistic, aesthetic and philosophical mastery. Having become the best example of oral folk art "Ak-Myktym", the poet Kozhogeldi Kulteginov, through the poem “Kontaaj`s love” artistically interpreted, introducing it into professional poetic language. In the six-chapter poem, in five chapters the heartfelt experiences of the lyrical hero are repeated, and the glorification of a great, human feeling. Kozhogeldi Kultegin, as a talented person, was able to show through the poem “Kontaaj`s love” an example of how folklore was transformed into professional literature.

**Негизги сөздөр:** фольклор; поэма; тарых; Ата-журт; сүйүү; патриотизм; поэтикалык чеберчилик.

**Ключевые слова:** фольклор; поэма; история; Отечество; любовь; патриотизм; поэтическое мастерство.

**Keywords:** folklore; poem; history; Fatheland; love; patriotism; poetic skill.

Таланттуу акын Кожогелди Култегиндин “Контаажынын сүйүүсү” аттуу поэмасы кыргыз элине кеңири тараган “Ак-Мактым” уламышына негизделип жазылган. “Ак-Мактым” кыз жөнүндөгү элдик уламыш-окуя Ю. Бостонов, А.Токторбаев, М. Зулпуев, К. Жоошбаев, Тоголок Молдо ж.б. варианттарында ыр аралаш кара сөз түрүндө айтылып, комуз күүлөрүнө чейин жашап келе жаткандыгы белгилүү. Ал түгүл, хакастарда “Абахай-Пахта”, уйгурларда “Махтум - сула” деген ат менен оозеки адабияттарында айтылып келет.

Тарыхый жагын алып көргөндө изилдөөчү Т. Абдыракунов Могулистан менен ойроттордун (калмактардын) өз ара саясий мамилелеринен чыгарат. “Бул тарыхый учур кыргыз, казак, өзбек элдери калмактарга каршы күрөшкөн мезгилин камтыйт. Ошол учурдан калган уламыш бара-бара поэмага айланганы көрүнүп турат. “Ак-Мактым” кыз жөнүндөгү уламыштын узакка созулган тарыхый тагдырында ар түрдүү варианттарында бир нече

толуктоолорго жолукканын көрөбүз. Варианттарында кээ бир окшошпогон мотивдер персонаждардын аттарын жолуктурабыз. Ушунун өзү эле бул уламыш элдин айтымында узун эволюциялык жолду басып өткөнүн далилдеп турат жана акырындык менен уламыш поэма түрүндө өнүгө баштаганын көрөбүз [1, 11]. Изилдөөчү элдик мурастын поэма түрүндө өнүгө баштаганын туура иликтөөгө алган.

Көрүнүп тургандай, элдик оозеки чыгармачылыктын мыкты үлгүсү болгон “Ак-Мактымды” акын Кожогелди Култегин “Контаажынын сүйүүсү” аттуу поэмасы аркылуу профессионал поэзиянын тилине салып көркөм интерперетациялаган. Чындыгында эки башка көркөм дүйнөнүн карым-катышы татаал маселе. Окумуштуу Б.Темирова таамай айткандай: жазма адабият менен фольклордун байланышы, карым-катышы адабият таануу илиминде олуттуу маселелердин бири. Адабий өнүгүүнүн мындай фундаменталдуу негизин түзүп турган көркөм синтездин болушу мыйзам ченемдүү көркөм кубулуш болгону менен ар бир улуттук адабиятта ар башка мүнөздө, түрдүү деңгээлде өздөштүрүлүп, тарыхый узак жолду басып өттү.

Фольклор адамзат коомундагы феноменалдык көрүнүш болгондуктан жазма адабияттын кайрылышы, социалдык-тарыхый факторлор, бири-бирин байытуу процесси, көркөм-эстетикалык тажрыйба жана фольклордук чыгармачылыктан индивидуалдуу чыгармачылыкка өттү жолдорунун тарыхый маселеси илимий-теориялык методологиялык жагы адабиятчылар менен фольклористтер тарабынан кеңири иликтенбей келе жатат.

Көрүнүп тургандай, турмуш чындыгын көркөм аңдаштыруу жана чагылдыруу, туюнтуу ыкмалары, тили боюнча фольклор менен жазма профессионал адабиятта эки башка деңгээлде ишке ашырылат” [8, 4]. Ал эми окумуштуу П.Г. Богатыревдин аныктамасы боюнча: “фольклор чыгармачылыктын өзгөчө түрү, адабий чыгармачылык, адабий салт «фольклордук салттан кескин айырмаланат» деген аныктама да жөн жеринен жарала калган эмес” [ 3, 369].

Элдик оозеки чыгармалар ар бир улуттун тарыхый тагдыры, дүйнө таанымы, маданий, руханий байлыгы. Кыргыз профессионал адабиятынын “генетикалык негизине” көркөм-эстетикалык тажрыйбасына, бардык жанрлардын калыптанышына өсүп-өркүндөшүнө “Манас” үчилтиги баштаган өтө бай элдик оозеки мурастар чоң роль ойноду.

Окумуштуу М. Борбугулов: “Тарыхый жактан алганда кыска мезгилде жаралып, калыптанып жана өсүп-өнүккөн дүйнөлүк адабияттардын деңгээлине жеткен адабият болуп калуу үчүн кыргыздын ар тараптан өнүккөн, өтө бай оозеки чыгармачылыгы нары жерпай, нары арсенал болуп берди. Ошон үчүн кыргыз адабиятынын фольклор менен болгон байланышы атайы жана тереңдеп сөз кыла турган маселе” [4, 347], – дейт.

Чындыгында кыргыз оозеки чыгармачылыгы абдан бай, профессионал адабият үчүн түгөнгүс көркөм кенч эмеспи. Кожогелди Култегиндин “Контаажынын сүйүүсү” аттуу чыгармасы да элдик поэманын уюткусунда жазылып, анын сюжеттик негизи алты бөлүмдөн туруп, ар бир бөлүмдөгү окуялар ыраатуулук менен өнүгүп, элдин тарыхы, түркүн адам тагдырлары, мүнөздөрү, нравалык маселелелер таасын ачылып берилген. Чыгармадагы башкы көөнөрбөс идея махабат, сулуулук, Ата Журт. Ошондуктан автор: “азыр мага Ак-Мактымдын көздөрү, Ата-Мекен сезилүүдө мелжиген”, - деп тегин жерден айтпаган чыгаар.

Поэмадагы окуялар калмак баатыры Контаажынын өзү тарабынан эскерилет.

Биринчи бөлүмдө калмактардын кыргыздарга баскынчылык согушу баяндалып,

трагедиялуу бир көрүнүш мындайча сүрөттөлөт. Ак-Мактым баштаган кыздар көл жээгинде эс алып, аккуудай болуп сүзүшүп, бейкапар каткырык салып, бактылуу олтурушканда душмандар кол салган окуяны жүрөк титиреткен сценада сүрөттөгөн. Ушул окуяга катар калмактар капыстан баатыр кыз Ак-Мактымдын көлдө эс алып жүргөн кырк кызын четинен кылычтап, "жыпжылаңач көрүнүп", кан жайылып, "калдайган көл союлуп" бараткандай тири шумдук трагедия көз алдыңа көркөм тасмадай таасын тартылып өтөт. Автор дароо окурмандын көңүлүн дарыяда агып келе жаткан чачка бурат, калмак ханы Контаажы: "чачтын узун, дарыядан кыскараак, чатышкан бир чач келатат, кысталак!" [ 6, 82], - деп кыйкырган үнү кулакка жаңырат.

Поэмада автор кыздын "чачын" деталь катары чебер колдонуп, андан аркы окуянын өнүгүшүн Ак-Мактымдын тагдыр-таржымалына байлап берет. Ошондо Контаажы хан айтылуу кыздын чачы экендигине таң калат, анын ашкере сулуулук менен аруулук зыйнатын, сырт көркүнүн тунуктугун, керемет бой турпатын, мырза мүнөзүн көңүлүнө чөгөрүп, кумар ышкысы ойгонуп турган мезгилди калемгер таамай кармап, кылдат түшүргөн.

Акын Ак-Мактымдын сулуулугунун көркүн ашырган элдин санжыра сөзүнө айланган. Акын баатыр кыздын тагдырын чечер чачтын образын укмуштай чагылдырат. Арийне Ак-Мактымдын кырк кулач чачы сууда калкып агып келип Контаажыга таптырган эмеспи.

Акын өзүнүн каарманына махабат чындыгы кандай албан күч экендигин ырастап сездирип, бир кырдаалдан экинчи кырдаалга коюп, анын рухий дүйнөсүнө аял затынын тийгизген улуу нурун, сезимдерин тазартып турууч теңдешсиз касиеттин чеберчилик менен көрсөтө алган. Ошондо көлдөгү кыздарды четинен кырып жаткан жоокерлерине Контаажы хан буйрук берип: "жеңилди аттар, зоот кийимдер, куралдар, жөө, жылаңач бир сулуунун чачына!"- деп жатпайбы.

Чыгармада поэтикалык ой конкреттүү, көркөм образ жеткилең, автордун сезим таразачылдыгы сакталуу, баары бири-бирине ширелишип турат. Адам адам болуп өзүн таба баштаган мезгилден бери ырдалып келе жаткан махабат жаңы поэтикалык формага салынып, башкача түс-боектор менен аземделип, башкача эстетикалык таасир калтырып турганы акындын чеберчилиги. Калмак ханы Контаажы Ак-Мактымдын көз тайгылткан сулуу гана эмес, оозунда сөзү бар, элдин каада-салттын сыйлаган нарктуу, ары баатыр кыз экендигин жазбай баамдап, анын: "Кыргыз деген кылымда бир өлтүрбөйт, кыз-келинди томурайтып жылаңач"- деген чындык сөзүнө сынып, жанына өлчөгөн тулпары Чаар-Кашканы тартуулап: "кырылган бул кырк кызыңдын өлүгүн, кырк жигитке жөө көтөрүп жеткирем" - деп башын ийип таазим кылып жатканы көп нерсени туюндурат.

Поэманын экинчи бөлүмүндө Контаажынын Ак-Мактымга болгон махабат сезими, психологиялык абалы күчтүү берилип, хан тартуулаган тулпары Чаар-Кашкага кырк калмактын башын артып кайра өзүнө айдап жиберет, ар бир барган жуучулардан жиберген тартууларды бейкүнөө набыт болгон кыздардын жакындарына жиберип: "кызыңардын куну мына, кулу мына, кыраан тайчы жиберди", - деп, кырк кыздын куунун кууп, кырк миң "жуучуну" кырга келип олтургузуп, "он алты күн" дегенде калмак ханынын айласын алты кетирип, коштогон жоокерлердин баарын куралын көлгө таштатып, өзүн ардактап "туу" сымал алып келишкени, кыздын чечкиндүүлүгү, акылынын тунуктугу, адамдык улуу насили

таасирдүү баяндалат.

Поэманын үчүнчү, төртүнчү бөлүмүндөгү окуялар тутумунда Мактымдын “кабагындагы музу эрибей”, түнөрүп туруп алганынан улам, хан ага өчөшүп орго салдырат. Бирок, орго салдырганы менен өзү күндө келип кабар алып, көңүлүн таба албай, чимирилип жүргөндө Ак-Мактым жоокерлериң мага көзүн артып жатат дегенде баарын өлтүртүп таштайт. Поэмада “камчы-жылан” эпизоду бар. Бир билерман “камчы жасап кара тирүү жыландан” Контаажынын колуна карматат, “кайдыгерлик кайсы жанды каптаса, камчы-жылан кууп чыгат таптаза” деп ишендирет. Ошондо “камчы-жыланын” көтөрүп алып, ородогу кызга түшөт. Аңгыча “камчы-жылан” хандын мойнуна оролуп, каттуу кысканда аба жетпей жыгылып бараткaнда “карбаластап... таппай Мактым баш-учун, канжарга илип, жара тартты жыланды, калмак болгонуң менен журттун башчысың”,-деп куткарып калат.

Ошондо Ак-Мактымга ыраазы болгон Контаажы ордосуна алып келип, кыздан дагы бир жолу адамдык нарк насилди, асылдыкты көрө билип баалайт. Убакыт өтүп Контаажы Ак-Мактымдын шарты менен “сүннөткө” олтуруп, экөө баш кошот. Автор Контаажынын Ак-Мактымга болгон улуу махабаттын ачып бериш үчүн ушул төрт сап ырды улам кайталап берет. Поэмада акын элдик көркөм дөөлөттөргө башкача өңүттөн карап, Контаажынын Ак-Мактымга болгон сүйүүсүн эргип жазган, натыйжада нравалык, философиялык сабактарын абдан тереңдеткен.

Окумушту П. Ирисов: “кантсе да мурастарга кайрадан, башкача өңүттөн көрө билип, ал баалуулуктарды азыркыларга ачып берүү процесси жаңы жолго түштү. Ошол көркөм байлыктын фонтандай атырылган идеяларынын ичинде азыркыга чейин эч ким жеткилең айтпаган орошон окуя – Контаажынын Ак-Мактымга болгон сүйүүсү эле. Бул дастанды жараткан ырчылар деле, күү чыгарган комузчулар деле муну адам турмушундагы бир трагедиялык окуя катары сүрөттөө менен чектелишкен. Биздин Кожогелди ошол сүйүүнүн күчүн азыркыча көрө билип, дилгир акын катары туюнтуп, окурмандарга ченемсиз дем-күч менен жеткирет”[5], дейт.

Аалымдын таамай айтылган оюна кошулабыз. Анкени Кожогелди Култегин элдик мураска кайрылуу менен алардагы сюжет, мотивдерди, деталдарды, каармандардын образын чеберчилик менен колдонуп, өзүнүн азыркыча философиялык-нравалык идеяларын чагылдыра алган. Маселен, элдик вариантта да, поэмада да Мактымды алган калмак хандары анын чачын белине ороп жатканы тууралуу баяндалат. Дастанчы Ю. Бостоновдун варианттында бул окуя мындайча айтылат: “Асан паша кырк күн той берип Мактымды алат. Паша Мактымды качып кетпесин деп, жатканда кырк кулач чачын белине ороп, эмчегин соруп жатчу экен. Үч жылга чейин Мактым кантип качарынын айласын таппайт. Бир күнү Мактым Телтору атын желенин жанынан көрүп, үйү, акелери эсине түшүп, качуунун айласын ойлойт. Кечинде бир койду союп, Асан пашага арак ичирип, мас кылып уктатып коет. Белине, өзүнүн чачынын ордуна, жылкынын куйругун алып келип ороп, койдун өпкөсүн экиге бөлүп, бир кесимин пашанын колуна, бир кесимин оозуна салып коюп Телторуну токуп качып жөнөйт” [7, 421].

Кожогелди Култегин да “Ак-Мактым” поэмасына темасына кайрылганда андагы өзөккө өрүлгөн окуялардын типтүүлөрүн өзүнүн сезим ченемине салып, жети өлчөп бир кесип туруп, көркөм ой жүгүртүнүн элегинен өткөрөт. Окумуштуу К. Бобулов адилеттүү айткандай: “Фольклордун таасиринен четте турган жазуучу, акын дүйнөдө болбосо керек,

элдин учкул кыялдары, учкул сөздөрү, таң каларлык жоруктары-ушулардын баары туура пайдалана билген художник үчүн чоң табылга. Чыныгы художник элдик оозеки чыгармачылыктын канондорунун туткуну болбой, аны өзүнүн “лабороториясында” кайрадан жууруп чыгыш керек”[2, 143]. Автор элдик оозеки чыгармалардагы материалдарды жөн эле кайталап койбостон аны чыгармачылык менен кайрадан иштеп чыгып, жазма поэзиянын тилинде сүйлөтүп чыгуу маселесин көтөрүп жатканы абдан маанилүү, бүгүн да актуалдуулугун жогото элек.

Ошентип, поэманын соңку бөлүмдөрүндө Контаажыдан Ак-Мактым уул төрөйт. Анын драмасы, үзүлбөс үмүтү мекенге болгон кусалыгы, чексиз сүйүүсү. Чыгармада Ак-Мактымдын өз жерине качканына байланыштуу акын түш көрүү мотивин абдан чеберчилик менен колдонот. Калмак ханы Контаажынын түшүндө күн алай-дүлөй, будуң-чаң, асманда жамгыр эмес чач жаап жатат, адамдар ар тал чачка асынууга киришип, бир убакта чач асманга көтөрүлүп, элдин баары кайда белгисиз жакка жоголот, ошондо жалгыз өзү калып, буркан-шаркан дарыяга боюн урат, бир убакта чоң ташка капталып туруп калганда бир аял “бир жак өрүм чачты” ыргытканда ага уланып баягы муздак “камчы-жылан” оролошуп сууга кулаганда чоочуп ойгонуп кетет. Караса Контаажынын жанында Ак-Мактым жок, оронгону аттын куйругу, мычкый кармаганы муздак өпкө.

Элдик варианттагы Мактым Контаажыны мас кылып уктатып, чачынын ордуна жылкынын куйругун ороп, койдун өпкөсүн колуна карматып койгонун акын калмак хандын түшү аркылуу көрсөткөнү чыгармачылык изденүүнүн чеберчилиги. Элдик поэманын сюжеттин кайталап койбостон көркөм электен өткөрүп, таасирдүү, жандуу сүрөттөп берүүгө жетишкен.

“Ак-Мактымдын” элдик варианттында да Кожогелди Култегиндин поэмасында Ак-Мактым калмак ханынын адамча мамилесин, улуу сезимин баалап, беш жыл бирге жашап уул төрөйт, бирок аргасыз баласын калтырып элине качат. Ак-Мактымдын мекенине качканы санжыра болуп баяндалат. Чыгармада Ак-Мактым куйругу кесилген Чаар- Кашка тулпарды мине качат, артынан куугун түшүп, аркы өйүздө күйүп-жанып турган Контаажы: “Айтчы мага? Сурабаймын бөлөгүн, анча экенсиң-эмне эркелеп... төрөдүң? Эр жигитче эсти оодарган сүйүүңдү, эстүү аялча ак уул менен төлөдүм.... [6,108], - деген орошон ойго бай, чагылгандын учкунундай оттуу сөзү окурманды ойлондурбай койбойт.

Поэмада кызыктуу тарыхый окуялар, чиеленишкен адам тагдырлары, баатырдык дух, алоолонгон махабат, трагедия менен күчтүү драматизм, реализм менен образ-символдор, жалындуу эмоциялык дем, бай мазмунга ширелип өзүнчө бир керемет көркөм дүйнөгө айланган.

Чыгарманын соңунда Ак-Мактымдан ажыраган соң “кыйла жылдар жердеген кыргыз жери” бөтөн жерге айланып, баласын тулпарга мингизип, “ак жолтой бол, ак жолго сен башта деп”, жоокерлерин дүпүрөтө ээрчитип, түпкү мекенине кайтат. Алар ашкан тоо “Калмак ашуу” деген атты калтырат. Ошентип, эпикалык мураска акын талантынын нурун сиңирип, өзгөчө жыт берип, башкача өңүттөн карап керемет чыгарма жарата алды. Сүрөткер улуттук тилибиздин корун байытууга, андагы сөз маанилерин жаңыртып, түрлөнтүүгө да салымы эбегейсиз салымы чоoң.

Жыйынтыктап айтканда, таланттуу акын Кожогелди Култегиндин “Контаажынын сүйүүсү” аттуу залкар поэмасы аркылуу көөнө мурасты жаңыртып, кумдан алтын

издегендей, өзүнө таандык стили аркылуу тарыхый сабактарын тереңдетип, ата-бабалардын нарк-насилин, ишенимдерин, ыйман-ариеттин бүгүнкү заман агымы менен байланыштырып урпактарга өткөндү таанып билүүгө, түпкү тамырын сезүүгө, акыл калчап үйрөнүүгө, таалим-тарбия алуунун үлгүсүн көрсөттү.

Азыркы турмуштун талап муктаждыгына ылайык, мурасты башкача өңүттөн көрө билип, улуттук баалуулуктарды, жетишпей жаткан нравалык "абаны" издейт. Кожогелди Култегин эч кимди кайталабаган чылк талант корунан бүткөн поэтикалык дүйнөнү жарата алды.

**Колдонулган адабияттар**


1. Абдыракунов Т. Ак Мактым.. - Ф., Кыргызстан, 1983. - 103 б.
2. Бобулов К. Фольклор жана адабият: Адабий сын макалалар. - Ф., 1980-268 б.
3. Богатырев П.Г.Фольклор как особая форма творчества. - М., Наука, 1971.
4. Борбугулов М. Адабият теориясы: Окуу китеби.. - Б., Шам, 1996.
5. Ирисов П. АЙ-ДАА, Кожогелди. Кыргыз-Туусу. 2004-жыл. 20-22-июль.
6. Кожогелди Култегин. Чыгармаларынын беш томдугу: Поэмалар, дастандар. 3 том. - Анкара. 2020. - 335 б.
7. Кыргыз адабиятынын тарыхы: Кенже эпостор жана поэмалар. 3 том. (А. Акматалиевдин жалпы ред. астында). - Б., Шам, 2004. - 676 б.
8. Темирова Б. "Манас" үчилтиги менен кыргыз поэзиясынын карым-катнашы. - Б., Аят, 2016. - 144 б.


УДК 81


**Асанова Г. А., Макамбаева А. Б., Осмонова А. О.**

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Ош шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультети

**Асанова Г. А., Макамбаева А. Б., Осмонова А. О.**

Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына, Гуманитарно естественно-научный факультет в г. Ош

**Asanova G. A., Makambayeva A. B., Osmonova A. O.**

Kyrgyz National University named after J. Balasagyn, faculty of Humanities and Natural Sciences in Osh


## ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН ЭКОНОМИКАЛЫК ОЙЛОРУ
## ЭКОНОМИЧЕСКИЕ ИДЕИ ЮСУФА БАЛАСАГУНИ
## THE ECONOMIC IDEAS OF YUSUF BALASAGUNI


**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада XI кылымдагы байыркы түрк мамлекетинин улуу ойчул жана көрүнүктүү мамлекеттик ишмери – Жусуп Баласагындын негизги экономикалык

идеялары чагылдырылган. “Куттуу билим” поэмасындагы акылман насааттарда түрк мамлекеттеринин башкаруучулары ошол мезгилдеги көптөгөн экономикалык көйгөйлөрдү карап, аларды чечүүнүн конкреттүү жолдорун көрсөтүп келген.

**Аннотация:** В статье отражены основные экономические идеи великого мыслителя и выдающегося государственного деятеля древнетюркского государства XI века – Юсуфа Баласагуни. В мудрых наставлениях, содержащихся в поэме «Кутадгу Билиг», правители тюркских государств рассматривали многочисленные экономические проблемы того времени и предлагали конкретные пути их решения.

**Abstract:** The article reflects the main economic ideas of the great thinker and prominent statesman of the ancient Turkic state of the 11th century, Yusuf Balasaguni. In the wise admonitions contained in the poem *Kutadgu Bilig,* the rulers of the Turkic states addressed numerous economic problems of that time and proposed concrete ways to solve them.

**Негизги сөздөр:** эмгек; мал чарбасы; дыйканчылык; кол өнөрчүлүк; казына; салык; товарлардын наркы; социалдык иерархия.

**Ключевые слова:** труд; животноводство; земледелие; ремесло; казна; налог; стоимость товаров; социальная иерархия.

**Keywords:** labor; animal husbandry; agriculture; handicrafts; treasury; tax; commodity value; social hierarchy.

Азыркы Борбордук Азиянын эгемендүү мамлекеттеринин жана эгемен Кыргызстандын аймагында жашаган түрк урууларынын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүү тарыхында XI кылым маанилүү орунду ээлейт.

Дал ислам дини, араб тили жана маданияты кирип, жайылгандан кийин түрк урууларынын жана мамлекеттеринин материалдык жана руханий маданиятынын өнүгүү даражасы бир топ байыгандардын бири болгон.

Араб экспансиясынан кутулган түрктөр IX-X кылымдарда акырындык менен Батыш багытында агрессивдүү миграциясын улантып, ошол мезгилде бүткүл Евразия мейкиндигинде континенттин башка алдыңкы мамлекеттери менен эң күчтүү мамлекеттердин бири болуп эсептелген.

Түрктөрдүн аскердик-саясий жана экономикалык-маданий тармактарда жетишкен ийгиликтери, биздин оюбузча, алардын этникалык өзүн-өзү аңдоосун бир топ жогорулатты, анын бир көрүнүшү XI кылымда түрк тилинин ар тараптуу өнүгүшү жана жайылуусу болду.
Түрктөрдүн патриоттук өзүн-өзү аңдоосунун тез өсүшү түрк окумуштууларынын, акындарынын жана ойчулдарынын өздөрүнүн адабий жана илимий эмгектерин өз эне тилинде басып чыгарууга болгон каалоолорун бир топ жогорулатты. Бул өз кезегинде бул эмгектердин башка элдерге таралышына, түрк тили, материалдык жана руханий маданияты менен таанышуусуна шарт түзгөн.

Түрк мамлекеттеринин өнүгүүсүндөгү ушул социалдык-экономикалык жана этномаданий процесстин өнүгүшү менен, биздин оюбузча, XI кылымда дүйнөлүк маданияттын бир катар шедеврлеринин байыркы түрк тилинде пайда болушу да байланыштуу.

Бул тизмеде улуу ойчул жана чыгаан инсандын атактуу “Куттуу билим” жалпы

көлөмү 13444 ыр сабын түзөт, 85 бөлүм жана 6520 биттен турган поэмасы ардактуу орунду ээлейт. Орто Азиянын орто кылымдардагы мамлекеттик ишмери жана таланттуу акын Жусуп Баласагын (1015 (1016) – XI к.).

Түрк башкаруучуларынын, башкаруучу табынын жана бүтүндөй калктын өкүлдөрүнүн атактуу насаатчысынын поэмасынын өзөгүндө эл арасындагы акыл жана болуунун диалектикалык жалпылыгы белгиленген:

Жараткан адамдын макулуктар арасында мындай деп белгиледи:
Ал билим жана акыл менен жарык болду.
Ал акылы менен да, сөзү менен да айырмаланып турган,
Ага келбет берип, иш-аракетинде акылдуу кылган.
Кудай кимге билим жана акыл берген,
Аны жакшылыкка насаат кылды...[1, б.46]

Жусуп Баласагын жалпы эле эмгектин өзгөчөлүктөрү менен чектелбестен, эмгек ишмердүүлүгүнүн айрым түрлөрүнө: малчыларга, дыйкандарга, кол өнөрчүлөргө, соодагерлерге (соодагерлерге), окумуштууларга, дарыгерлерге ж.б.

Мисалы: Алсак, ал мал чарбасы менен (Орто Азиянын орто кылымдардагы мамлекеттеринин дыйканчылык тармагындагы дыйканчылыктын негизги формасы) иштеген адамдардын түйшүктүү жана оор эмгегин кантип даңазалайт:

Эл арасында малчылар да бар.
Кой, жылкы кайтарышат.
Оор жүктү аркаңа көтөрүп,
Аны алып салууну ойлонушпайт да.
Калган дүйнө алардын ырыскысынан алат
Бээнин кымызы менен койдун сыры.
Эт жеп, тери кийгендерден,
Алардын эмгегисиз эч ким жашай албайт.
Бул адамдар сага да пайда
Ошондуктан, аларды баалай бил жана аларды ая.
Аларга адамдардай мамиле кылгыла
Алар сураганын бер, алардан керектүүсүн ал [2, б. 142–143].

Менчик мамилелеринин системасында, белгилүү болгондой, жерге менчик формасы негизги орунду ээлейт. Ошентип, көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылыгы үчүн эң ыңгайлуу болгон талаа зоналарында жайгашкан феодалдык түрк мамлекеттериндеги жерге ээлик кылуунун формалары өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөргө ээ болгон. Бул өзгөчөлүктөр, өзгөчө, жерге ээлик кылуу мамилелеринде төмөнкүдөй болгон. Эгерде дыйканчылык жана отурукташкан жайыт жерлеринде (азыркы кыргыз жерлеринин аз гана бөлүгүн түзгөн) жер участокторуна менчиктин борбордук хан (мамлекеттик) жана спецификалык (бек, бай) формалары өнүккөн болсо, анда көчмөн жана жарым-жартылай жерлеринде көчмөн малчылар, жайыттарга мамлекеттик-коммуналдык менчик жер сакталып калган.

Байыркы түрк уруулук (корпоративдик) жамаатында коомдук өндүрүш, бир жагынан, жайыт аймагына (мал чарбачылыгынын негизги шарты) жана суу булактарына жалпы (общиналык, урук) ээлик кылуу менен мүнөздөлгөн дуализм системасы үстөмдүк кылган. , экинчи жагынан, үй-бүлөнүн жеке менчик малга (негизги өндүрүш каражаты) жана башка

мүлккө.

Бирок, кошуналардын башкаруучулары көп учурда жамааттык жайыт жерлерин жамааттын башка мүчөлөрү менен макулдашылбастан, өз каалоосу боюнча тескөө укугуна ээ болушкан.

Жусуп Баласагун өзүнүн ырында түрк мамлекеттеринде орун алган дуализм системасы жөнүндө сөз кылып, өзүнүн эмгегинде көчмөн жана жарым көчмөн малчылардын кыймылсыз мүлкү жок экендигин, б.а. жер, бирок алар жеке менчик үй жаныбарларынын ар кандай түрлөрүнүн көп сандаган үйүрлөрүнө ээ.

Дыйканчылык менен алектенген жердештеринин эмгектик ишмердүүлүгүн баяндап, даанышман насаатчы бул тууралуу ырында төмөндөгүлөрдү белгилеген:

Адал эмгек бизди багып, дыйкандарды,
Алар кедей жана белгисиз адамдар болсо да.
Алар тер төгүштү
Кайгы менен түйшүктү билбешибиз үчүн.
Ачкачылыктын азабын билбеш үчүн,
Алар азап жана кайгы менен жашашат.
Өмүр бою жер айдашат, сугарышат, себишет,
Биздин курсагыбыз камкордукка алынып, камкордукка алынган.
Дыйкандарга жакшылык кыл:
Сен алардын ийгилиги менен жашайсын [2, б. 140].

Жусуп Баласагын материалдык өндүрүштүн бул чөйрөсүнүн тармактарынын жетишээрлик жогорку адистешин белгилеп, түрк мамлекеттериндеги алгачкы орто кылымдардагы кол өнөрчүлөрдүн чебер эмгегине төмөнкүдөй баа берген:

Өнөр адамдары даңктала берсин!
Байлыкты колу менен жаратат.
Карапачы жана токуучу, өтүкчү жана ээр токуучу
Жасалма жана торт жасоочу, куралчы.
Өзүңүз эсиңизде болсун - мен алардын баарын санай албайм -
Бул класста дагы ким бар?
Айланабыздагы байлыктар
Мына ушулардын бардыгы алардын чебер колдору-нун эмгеги [2, б. 148].

Айрыкча, биздин оюбузча, Жусуп Баласагунинин адам коомунун өнүгүшүндөгү соодагерлердин (соодагерлердин), илимпоздордун жана даанышмандардын зарыл жана пайдалуу ишмердүүлүгү жөнүндө берген аныктамалары кызыктуу.

Жалпысынан түрк уруулары жашаган мамлекеттерде байыртадан бери товар-акча мамилелеринин жогорку деңгээлде өнүгүүсү жана эл аралык атап айтканда, бул биринчи кезекте алардын Улуу Жибек Жолундагы транзиттик жайгашуусу менен байланышкан.

Демек, соодагерлер түрк тилдүү мамлекеттерде коомдун таасирдүү социалдык-экономикалык катмарын түзгөн. Жусуп Баласагуни көпөстөрдүн (соодагерлердин) ишмердүүлүгүнүн мамлекеттин чарбалык ишмердүүлүгүнө кошкон салымынын зарылчылыгы жана пайдалуулугу жөнүндө мындай деп жазган:

Соодагерлер дыйкандарга окшош эмес:
Алар соода жолу менен кошулат.

"Кайда эмне сатуу керек" - бул кыялдануу,
Соодагерлер дүйнөнү кыдырып, шашышат.
Ал жакка алып барыңыз, ошол жакка бериңиз - бул алардын жери.
Алар жашоодон башка эч нерсе билишпейт.
Соодагерлерсиз жашоо баарыбыз үчүн жаман болмок -
Ысык-суукта өз алдынча тентип калчубуз.
Соода менен алектенген адамдарды саякатка чыгарбаңыз - биз кыйынбыз
Чет өлкөлөрдө жибек, бермет көрүлгөн [2, б. 144–145].

Илимдин өкүлдөрү – окумуштуулар улуу акын жана насаатчы тарабынан өзгөчө урматсыйга ээ болушкан. Ал алардын түрк коомунун өнүгүшүнө кошкон салымын эмгек ишмердүүлүгүнүн башка түрлөрүнөн кыйла жогору баалаган, б.а. Жусуп Баласагун илимпоздордун жетишкендиктерин тигил же бул мамлекеттин өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүүнүн эң маанилүү фактору катары караганын көрөбүз:
Жер бетинде илимпоздор классы бар,
Бул бизге, билимсиздерге эмнеге үйрөтөт?
Даанышмандар бизге жол көрсөтөт,
Аларды жакшы сөз менен эстегиле.
Алардын илими боюнча сага эмне окшош,
Түшүнүп, колдон келишинче колдонуңуз.
Биздин дүйнө илимпоздордун акылы менен кооздолгон,
Алардын билими адил мыйзамдардын тамыры.
Даанышмандарыбыз болбосо,
Жер акыры соолуп калат.
Алардын билими шамана; күйүп калса,
Түн ортосунда сенин жолуң жарык менен жарыктанды [2, б. 132–133].

Экономикалык теориянын теориясынын жана методологиясынын көз карашынан алганда, биздин оюбузча, Жусуп Баласагунинин товардын наркы (наркы) жөнүндөгү жаркын билдирүүлөрү өзгөчө баалуулукка ээ. Анын пикири боюнча, продукциянын наркы түздөн-түз адамдын эмгегинин баасы менен аныкталат. Андан ары ал адам эмгегинин наркын товар катары коомдук таануу, анын көз карашы боюнча, өндүрүлгөн эмгек продуктыларын алмашуу процессинде ишке ашат деп көрсөтөт:
Мен жумушту жасайм - сен менин ишимди көрөсүң,
Пайдалуубу же жокпу башкалардан билишет [1, б. 203].
Биз үчүн ар дайым кымбат,
Ага көп эмгек жумшалды [2, б. 118].
Бул тууралуу ал өзүнүн кийинки көрсөтмөсүндө да айтат:
Соодагерлер колунан келгендин камын көрүшсүн
Ал эми эмгегин буюмга жумшагандарды сыйлашат [1, б. 457].

Исламды үгүттөгөн өкүмдарлардын акылман насаатчысы акчанын ролуна анын функциясынын призмасы аркылуу: нарктын өлчөмү, жүгүртүү каражаты жана байлык топтоо каражаты катары караган. Ал чарба жана мамлекет үчүн товар алуу максатын, башкача айтканда, «табигый муктаждыкты» көздөгөн башкаруунун бул түрүн жактырган. Белгилүү болгондой, улуу грек философу Аристотель (б. з. ч. 3-кылым) мындай табигый

муктаждыкты «экономика» деп атаган. Соода жана сүткорлук капиталдын, негизинен, баюуга багытталган ишмердүүлүгү, ал Аристотель сыяктуу (хрематистика) жалпысынан табигый эмес, өзгөчө сүткорлук деп эсептеген.

Жусуп Баласагунинин айтымында, мамлекеттин күчү армиянын көлөмү менен гана эмес, анын казынадан топтолгон каржылык ресурстарынан да көрүнгөн. Мындан ары ал мамлекет жөн эле зер буюмдарын чогултуу менен алек болбошу керектигин эскертет.

Түрк элдеринин таланттуу акыны жана көрүнүктүү мамлекеттик ишмеринин пикири боюнча, коомдогу бийлик өкүлдөрүнүн материалдык байлык топтоого ашыкча умтулуусу ач көздүк катары бааланып, башкаруучуларга акылман көрсөтмөлөрдүн автору тарабынан шылдыңдалган:

Жашоого ыраазы кедей адам, башкаруучу –
Ал эми ач көз шах өз кожоюну эмес.
Дагы бир байдын бийликте сараңдыгы бар
Бул кумардан жогору турган кулдан бечара.
Алтынды ойлобогон байкуш
Ач көздүк басып алгандан да бай.
Ач көздүктү жеңген адамдар
Кабыр гана сени ач көздүктөн сактайт.
Ким чындап бай болгусу келет?
Алтынга эмес, билимге ээ [2, б. 98–99].

Азыркы эгемендүү жана эгемендүү мамлекеттердин экономикалык (анын ичинде социалдык) саясатын иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун негизги принциптерин аныктоодо XI кылымда «Кут алуучу билим» поэмасындагы акылман, дагы эле маанилүү көрсөтмөлөргө көңүл буруу керек. көрүнүктүү ойчул мамлекет башчыларына (жетекчилерине): Аким менен эки нерсе түбөлүккө мөөрлөнөт; Мыйзамдуулук жана сергектик – өлкөнүн тамыры [1, б. 45–46].

Мындан ары Жусуп Баласагуни өзүнүн акылман насааттарында күч-кубаты бар адамдарды илим үйрөнүүгө, акылын өнүктүрүүгө, анын жардамы менен ааламдын сырларын үйрөнүүгө умтулууга чакырат:

Акыл караңгылыкта жарык, сокурлар үчүн көз,
Ал дене үчүн жан, дудук үчүн сөз [1, б. 51–52].

Жусуп Баласагын хан ордосунун жогорку вазирлик кызматын аркалагандан бери мамлекеттик саясаттын, анын ичинде чарбалык иштердин сырларын жакшы билген, ошондой эле өкүмдардын башкы палата башчысы болгон «Куттуу билим» аттуу атактуу эмгегинде: коомдогу материалдык байлыктарды жөнгө салуунун жана бөлүштүрүүнүн объективдүү зарылчылыгын катуу жана ырааттуу көрсөтүп турат, б.а. мамлекеттин реалдуу жана адилеттүү экономикалык саясатын иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун зарылдыгы жөнүндө.

Элдин калың катмары кайырчы болуп калбашы үчүн, бир нече башкаруучулар семирип, бузулуп калбашы үчүн мамлекетте материалдык байлыктын бөлүштүрүлүшүн тең салмактуу кармоо зарыл деп эсептеген. Бул, анын ою боюнча, коомдогу экономикалык бакубаттуулукка жана социалдык консолидацияга алып келет:

Жардам берсең, кедей карапайым адамдай болуп калат,

Ал эми орточо адам бай жана гүлдөп калат.
Кедей адам орточо болуп, кирешесин көбөйтөт,
Ал байыса бүтүндөй өлкө гүлдөйт.
Эл бактылуу, өлкө гүлдөп,
Сен үчүн дуба кылып, бардыгы момундук менен ийишет [2, б. 415].

Коомдо мындай гүлдөп-өнүккөн социалдык-экономикалык абалга жетишүү үчүн Жусуп Баласагындын салык системасы жаатындагы идеялары өзгөчө мааниге ээ. Бул жерде белгилей кетүүчү нерсе, улуу ойчулдун XI кылымда сунуш кылган экономикалык программасы коомдун бардык социалдык катмарларын байытуу идеясына негизделген, ага адилеттүү прогрессивдүү салыкты киргизүү жана колдонуу менен жетишилген. Ал бай калк – бай мамлекеттин негизи деп эсептеген, анда өлкөнүн бюджетинин кирешелери жана чыгашалары негиздүү айкалышып, товарларды керектөө көбөйүп, материалдык байлыктар топтолот. Мындай өлкөдө калктын жакыр катмары, кайырчылар, селсаяктар болбошу керек жана башкаруучулар дифференцияланган салыктарды колдонуу аркылуу коомдун өнүгүшүн шайкеш келтирип, жакыр мекендештерине дайыма кам көрүшү керек деп эсептейт.

Жусуп Баласагунинин түрк башкаруучуларына жана орто кылымдардагы башкаруучу элитанын өкүлдөрүнө айткан акылман көрсөтмөлөрүндө мамлекеттин адилеттүү социалдык саясатын жүргүзүү маселелерине олуттуу орун берилген. Анын пикиринде, акимдер аз камсыз болгон калктын санын кыскартууга, жаш курагына же физикалык жактан майыптыгына байланыштуу ишке жарабай калгандарды коргоого, жакырларга жана үй-жайсыздарга кандайдыр бир ырайымдуулук көрсөтүүгө аракет кылышы керек.

Жусуп Баласагунинин түрк мамлекеттеринин башкаруучуларына жолдогон көрсөтмөлөрүндөгү жогорудагы экономикалык көз караштар, биздин оюбузча, аны дүйнөлүк экономика илиминин өнүгүшүнө зор салым кошкон XI кылымдын көрүнүктүү инсандарынын бири катары кароого мүмкүндүк берет.

**Колдонулган адабияттар**

1. Баласагуни Юсуф. Бактылуу билим. – М. 1983, – 197 б.
2. Баласагуни Юсуф. Бактылуу болуу илими. – Бишкек, 2005. – 238 б.

УДК 340.12

**Байсеркеев М.Э., Айдаркулова З.А.**
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Ош шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультети
**Байсеркеев М.Э., Айдаркулова З.А.**
Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына, Гуманитарно естественно-научный факультет в г. Ош
**Baiserkeev M.E., Aidarkulova Z.A.**
Kyrgyz National University named after J. Balasagyn, faculty of Humanities and Natural Sciences in Osh

# МАМЛЕКЕТТИН ЖАНА УКУКТУН ПАЙДА БОЛУШУНУН МАТЕРИАЛИСТТИК (МАРКСИСТТИК) ТЕОРИЯСЫ. ТЕОРИЯНЫН АЗЫРКЫ ЗАМАНДЫН ГЛОБАЛДЫК ПРОЦЕССТЕРИ МЕНЕН ЛОГИКАЛЫК БАЙЛАНЫШЫ
# МАТЕРИАЛИСТИЧЕСКАЯ (МАРКСИСТСКАЯ) ТЕОРИЯ ВОЗНИКНОВЕНИЯ ГОСУДАРСТВА И ПРАВА. ЛОГИЧЕСКАЯ СВЯЗЬ ТЕОРИИ С ГЛОБАЛЬНЫМИ ПРОЦЕССАМИ СОВРЕМЕННОСТИ
# THE MATERIALISTIC (MARXIST) THEORY OF THE EMERGENCE OF THE STATE AND LAW. THE LOGICAL CONNECTION OF THE THEORY WITH THE GLOBAL PROCESSES OF MODERNITY

**Кыскача мүнөздөмө:** Материалисттик теория мамлекеттин жана укуктун пайда болушун жеке менчиктин чыгышы, коомдун таптарга бөлүнүшү жана таптык карама-каршылыктар менен негиздейт. Өндүрүүчү экономиканын өнүгүшү (пайда болушу) жаңы укуктук мамилелерди жараткан, алар тиешелүү укуктук жөнгө салууга муктаж болгон.

**Аннотация:** Материалистическая теория возникновения государства и права обосновывает происхождение государства с возникновением частной собственности, расколом общества на классы и классовыми противоречиями. Развитие (появление) производящей экономики породила новые правоотношения, которые должны были получить правовое оформление.

**Abstract:** The materialist theory explains the emergence of the state and law through the rise of private property, the division of society into classes, and class conflicts. The development (emergence) of a productive economy led to new legal relationships that required legal regulation.

**Негизги сөздөр:** мамлекеттин пайда болушу; укуктун келип чыгышы; материалисттик теория; жеке менчик; таптык карама-каршылыктар; өндүрүүчү экономика; укуктук мамилелер.

**Ключевые слова:** Возникновение государства; возникновение права; материалистическая теория; частная собственность; классовые противоречия; производящая экономика; правовые отношения.

**Keywords:** origin of the state; emergence of law; materialist theory; private property; class conflicts; productive economy; legal relationships.

В истории человеческой цивилизации многие ломали копии в вопросе – что же главное в человеческом обществе? Многие ставили на первое место идею, некоторые – божественный замысел! Но отсюда нельзя сделать полноценный вывод и ответить на поставленный вопрос исчерпывающе. Более конкретно ответил на этот вопрос в свое время Маркс, после него – продолжатели его идей. Они в отличие от предшественников идейную обоснованность человеческой жизни ставили после ее *земной* основы. Маркс более пристально чем свои предшественники обратил внимание на то, что человек как вид похож на другие виды и в первую очередь занимается воспроизводством средств существования. Люди, ежедневно производящие свою жизнь, начинают производить других людей.

В свою очередь производство подразумевает коллективный труд, занимаясь,

производством средств существования посредством труда люди вступают в производственные отношения, тем самым организуя сообщества. Отсюда следует, что основу человеческой жизни составляет производство со всеми его сторонами.

Маркс подытоживает: «В общественном производстве своей жизни люди вступают в определенные, необходимые, от их воли не зависящие отношения – производственные отношения, которые соответствуют определенной ступени развития их материальных производительных сил. Совокупность этих производственных отношений составляет экономическую структуру общества, реальный базис, на котором возвышается юридическая и политическая надстройка и которому соответствуют определенные формы общественного сознания. Способ производства материальной жизни обусловливает социальный, политический и духовный процессы жизни вообще. Не сознание людей определяет их бытие, а наоборот их общественное бытие определяет их сознание» [2].

И так, одна из теорий происхождения государства и права на ряду другими является материалистическая теория. Мы более подробно рассмотрим данную теорию. В человеческой цивилизации – есть понятие «неолитической революции» - она и будет точкой отсчета нашего исследования. Человечество переходя от присваивающей (собирательной) экономики к производящей предопределило возникновение государство, потребность упорядочение отношений между людьми, появление права. Анализируя историческое развитие человечества, особенно после неолита, необходимо кратко остановиться на этапах его развития:

**Первый этап**. Производящая экономика приводит к разделению труда.

Производящая экономика обуславливает людей заниматься определенным трудом и этот труд становится основным для одних групп людей в общине. Вследствие чего появляются направления в коллективном труде, что приводит к возникновению скотоводов, земледельцев, ремесленников. Производящая экономика увеличивает производительность труда в целом, а в частности после разделения труда она увеличивается намного и быстрее. В итоге группа людей производят блага больше, чем потребляют, остаются излишки. А излишки не всегда отдаются в общину, служат обменом на другие блага, которых данная группа не производит. Таким образом, разделение труда, увеличенные производительные силы, запасы блага дают начало **второго этапа** развития – возникновению частной собственности на средства производства и продуктов труда. Возникновение частной собственности разделяет интересы общины на частные и общественные, и как мы знаем на практике, они не совпадают.

Со временем, установленная частная собственность, обмен излишками (товарами) дают основания расслоению общества, у одних накапливаются блага, накопленные блага дают присваивать больше средств производства, а вторые вынуждены работать на первых. Общество делится на классы, на имущих и неимущих. Тем самым приходит **третий этап** развития человеческого общества, возникновение классов [5].

Да, у классов разные, противоположные интересы. Класс собственников хотят посредством эксплуатации неимущих увеличить свое богатство, а вторые не хотят работать на первых, но вынуждены работать, чтобы прокормить себя. Из-за разных полярных интересов у классов периодично, с определенным постоянством возникают конфликты, которые не редко заканчиваются расправами одних другими.

Таким образом, обществу был нужен специфический инструмент, который сохранял имеющийся положение дел в обществе (статус-кво), с одной стороны, инструмент примирения, защита одного от других с другой стороны. Таким инструментом выступит **государство.** И этот инструмент всегда в руках у имущего (правящего) класса [6]. И так, выяснено появление государства с материалистической точки зрения, а как быть с возникновением **права?**

Многие задавались вопросом, что первично – государство или право! Тут, как говорится, нужно поразмыслить. Еще до появления государства общество жило определенными правилами, обычаями, хоть они были не писаны, но регулировали поведения индивидов в общине и были установлены самим обществом. А право и в современном обществе понимается как регулятор общественных отношений, который устанавливается и обеспечивается силой государства. Только с появлением государства право имеет статус закона и в большинстве случаев выражена в письменной форме. Следовательно, право, как понятие существовало еще до возникновения государства, а с появлением государства возымело свою другую форму, форму закона, исполнения которого обеспечивает государство. Право, как понятие существуют до сих пор наравне с законами, тому примером служат адаты, обычаи, которые и сейчас исполняются, хотя за их исполнением не стоит государство. И как раз обычаи и адаты являлись первым источником права с появлением государства.

Но с появлением государства обычаи уже не могут охватить все отношения между людьми, так как с развитием общества усложняются (увеличиваются количества) отношения между ними, которые требуют регулирования.

Примером может быть развитие права в древнем Риме. Развитие Римского квиритского (позже цивильного) права в преторское и после народного права. Квиритское право состоял в основном из обычаев Римских племен, и относился только для Римских граждан, в вою очередь Преторское право рассматривал отдельно отношения между Римлянами и отдельно между перегринами (не гражданами). А народное право был общим для всех и для граждан и не граждан.

Подытоживая первую часть рассматриваемого вопроса необходимо заметить: с развитием экономики, как базиса общественной жизни, общество через борьбу переходит из одной общественно-экономической формации в другой (более прогрессивной), усложняются товарно-денежные и другие отношения между людьми, которых регулируют новые правоотношения.

То есть, происхождение государство и право – есть необходимость, которая исходит от непосредственной (хозяйственной, производственной) жизни общества, ее последовательного развития.

Теперь рассмотрим вторую часть вопроса (темы).

С распадом СССР перетерпели коренные изменения страны, входящие в союз, а конкретно:

- перешли от социального строя в капиталистический;
- некогда одна страна была разделена на части;
- были утрачены экономические, социальные, политические связи;
- страны получили самостоятельность, суверенитет, независимость.

Указанные изменения предполагало коренную перестройку экономического положения, структуры государства, права – в целом перестройку государства, страны. Это означало заново строить государство на иных началах, так как изменилась общественно-экономическая формация в стране. В ходе становления страны на капиталистические рельсы приходилось изменять социальные, политические и идеологические надстройки. Перестраиваются все ветви власти под капиталистический строй, избирают парламент, президента. Изменяются ответственности, обязанности, цели ветвей власти.

Главное изменение в экономике – разрешение частной собственности на средства производства - ведет к присваиванию народного богатства, промышленности частными руками. Как и тысячи лет назад, когда выходили из общинного строя старейшины и военноначальники пользуясь своим положением присваивали средства производства и богатства в свои руки, так и здесь бывшие партийные чины, государственные чиновники присвоили основную часть народного достояния себе. Началось накопление первичного капитала, чем и славится девяностые годы. Как известно первоначальное накопление капитала происходит законными, не совсем законными, совсем не законными способами, так как все средства хороши в разделе крупной, общественной собственности. Так и происходило в странах бывшего СССР, где раздел общественного блага происходил любыми доступными способами.

Новая экономическая действительность породила многих правоотношений – запретных в советской системе права или не регулировавшихся ею. Отсюда пробелы в законах, которые требовали правового оформления. Данная задача стояла перед парламентом всех стран содружества независимых стран (СНГ). Действительность, жизнь людей, интересы, выскочивших в моменте - крупных собственников требовали скорейшего регулирования новых правоотношений. И они были урегулированы изданием соответствующих законов начиная с Конституции. Так в Конституции Кыргызской Республики от 5-мая 1993 года в статье 19 раздела права и свободы человека главы второй появились следующие пункты:

1. Частная собственность признается и гарантируется в Кыргызской Республике как неотъемлемое право человека, естественный источник его благосостояния, деловой и творческой активности, гарантия его экономической и личной независимости.

2. Собственность неприкосновенна. Никто не может быть произвольно лишен своей собственности, и ее изъятие, помимо воли собственника, допускается по решению суда.

3. В Кыргызской Республике право наследования охраняется и защищается законом [1].

Аналогичные тексты были и в конституциях других стран СНГ, потому как все их пути шли по одному направлению с некоторыми национальными отличиями. В соответствии с экономическим курсом страны будут дополняться и правовые нормы. К примеру: В Узбекистане с появлением сборки автомобилей были повышены ввозные пошлины на автомобили не отечественной сборки. Видимо, такая же задача предстоит перед нашей страной. С развитием науки и технологии появляются ранее неизвестные правоотношения, требующие признания и правового оформления. К примеру: увеличение правоотношений в административном праве с одновременным увеличением визуального контроля через видео регистраторы вывели в отдельную отрасль административно – процедурного права. То есть

экономическая положение определяет политический и правовой курс страны.

Как известно в античности после появления частной собственности – инструмента (источника) для извлечения прибавочной стоимости - общество расслоилось, со временем создавая антагонистические классы. И в современности в странах СНГ общество идет по такому же пути, уже налицо разделение общества по уровню благосостояния (социальная стратификация). Логически продолжая линию, учитывая опыт западных капиталистических стран можно сделать заключение: что расслоение общества будет идти дальше, слои будут кристализовываться, превращаясь в устойчивые классы, а внутри класса буржуазии в группы, кланы, которые будут между собой конкурировать.

Объективные процессы не зависят от желания людей, человечество, переходя к определенной общественно - экономической формации будет жить по ее законам, по ее системе отношений, и уклад жизни общества будет соответствовать данному базису. Из базиса вырастают надстройки, в том числе структура государства и права, которые в свою очередь защищают и развивают базис, принимая необходимые действия и узаконивая их в правовом отношении [3].

Таким образом, в человеческой истории центральную роль играет производство и производственные отношения, нужды человека определяет его действия. Человек как все животные в природе движим производством жизни, и в следующую очередь производством себе подобных. С развитием производства (экономики) человек входит в определенные производственные отношения соответствующие конкретному этапу развития общества. В рамках данных отношений выстраивают структуру государства и права.

**Уровень бедности населения Кыргызстана 2018-2022гг. в процентах.**

**Таблица 1**

| Показатели / годы | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Кыргызская Республика | 22.4 | 20.1 | 25.3 | 33.3 | 33.2 |
| Баткенская область | 33.8 | 32.6 | 34.7 | 40.7 | 48.5 |
| Джалал-Абадская область | 32.2 | 26.9 | 37.2 | 43.2 | 47.1 |
| Иссык-Кульская область | 21.5 | 24.4 | 27.9 | 38.1 | 31.2 |
| Нарынская область | 30.6 | 28.1 | 36.8 | 39.2 | 42 |
| Ошская область (до 2013 г. включая г. Ош) | 14.8 | 14 | 18.8 | 23.8 | 19.9 |
| Таласская область | 22.1 | 13.3 | 12.5 | 23.5 | 23.9 |
| Чуйская область | 15.6 | 19.1 | 25.4 | 27 | 26.1 |
| г. Бишкек | 15.4 | 11.9 | 16.8 | 35.8 | 35.7 |
| г. Ош | 35.5 | 20.7 | 14.7 | 28.6 | 26.6 |


Источник нацстатком КР [4].
https://stat.gov.kg/ru/opendata/category/120/

Из таблицы следует, что количество бедных в стране за последние 5 лет увеличилось на 10.8 процентов.

### Распределение богатств по группам (слоям) населения

**Таблица 2**

Изменение денежных доходов населения по квинтильным группам. Каждая группа-это 20% населения. У самой богатой группы сконцентрировано 43.9% всех доходов населения.




Источник нацстатком КР [4]
https://stat.gov.kg/media/publicationarchive/3ce0a404-9863-4870-aa39-f5fecbc85ccf.pdf

Таблицы 2 показывает очевидное расслоение населения страны. На 2021 год в руках у 20% верхнего слоя населения находятся 43.9% всех доходов населения.

### Основные источники

1. Конституция Кыргызской Республики от 5 мая 1993 года.
2. К. Маркс. К критике политической экономии.
3. М. Корнфорт. Диалектический материализм.
4. Национальный статистический комитет Кыргызской Республики
5. Т. Насиров. Мамлекет жана укуктун ата Мекендик тарыхы.
6. Ф. Энгельс. Происхождение семьи, частной собственности и государства.

УДК: 82-1(575.2)+321(575.2)

**Гайназаров А.И., Кулуева С.К., Токоев А.А.**
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Ош шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультети
**Гайназаров А.И., Кулуева С.К., Токоев А.А.**
Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына, Гуманитарно естественно-научный факультет в г. Ош
**Gainazarov A.I., Kuluyeva S.K., Takoev A.A.**

Kyrgyz National University named after J. Balasagyn, faculty of Humanities and Natural Sciences in Osh

**ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН «КУТ АЛЧУ БИЛИМ» ПОЭМАСЫНДА МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИКТИН УЮШТУРУУСУ ЖӨНҮНДӨ**

**ОБ ОРГАНИЗАЦИИ ГОСУДАРСТВЕННОЙ ВЛАСТИ В ПОЭМЕ ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА «БЛАГОДАТНОЕ ЗНАНИЕ»**

**THE ORGANIZATION OF STATE POWER IN YUSUF BALASAGUNI'S POEM «*KUTADGU BILIG*»**

**Кыскача мүнөздөмө:** Макала Жусуп Баласагындын "Кут алчу билим" поэмасынын коомдук маанисин түшүнүүгө арналган, анда сюжеттин негизин төрт түшүнүк жана төрт баалуулук түзөт: адилеттик (бекемдик, туура мыйзам), жакшылык, акылмандык, токтоолук. Ойчулдун мамлекеттик бийликти уюштуруу жөнүндөгү идеялары коомдун социалдык түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү, башкаруучу менен мамлекеттик кызматкерлердин кадыр-баркы, жоопкерчилиги, адеби, мамлекеттик кызматчылардын ортосундагы мамилелердин эрежелери; саясат, мамлекеттик жана аскердик иштер аркылуу талданган.

**Аннотация**: Статья посвящена осмыслению социального значения поэмы Жусупа Баласагына «Благодатное знание», в которой основой сюжета выступают четыре понятия и четыре ценности: справедливость (твердый, правильный закон), добро, разум, сдержанность. Анализируются идеи мыслителя об организации государственной власти через характеристику социальной структуры общества, достоинства, обязанности и этикет правителя и государственных служащих; правила взаимоотношений государственных служащих; политику, правительство и военные дела.

**Annotation:** The article is devoted to comprehending the social significance of Yusuf Balasaguni's poem *"Kutadgu Bilig"*, in which the plot is based on four concepts and four values: justice (a firm, righteous law), goodness, wisdom, and restraint. The thinker's ideas on the organization of state power are analyzed through the characterization of the social structure of society, the virtues, duties, and etiquette of the ruler and state officials; the rules of interaction among state officials; politics, government, and military affairs.

**Негизги сөздөр:** мамлекеттик бийликти уюштуруу; коомдун социалдык түзүлүшү; адилеттүүлүк; мыйзам; акылдуулук; башкаруучунун жана мамлекеттик кызматкерлердин милдеттери жана этикети.

**Ключевые слова:** организация государственной власти; социальная структура общества; справедливость; закон; разум; обязанности и этикет правителя и государственных служащих.

**Keywords:** organization of state power; social structure of society; justice; law; wisdom; duties and etiquette of the ruler and state officials.

Жусуп Баласагын алгачкы түрк тилдүү дидактикалык "Кут алчу билим" поэманын автору – Орто кылымдын улуу ойчулу, акыны жана философу, түрк тилдүү элдердин

көрүнүктүү өкүлү. Ойчул азыркы Токмок шаарынын ордунда жайгашкан илимдин, маданияттын, искусствонун өнүккөн борбору болгон Баласагын конушунун түштүк-батыш тарабында туулган. Белгилүү Бурана эстелик-музейи дал ошол Баласагын шаарынын калдыгы. Түрк тилчиси Р.Р. Араттын айтымында, Жусуп Баласагын 1015-1016-жж. тегерегинде, ал эми дагы бир түрк филологу А. Дилачардын пикиринде, ойчул 1018-ж. туулган. Демек, улуу жердешибиздин өмүр баянынан алынган маалыматтар так эмес [5].

В. В. Бартольд менен А. Н. Берштам дүйнөгө белгилүү "Кут алчу билим" чыгармасын моралдык афоризмдердин булагы, философиялык кептердин, мамлекеттик башкаруу жана саясат тууралуу идеяларын – түгөнгүс кампасы деп жогору баалашкан. Поэмада диалог формасында жазылган терең ойлор, насааттар, мезгилге баш ийбеген "түбөлүктүү акыйкаттар": идеалдуу мамлекет, абийирдүү кызматчы, "жакшы адам", жакшылыктын пайдасы ж.б., анын кеңири аймактарга жайылышына жана кийинки муундарды тарбиялоодо колдонуусуна себеп болгон [3].

Жусуп Баласагындын мамлекет, башчылар тууралу идеялары XI кылымга тиешелүү, ал кезде Борбордук Азияда түрк тилдүү уруулар жана элдер үстөмдүк кылышкан. "Кут алчу билим" 73 баптан туруп байыркы түрктөрдүн адептүүлүк, укук жана мамлекеттик башкаруу жөнүндө идеялардын, ойлордун өтө баалуу булагы. Б.И. Борубашевдин пикиринде, "кут" деген сөз "саясий бийликтин кубаттуулугун", "жогорку бийликтин улуулугун", "мамлекетти башкаруунун күчтүүлүгүн" түшүндүргөн. Бул сөз айрыкча "саясий күч", "мамлекеттин күчү" мааниде колдонулушу мүмкүн эле, анткени согуштарда жеңишке жетүү үчүн саясий күчкө жана кубаттуулукка ээ болуу зарыл [2].

Жусуп Баласагындын чыгармасы - бул мамлекетти башкаруу, саясий бийлик, түрк коомунун түзүлүшү - он бир социалдык катмарлары - тууралуу илими. Кыраакы акын өз китебинде акылман хан менен бекке, аларды баккан ашпозчуга, эр жүрөк жол көрсөтүүчү менен катардагы жоокерге, дыйкан менен малчыга, мөмөлүү жана мөмөсүз даракка, жубайларга, алардын ортосундагы мамилелерге, балдар жана ата-энелер, адептүүлүктүн тамыры, анын таасири; коомдун мыйзамдары, улуттар аралык жүрүм-турум эрежелери, адамдык этика, коомдук жайлардагы адамдын алып жүрүү тартибин үйрөтөт [4].

Поэманын өзөгүн төрт түрдүү түшүнүктү билдирген төрт каарман түзөт. Окуялар ушул төрт жактын ортосундагы (сүйлөшүүлөр) аркылуу өнүгөт. Бул төрт түшүнүк (негиздери) болуп төмөнкүлөр саналат:

1. *Күнтууду Элик* - адилет башкаруунун, акылмандык менен башкаруу парзынын символу, адилеттиктин аты.

2. *Айтолду* – башкаруучуга ийгилик, жакшылык алып келген берекенин символу, ушунун баарын алып келе турган башкы везирдин аты.

3. *Акдилмиш* – акылмандыктын символу, жакшы менен жаманды ажырата билген адамдын аты.

4. *Өткүрмүш* – токтоолуктун жана сабырдуулуктун символу, колунда бар нерсеге ыраазы болгон адамдын аты [1].

Поэманын идеялык багыты: Адилеттиктин (Күнтууду Элик) жана Акдилмиштин (Акдилмиш) тамыры абдан күчтүү жана түбөлүктүү болгондуктан, алар поэманын бүтүндөй башынан аягына чейин бар жана келечектеги жашоосун улантат. Ал эми убактылуу көрүнүш

катары саналган бакыт, жыргалчылык (Айтолду), тыйючулук сыяктуу өткүр түшүнүктөр турмушта тез эле чындыктан алыстап, болмуштун сыртында калып кетет.

Бирок чынчылдык жана акылмандык, ошондой эле бакубатчылык жана чыдамкайлык негизги түбөлүк окуялар болуп эсептелет. Демек, бул сапаттарга ээ болгон адамдар (Айтолду, Өткүрмүш) терең ой жүгүртүшөт, өтө даанышман болушат.

Поэмада Күнтууду Элик деген хан мамлекетти чынчыл, калыс башкарган. Элдин жыргалчылыгын баарынан жогору коюп, мекенине ак ниет, ак кызмат кылууну максаттаган. Анын мезгилинде элдин турмушунда тынчтык жана бакыт өкүм сүрүп, турмуштун деңгээли жана жыргалчылыгы жогорулаган. Ошол эле учурда хан «Жалгыз эмгек кылсам, күчүм жетпейт» деген ой менен эл-журтунун амандыгын ойлогон, ушуну менен тең чынчыл, жардамчыны кыялданат. Анын каалоосун элге жеткирүү үчүн жарлык чыгарылат. Мамлекеттин алыскы четинде акылман Айтолду Күнтууду Эликтин жарлыгын угуп, мамлекетинин жыргалчылыгы үчүн кызмат кылууну каалап, дароо хандын алдына чыгат [1].

Айтолдуну сынап, ыраазы болгондон кийин гана везирликке кабыл алат. Айтолду везир болгондон баштап хандын иши оңолот, жүгү жеңилдеп, элдин турмушу оңоло баштайт. Айтолду жыргалчылыкты киргизген символикалык баатырга айланды. Жусуп Баласагындын пикири боюнча, алар капысынан, дароо эле же өз алдынча келбейт. Алар көп мезгилдеги чоң эмгекти талап кылат деп түшүндүрөт акын. Аларды сактай албасаңыз, бат эле жоготуп аласыз. Байлыктын топтолушу жаңы айдын толгон айына салыштырылат. Ошентип, Айтолду хан менен элине ак кызмат кылып жүрүп, бир күнү катуу ооруп калат. Бул оорудан ары айыкпастыгын түшүнүп, уулу Акдилмишке акыркы көрсөтмөсүн бере баштады. Уулун ар дайым чынчыл жана түз, калыс болууга, тапкан мүлкүнө кам көрүүгө, өз милдетин так аткарууга, адамдарга жакшылык кылууга чакырат.

Анан жакын арада уулуна аманат кылып, Күнтууду Эликке кат калтырып өлөт. Атасынын сөөгүн койгон соң, Акдилмиш хандын бөлмөсүнө кирип, ага кат берет. Бир аз убакыт өткөндөн кийин анын акылына баа берип, Акдилмиш атасынын ишин татыктуу уланта аларын билип, аны везир кылып дайындайт. Акдилмиш өлкө башчы менен сүйлөшкөндөн кийин ага хандыкты туура башкаруу, жакын адамдары менен мамиле куруу боюнча кеңешин айтат. Акдилмиш везир болгондон кийин элдин турмушу дагы жакшырды. Ал тууралуу кабар хандыктан алыска тараптарга жетип, ага сый-урмат күчөдү [1].

Күндөрдүн биринде хан Акдилмиш менен сүйлөшүп отуруп, Акдилмиштей жардамчы да болсо жакшы болмок деген оюн айтат. Акдилмиш бир аз ойлонуп туруп, мындай адам бар, Өткүрмүш атанын бир тууганы, бирок ал макул боло албайт, анткени ал дүйнө жыргалчылыгынан баш тартканын айтты. Күнтууду Элик Акдилмишти Өткүрмүштү алып келүүгө жөнөтөт. Өткүрмүш келбейт, анда аны хан конокко келип кетүүсүн суранат. Ошондон кийин гана өзүн ыңгайсыз сезген Өткүрмүш хандын алдына келет. Хан экөө өмүрдүн маңызы, эки дүйнөнүн татаалдыгы жөнүндө көпкө сүйлөшүп отурушат. Хан Өткүрмүштү жок дегенде кеңешчи болууга, мамлекетти башкарууга жардам берүүгө чакырат, бирок бул жолу да Өткүрмүш баш тартты [1].

Мунун баары, Жусуп Баласагын Өткүрмүш каарманы аркылуу, замандаштарына бул жашоодо тирүү болсоң да, байлыгына, бийлигине карабай, ар убак намаз менен өтүп, тиги дүйнөдө бейишке барууга даярдануу принцибин бекем кармануунү, аркы дүйнөнү көбүрөөк ойлонууну үйрөтөт. Бардык адамдар ушул тартипте жашашса, анда мамлекетте байлыктын,

бийликтин, берекенин, мансаптын чеги болуп,  тартип, тынчтык өкүм сүрөт деп айтылат поэмада.

Бир канча убакыттан кийин катуу ооруп калган Өткүрмүш Акдилмишти өзүнө чакырып, пайгамбарлык түшүн, жашоого аз убакыт калганын айтат. Өткүрмүш дүйнөдөн кайтканын угуп, Күнтууду Элик катуу кайгырат. Бул поэманын окуялары ушинтип аяктайт.

Демек, поэзия аркылуу Жусуп Баласагындын ошол доордун тарыхый шартында ой толгоолору каармандары аркылуу берилип, акын көйгөйлөрдү чечүү жолдорун сунуштаган да көрөбүз. Адилеттиктин символу катары эсептелген Күнтууду Элик камкор жана чынчыл башкаруучу болууга арналган.

Күнтууду Элик калыс, күчтүү бийликтин символу экенин Айтолдууга арналган сөздөрдөн даана көрүүгө болот. Башкаруучу жакшы болсо мамлекет өнүгөт, эл кыйналбайт, кайгыны билбейт. Дайыма элин ойлогон, камкордугун баарынан жогору койгон Күнтууду өзүнүн мүмкүнчүлүгүнөн улам бир жактуу чечим кабыл албай турганын жакшы түшүнгөн. Ошондон улам, жарлык чыгарып, адегенде Айтолдуну, андан кийин уулу Акдилмишти везир кылып дайындап, Өткүрмүштү кызматташууга чакырат. Мамлекет тарабынан идеалдуу калыстыктын үлгүсүн Күнтууду  Элик көрсөттү [2].

Айтолду - башкаруучу Күнтууду Эликтин жакын кеңешчиси, везири -бакыттын, жыргалчылыктын символу катары көрсөтүлгөн. Адамга тагдыр жылмайса, ал бат эле байып, бактылуу боло алат. Эч кандай керексиз түйшүктөрдү билбей, молчулукта жана сый-урматта жашайт. Ошол эле учурда Айтолдунун бейпил турмушта туруксуздук, тез өзгөрмөлүүлүк сыяктуу мүнөздүү касиети бар. Бакытты да, жыргалчылыкты да сактай билүү керек, антпесе андан бат эле айрылып калышың мүмкүн. Ал үчүн ар дайым жөнөкөй болуу, мактанбоо, колунда барды баалай билүү жана ага ыраазы болуу, улууларды урматтоо, кичүүгө үлгү болуу, башкалардын көңүлүн оорутпоо, арак ичпөө жана эмгектенүү зарылдыгын айтат ойчул. Ушул принциптерди кармануу менен гана адам бакытты сактап, анын үзүрүн көрө алат деп жазат Жусуп Баласагын [2].

Акдилмиш - Айтолдунун уулу, поэмада акылмандыктын, өз ишин мыкты билүүнүн символу. Адамга мүнөздүү сапаттардын ичинен эң баалуу сапаты – акылмандык. Ансыз адам инсан боло албайт. Бүгүн бар, бирок эртең жок болгон бакыт менен байлыктан айырмаланып, акыл адам менен бирге төрөлүп, өмүр бою өнүгөт. Поэманын башка каармандарынан айырмаланып, анын эч кандай кемчилиги жок, идеалдуу образ катары сүрөттөлгөн. Ошондон улам болсо керек, поэмадагы бардык адеп-ахлактык көрсөтмөлөр ушул каарман аркылуу көрсөтүлөт.

Дастанда Өткүрмүш баш ийүүнүн, кичипейилдиктин символу. Аны бийлик, байлык, адам коому да кызыктырбайт. Демек, Акдилмиштин идеалдуу образы Өткүрмүштүн бул жалган ишенимдерден алыстап, ар дайым эли менен бирге болууга ынандырат [4].

Бул чыгармада Жусуп Баласагын мыйзамдын жана адилеттиктин маңызына, түрк ханынын сапаттарыны да токтолгон. *Ханды* ал мыйзамдын жана адилеттиктин жүзү деп сүрөттөгөн, себеби ал жалган жана чын сүйлөгөн жактардын, кедей жана байдын арыздашуусун калыс мыйзамдын негизинде тайсалдабай чечет деп мүнөздөйт. Элди башкарууда адилеттик - башкы ролду аткарып, мыйзам бардык адамдар үчүн бирдей деп үйрөтөт акындын ыр саптары. Бийлик башчылыры мыйзам менен иш жүргүзсө, эл ар дайым бактылуу жана жыргалчылыкта жашайт деп жазган. Хандык бийлик - жакшы нерсе, бирок

мыйзам андан жогору турат. Ойчул мыйзамды туура - элдин кызыкчылыгы үчүн колдонууга чакырат.

Мамлекет башчыларына эки сапат керектүү - сактык жана өлкөнүн негизин түзгөн - мыйзамдарды бузбоо. *Бийлер* адилеттүүлүккө дал келген мыйзамды аткарса, анда ал мамлекет бакубат жолуна түшөт. Тескерисинче, *мамлекет башчысы* бийликти зулумдук, зомбулук менен колдонсо, салттуу эрежелерди сактабаса, же өз милдеттерин кайдыгер, так аткарбаса - бийликтен ажырайт деп эскертет Жусуп Баласагын. Ар бир өлкө адилеттик аркылуу гана өнүгө алат деп жазат. Күч колдонуудан мамлекет да, эл да зыян тартат [2].

*Аскер башчылар* да психологиялык жана адептүүлүк сапаттарга ээ болгондо гана, аскерди жетектей алышат, аны уюштура, каршылаштарды жеңүүгө жетишишет. Чоң тажрыйба жана күчтүү эрк ушуга окшогон чоң иштерге талап кылынат. Аскер башчылардын зарыл сапаттарына ойчул сергек жана кыраакылыкты кошкон. Ал эч убакытта күтүүсүз кол салуунун курманы болболушу керек деп жазган. Катардагы жоокерлерге жогору маяна берилгенде гана аскер түзүлүшү мүмкүн деген.

Аскер башчысы үй-бүлө, жеке байлыкты топтоо тууралуу ойлобошу керек. Жусуп Баласагын кылычтын күчү менен максатка, абройго, таанымалдыкка жетүүнү сунуштайт. Анын милдетине атчан жана жөө жүргөн аскерлерди тамактандыруу жана кийиндирүү, башка да көп нерсе менен аларды камсыздыруу кирет. Аскер башчысы эр жүрөк, өлүмдөн коркпогон, текеберчиликтен алыс адам деп жазат.

Мамлекеттик кызматкер, - Жусуп Баласагындын пикиринде, - өз милдеттерине салкын мамиле жасап, күчтү колдонуп башкарса, анда мамлекет кыйроого учурайт. Канкор башчы узакка өз бийлигин колдоно албайт, себеби эл андайга чыдабайт. Канкордук от сыяктуу алгач ага жакын болгондорду күйдүрөт. Мыйзам жана адилеттик, суу табиятты жандандыргандай, бакубатчылыкка алып келет. Мыйзам менен дүйнө өнүгөт. Канкордук элди жана мамлекетти деградацияга учуратат. Мамлекет башчысынын келбети, жүзү жарык, тили чечен, жүрүм-туруму өзүнө шайкеш келиши абзел деп белгилейт [2].

Мамлекет башчысына таптакыр шарап ичүүгө болбойт, ошондой эле бузукулуктан алыс болуу, болбосо ушул эки себеп башчыны бийликтен түшүрөт деген. Эгерде эл арасында моралдык жактан төмөндөө тенденциялары байкалса, анда адатта мындай абалды жетекчилер оңдошот. Эгерде башчы өзү адепсиз болуп кетсе, аны ким оңдойт?

*Везирдин* сапаттарына токтолуп, Жусуп Баласагын анын акылы курч, адеп-ахлакы бийик, кемчиликсиз болушу керек деп жазат. Ал тектүү үй-бүлөдөн чыгышы керек болчу, анткени асыл эмес адамдар көпчүлүк учурда абийирсиз болушат. Намысы жок адам везирликке татыктуу эмес. Везир иш кагаздарын жана эсепти түшүнүү керек. Улуу везир болуш үчүн акыл жана билим керек, анткени акылы жок адам мөмөсүз дарактай, ал эми илими жок адам тирүү өлүк сыяктуу. Везир парадан алыс болбосо, анда ал ошондой иши менен ханды шылдыңдаганы менен барабар. Паракорчулук жалпы коомду бузат деп жазат акын. Ошондуктан везирдин жан дүйнөсү таза, кайрымдуу болушу керек. Везирдин да чынчылдык, адилеттүүлүк сыяктуу сапаттары болушу керек, ал эч качан мыйзамдарды четке какпай, кедей-кембагалдардын, жесирлердин, жетимдердин өтүнүчүн канааттандырышы керек. Везирдин негизги милдети - мыйзамдарды сыйлоо [2].

*Капык башлар эр* - сарай министри. Капык башынын милдеттери Европадагы палата башчысынын жана Осмон мамлекетиндеги султандын ордосунун везиринин милдеттерине

окшош болгон. Бир катар сарайдагы кызмат адамдарында, ордо везиринен тышкары, төмөнкү даражалар да эскерилет: *идишчи* (кече сунуучу), *төшөкчү* (хандын керебеттерин көзөмөлдөөчү), *ашбашчы* (ашкана башчысы), *туучу* (тууну көтөргөн же алып жүргөн адам), *кушчу* (сот мүнүшкөрлөрү үчүн жооптуу), *сөзжу* (хандын жакын адамы, хандын сарайына киргизилген), *битикчи* (хандын жалпы иштер боюнча катчысы, юстиция жана тышкы иштер министри) [2].

*Агыджи* (казыначы) арифметика эрежелерин, геометрияны жакшы билиши керек болчу. Казыначы сооданы соодагердей өздөштүрүп, ысырапкордукка жол бербей, сараң болушу керек, анткени адам өзүнүн жеке байлыгынан бергенде гана айкөлдүк мактоого татырлык.

Казыначы сарайга жакын чиновник болгондуктан, ал асыл адамдардын чөйрөсүн жана салтанатты, адептүү адамдын ченемдерин, адептүүлүк эрежелерин билиши керек болчу.

*Ялвачлар (элчилер).* Жусуп Баласагын элчиде төмөнкү сапаттарды жана билимдерди болушу керек деп жазган:

1) китептерди окууну билүү;
2) сүйлөөчүнү түшүнүү;
3) ыр жазуу;
4) астрологияны түшүнүү;
5) дарылоону билүү;
6) арифметиканы билүү;
7) геометрияны билүү;
8) түштү жоруу;
9) шахмат сыяктуу оюндарды ойной билүү (бул сапат аркылуу достошууга болот);
10) көп тил билүү, чечен болуу;
11) жакшы кол жазууга ээ болуу жана ар кандай кол жазмаларды айырмалай билүү;
12) жиритти, кыска найзаны ыргытууну билүү [2].

*Топукчулар* (кызмат адамдары). "Кут алчу билимде" кызматты «топук», ал эми кызмат адамдарын - «топукчу» деп аталат. Кызмат адамдары эки категорияга бөлүнөт: жаш кезинен чиновник (кызмат адам болууга кесиптик жактан машыккандар) жана бойго жеткенде кызмат адамдары болгондор. Биринчилер экинчилерден артык деп эсептелген.

Аскердик наамдар болгонун поэмадан билсек болот: *элбашы* – өлкө, облус башчысы, *колбашы* – аскер башчысы. Ар бир даражанын өз аты болгон: *тегин-бег, ябгу-бег, чавлы-бег, күл-эрген, чагры-бег, ынанч-бег.*

*Тегин* - эң жогорку наам, ал тууралуу Жусуп Баласагын минтип айткан: «...тегин даражасына жеткен кызмат адамы, адатта, султанга берилген (ишенимдүү адамы) бойдон калса абдан пайдалуу. Бирок бул адам кызматы мындай даражага жеткенден кийин бийликти колуна алууга аракет кылса, анда ал муну менен мамлекетке чоң зыян келтирет. Демек, жогорку кызматты же наамды сабатсыз, асылдуулардан эмес адамдарга ишенип берүү - коркунучтуу".

Ойчул өзүнүн мезгилине таандык болгон төмөнкү социалдык тайпаларды бөлүп караган:

1) *алевилер (шииттер)* – Мухаммед пайгамбардын уруусунан чыккандар, ошондуктан

хандар аларга урматтоо менен мамилени түзүү керек;

2) *алымдар* – мусулмандык илимпоздор, жалпы элге билим бергендер, аларды да сыйлоого чакырган; Кудай адамга акыл берген, акылдын жардамы менен ага илим берген. Акылдын аркасында адам үчүн бардык нерсе түшүнүктүү болуп калат. Акыл жана илимге ээ болгон адам бүт жүрөгү менен жакшылыкка умтулат.

Акыл менен билимди сыйлаш керек, алар менен катардагы кул да чоң бийиктиктерге жете алат. Алланын эки белегине - акылга жана илимге - ээ болгон адам - бардык нерсени багындырат. Билимди баалоо керек, ошондо жамандык азаят. Жахилдин бийлиги астында наадандар.

3) *отаджилер* – дарыгерлер жана дарыканачылар керектүү жана урматтого татыктуу социалдык тап, анткени алар ооругандарга дарылар менен жардам берип, өмүрлөрүн узартышат; ар бир адам ооруп калышы мүмкүн, бирок дарыгерге кайрылган адам аман калат. Өлүм - жашоонун аягы.

4) *астрологтор, астрономдор* - булар жыл, ай, күн санаганды билген адамдар, алардын кызматы абдан маанилүү. Астрономияны түшүнгүсү келген адам адатта математиканы окучу. Математика - бул эсептөөнүн дарбазасы. Астроном (астролог) арифметиканы, көбөйтүүнү жана бөлүүнү, ошондой эле бөлчөктөрдү түшүнүшү керек. Астрология менен алектенген адам жакшы жана жаман мезгилдерди, жакшы жана жаман айларды жана күндөрдү билиши керек. Кандайдыр бир маанилүү ишти баштоодо хан астрологдор менен кеңешиши керек болчу. Астрологдор жылдыздардын жайгашкан жерин түшүндүрүп, ошондой эле убакыт (жылдыздардын жайгашкан жери) хандын жаңы аракетин жактырганын же жактырбаганын айтышы керек болчу. Бирок, ханга астрологдорго ишенүү - милдеттүү эмес, албетте, Кудай гана баарын билет. Кандай болгон күндө да калктын бул катмарын урматтап, аны менен достук мамиледе болуу керек деп жазган акын.

5) *акындар* - поэзия, ыр менен сүйлөгөндөр. Алар көбүнчө адамдарды макташкан же сындашчу. Тили кылычтан курч, сезимдери чачтан кылдат. Сылыктык менен сүйлөгөндү үйрөнгүсү келген адам акындарды угушу керек болчу. Алар акылдуу адамдар. Бирөөнү макташса, бул мактоо эл арасына тарап кетти. Эгер кимдир-бирөөнү жамандаса, ал адамдын атына жана атак-даңкына доо кетириши мүмкүн. Акындарга урмат көрсөтүү, алардын ырайымына жетүү керек эле, алардын пикирин угуу [2].

*Жер иштетүүчүлөр, дыйкандар* - кайсы гана доордо болбосун жана ар кандай элдин арасында калктын эң маанилүү социалдык катмары. Мамлекетти башкаруу жөндөмдүүлүгү анын бул тапка болгон мамилеси жана айыл чарба саясаты менен аныкталат.

*Соодагерлер* - бул доордо Жибек жолу ислам мамлекеттери менен Кытайдын ортосундагы соода магистралы болгон. Бул аймакта калктын бир бөлүгү соода менен алектенген. "Кут алчу билимде" бул тап үйүр-үйүр жылкысы бар көчмөн түрктөр "Игдишчи" деп аталат.

*Кол өнөрчүлөр, жумушчулар* - бул тапка кесип үйрөнүп, ошону менен турмушун алып кеткендер кирген.

*Карапайым эл* - эч кандай кол өнөрчүлүгү жок шаардыктар, конкреттүү кесиби жок жумушчулар, шаардык пролетарийлер. «Кут алчу билимдин» авторунун пикиринде, алар курсагын тойгузууну гана ойлогондор.

*Чыгайлар* - кедейлер тобу. Жусуп Баласагын аларга жакшы мамиле кылууну, тамак-

аш, суу берүүнү сунуштаган. Бул үчүн шүгүр кылып дуба кылышат. Хан бергенин Кудай кайтарат. Алардан эч кандай кайтарым күтпөш керек экени поэмада айтылат [2].

Ошентип “Кут алчу билим” дастанында калктын социалдык түзүмү тууралуу маалымат берилген. Мамлекеттик бийликтин уюштуруусун Жусуп Баласагын түрк мамлекетинин Кыргызстандын аймагындагы реалдуу орун алган мамлекеттик уюмдар, рангтар, титулдар жана таптар тууралуу маалыматтар аркылуу түшүндүргөн.

Адамдардын коомдо аткарган жумушуна карата таптарга бөлүнүшү, анын ичинен 5 тап - бул интеллигенция, калганы - экономикалык. “Кут алчу билим” поэмасы Орто кылымдарда түрк тилинде жазылып - чоң патриоттуулуктун үлгүсүн көрсөткөн, жүздөгөн муун алмашса да, миңдеген жылдар өтсө да дагы деле рухий мурас эстелиги, мамлекетти башкаруу жөнүндө казына бойдон калууда. Бийликтеги ички оош-кыйыштарын, ар кандай, кээде карама-каршы жылдарга созулган терс көрүнүштөрдү, мамлекеттик башкаруунун негизги көйгөйлөрүн акын дастанында чагылдырган. Өз доорунун чыгаан инсаны катары Жусуп Баласагын Караханийлер династиясына өз мамлекетин түзүүнү каалап, өз шаарын түптөп, жаңы көчмөн эл болгон түрктөрдүн алдында маданиятын, үрп-адатын өркүндөтүү аркылуу мамлекетти башкаруунун татаал милдеттери турганын жазган. Жусуп Баласагын бүт билими, топтогон тажрыйбасы менен «Кут алчу билим» эмгеги аркылуу Карахандар династиясынын өкүлдөрүнө мамлекеттик башкаруу механизмдерин көрсөтүп, маданиятты үйрөтүүнү көздөгөн.

**Колдонулган булактар**


1. Баласагуни Ю. Поэма «Благодатное знание». Сокращенный вариант /пер. С. Иванова. - Б.: «Кыргыз Жер», 2015. - 98 с.
2. Борубашов Б.И. История государства и права Кыргызской Республики. Учебник Т. 1.- Бишкек, 2015.
3. Артыкбаев К. Еще раз о литературных памятниках средневековья: Уроки нравственности. - Бишкек: Адабият, 1991.
4. Сыдыкбеков, Т. Кут белгиси - билик: Ю. Баласагуни «Куттуу билим». - М.: НИК, 1993.
5. Сюкияйнен, Л.Р. Исламское право в правовых системах мусульманских стран: от доктрины к законодательству // Право. Журнал Высшей школы экономики, 2008 / Режим доступа: https://cyberleninka.ru/article/n/islamskoe-pravo-v-pravovyh-sistemah-musulmanskih-stran-ot-



УДК 378.184



**Жутанова Г.А. , Жусупова А.А., Сарытаева М.Ө.**

Ош мамлекеттик университети, Эл Аралык Жогорку Медицина Мектеби

**Жутанова Г.А., Жусупова А.А., Сарытаева М.Ө.**

Ошский государственный университет, Международная Высшая Медицинская Школа

**Zhutanova G.A., Zhusupova A.A., Sarytaeva M.O.**

Osh State University, International Higher Medical School

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН СТУДЕНТТЕРИНИН ИНСАНДЫК КАСИЕТТЕРИН ӨРКҮНДӨТҮҮ АРКЫЛУУ КРЕАТИВДҮҮЛҮК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮ

# РАЗВИТИЕ КРЕАТИВНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ ЧЕРЕЗ РАЗВИТИЕ ЛИЧНОСТНЫХ КАЧЕСТВ СТУДЕНТОВ ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЙ

# DEVELOPMENT OF CREATIVE COMPETENCE THROUGH THE DEVELOPMENT OF PERSONAL QUALITIES OF STUDENTS OF HIGHER EDUCATIONAL INSTITUTIONS

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада жогорку окуу жайларында студенттердин инсандык касиеттерин өркүндөтүү жана креативдүүлүк компетенттүүлүгүн өнүктүрүү маселелери каралат. Креативдүүлүк компетенттүүлүгү – бул өзгөрүлмөлүү шарттарда жаңы идеяларды жаратуу жана инновациялык чечимдерди сунуштоо жөндөмү. Ал эми инсандык касиеттер лидерлик, эмпатия жана социалдык жоопкерчилик сыяктуу сапаттарды камтып, студенттердин жеке жана кесиптик жактан калыптанышына өбөлгө түзөт. Макалада студенттердин чыгармачылык жана инсандык потенциалын өнүктүрүү үчүн интерактивдүү методдорду, ментордук программаларды жана коомдук иштерге катышууну колдонуу сунушталат. Интерактивдүү сабактар чыгармачылыкка багыт алып, студенттердин көйгөйлөрдү стандарттуу эмес жолдор менен чечүү жөндөмүн өркүндөтөт. Ментордук программалар студенттердин өзүн-өзү таануусуна, социалдык чөйрөдөгү ийгиликтерине жана профессионалдык максаттарын так аныктоосуна жардам берет. Коомдук долбоорлорго катышуу студенттердин социалдык жоопкерчилигин жана лидерлик сапаттарын күчөтөт. Изилдөөнүн натыйжалары көрсөттү: студенттердин инсандык жана креативдүүлүк компетенттүүлүгүн өнүктүрүү – бул заманбап билим берүүнүн негизги багыттарынын бири. Бул ыкмалар студенттердин профессионалдык ийгиликтерине гана эмес, коомдун инновациялык өнүгүшүнө да шарт түзөт. Макала студенттердин чыгармачылык жана инсандык өсүшүн стимулдаштыруунун натыйжалуу жолдорун сунуштап, жогорку билим берүүнүн практикалык маанисин баса белгилейт.

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются вопросы развития личностных качеств студентов и их креативной компетентности в высших учебных заведениях. Креативная компетентность – это способность генерировать новые идеи и предлагать инновационные решения. Личностные качества, такие как лидерство, эмпатия и социальная ответственность, являются основой для формирования успешной личности как в личной, так и в профессиональной сфере. В статье предлагается использовать интерактивные методы, наставнические программы и участие в общественных проектах для развития творческого и личностного потенциала студентов. Интерактивные занятия способствуют развитию креативных способностей студентов, а наставничество помогает им в самопознании, улучшении социальных навыков и формировании профессиональных целей. Участие в общественных проектах способствует повышению социальной ответственности и лидерских качеств студентов. Результаты исследования показали, что развитие личностных и креативных компетенций студентов является важнейшей задачей современного образования. Применение предложенных методов способствует как профессиональному успеху студентов,

так и их активному участию в инновационном развитии общества.

**Annotation:** This article examines the development of students' personal qualities and their creative competence in higher education institutions. Creative competence refers to the ability to generate new ideas and propose innovative solutions. Personal qualities such as leadership, empathy, and social responsibility serve as the foundation for shaping a successful individual both personally and professionally. The article suggests using interactive methods, mentoring programs, and participation in community projects to foster students' creative and personal potential. Interactive lessons contribute to the development of students' creative skills, while mentoring helps them with self-awareness, improvement of social skills, and the formation of professional goals. Participation in community projects enhances students' social responsibility and leadership qualities. The results of the study indicate that the development of students' personal and creative competencies is a crucial task in modern education. The application of the proposed methods contributes not only to students' professional success but also to their active involvement in the innovative development of society.

**Негизги сөздөр:** креативдүүлүк компетенттүүлүгү; инсандык касиеттер; интерактивдүү методдор; ментордук программалар; коомдук долбоорлор.

**Ключевые слова:** креативная компетентность; личностные качества; интерактивные методы; наставничество; общественные проекты.

**Keywords:** creative competence; personal qualities; interactive methods; mentoring; community projects.

Бүгүнкү күндө жогорку окуу жайларынын негизги милдеттеринин бири – студенттерди заманбап талаптарга ылайык даярдоо болуп саналат. Инсандык касиеттерди өркүндөтүү жана креативдүүлүк компетенттүүлүгүн өнүктүрүү бул милдетти ишке ашырууда өзгөчө мааниге ээ [1]. Креативдүүлүк компетенттүүлүгү – бул өз алдынча ой жүгүртүү, жаңы идеяларды жаратуу жана инновациялык чечимдерди сунуштоо жөндөмү. Бул жөндөм студенттердин профессионалдык жана жеке жашоосундагы ийгиликтеринин ачкычы болуп саналат [2.3].

Инсандык касиеттер, өз кезегинде, жеке инсандык жана коомдук жактан калыптануунун негизин түзөт. Бул касиеттерди өрчүтүүдө лидерлик, социалдык жоопкерчилик жана эмпатия сыяктуу сапаттарды өнүктүрүү маанилүү роль ойнойт [4].

Мугалимдер жана кураторлор чыгармачылыкка багытталган интерактивдүү сабактарды, ментордук программаларды жана коомдук иш-чараларды уюштуруу аркылуу студенттердин бул сапаттарын ачууга жана өнүктүрүүгө жардам беришет [5]. Аталган макалада студенттердин инсандык касиеттерин өркүндөтүү жана креативдүүлүк компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн актуалдуулугу жана практикалык мааниси талкууланат. Ошондой эле, бул багытта колдонулган интерактивдүү ыкмалардын жана программалардын натыйжалуулугуна баа берилет .

Креативдүүлүк компетенттүүлүгү – бул өзгөрүлмөлүү дүйнөнүн талаптарына ылайык жаңы идеяларды жаратуу жана аларды ишке ашыруу жөндөмү [1]. Бүгүнкү күндө бул жөндөмдү өнүктүрүү студенттерди келечекке даярдоонун маанилүү бөлүгү болуп саналат. Креативдүү ой жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн билим берүү процессинде интерактивдүү жана чыгармачылыкка багытталган методдорду активдүү колдонуу зарыл [2, 3]. Инсандык

касиеттер – бул ар бир студенттин жеке потенциалын ачууга жана анын коомдук, кесиптик жашоодо ийгиликке жетишүүсүнө өбөлгө түзүүчү маанилүү фактор [4]. Коомдук иштерге катышуу, лидерлик жөндөмдөрүн өрчүтүү жана өзүнө ишенүү – бул касиеттерди өнүктүрүүнүн негизги жолдору [5 ].

Рольдук оюндар, кейс-стади (case study), топтук талкуулар жана чыгармачылык мастер-класстар студенттердин өз алдынча ойлонуу жана креативдүү чечимдерди табуу жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө негизги роль ойнойт [3,6]. Мындай ыкмалар студенттерди сабакка активдүү катышууга үндөп, алардын чыгармачылык потенциалын ачууга жардам берет.

Менторлук программалар студенттерди өзүн-өзү таанууга, күчтүү жактарын аныктоого жана кесиптик максаттарын коюуга шыктандырат [6,7]. Менторлордун жетекчилиги астында студенттер социалдык чөйрөдө ийгиликтүү коммуникация түзүү жана эмпатия сыяктуу маанилүү инсандык сапаттарды өрчүтүшөт.

Коомдук долбоорлорго катышуу студенттерге реалдуу көйгөйлөрдү көрө билүү жана аларды чечүүдө чыгармачылык мамиле жасоо мүмкүнчүлүгүн берет [5, 8] Ошондой эле, мындай иштер лидерлик сапаттарды жана социалдык жоопкерчиликти өнүктүрөт.

Бул изилдөөнүн практикалык мааниси чоң. Жогорку окуу жайларынын студенттерин инсандык жана креативдүүлүк жактан өнүктүрүү коомдун социалдык жана экономикалык прогрессине өбөлгө түзөт. Алынган жыйынтыктар студенттердин чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө интерактивдүү методдорду жана менторлук программаларды пайдалануунун натыйжалуу экендигин көрсөттү. Изилдөө студенттердин инсандык касиеттерин өркүндөтүү аркылуу креативдүүлүк компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган төмөнкү ыкмалар жана методдор колдонулган:

1. Теориялык негиздерди изилдөө: Изилдөөдө креативдүүлүк компетенттүүлүгү жана инсандык касиеттерди өнүктүрүү боюнча теориялык концепциялар каралып, анын негизинде практикалык сунуштар иштелип чыкты [1, 2].
2. Интерактивдүү методдорду колдонуу: Интерактивдүү сабактар, рольдук оюндар, кейс-стади (case study), жана топтук талкуулар студенттердин чыгармачылык потенциалын өнүктүрүүдө негизги инструменттер катары пайдаланылды [3, 4].
3. Практикалык эксперименттер: Практикалык эксперименттер жогорку окуу жайлардын студенттери менен жүргүзүлдү. Эксперименттердин алкагында коомдук долбоорлорго катышуу, чыгармачылыкка багытталган иш-чараларга тартуу жана менторлук программалар уюштурулду. Бул иш-чаралардын натыйжалуулугу анкеталоо жана маектешүү аркылуу бааланды [5, 6].
4. Аналитикалык методдор: Аталган иш-чаралардын натыйжаларын талдоо жана студенттердин инсандык жана чыгармачылык деңгээлин баалоо үчүн аналитикалык изилдөө жүргүзүлдү. Бул изилдөөлөрдө статистикалык маалыматтар жана алынган жыйынтыктар колдонулду [7, 8].
5. Салыштырмалуу талдоо: Дүйнөдөгү алдыңкы билим берүү системаларында колдонулган интерактивдүү жана менторлук методдор изилденип, алар кыргызстандык жогорку окуу жайлардын контекстине ылайыкташтырылды [9].

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде студенттердин инсандык касиеттерин өркүндөтүү жана креативдүүлүк компетенттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча төмөнкү

натыйжаларга жетишилди:
1. Инсандык касиеттерди өрчүтүүнүн натыйжалуулугу: Коомдук иштерге катышуу, лидерликке шыктандыруу жана социалдык жоопкерчиликти өнүктүрүү студенттердин инсандык сапаттарын өрчүтүүгө чоң салым кошту. Бул ыкмалар студенттердин өзүнө ишенүү жана эмпатия сыяктуу маанилүү сапаттарын өнүктүрүүгө өбөлгө түздү.
2. Интерактивдүү методдордун чыгармачылыкка болгон таасири: Рольдук оюндар, топтук талкуулар жана креативдүүлүккө багытталган практикалык тапшырмалар студенттердин жаңы идеяларды жаратуу жана көйгөйлөрдү стандарттуу эмес чечүү жөндөмдөрүн өнүктүрдү. Мындай интерактивдүү ыкмалардын натыйжалуулугу эксперименталдык иштерде жана студенттердин иш-аракеттеринде такталды.
3. Ментордук программалардын жеке өнүгүүгө тийгизген таасири: Ментордук программалардын алкагында студенттер өз күчтүү жана алсыз жактарын тереңирээк түшүнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Бул аларга өзүн-өзү таанууга, социалдык чөйрөдө ийгиликтүү коммуникация түзүүгө жана келечектеги максаттарын аныктоого жардам берди .
4. Коомдук долбоорлор аркылуу креативдүүлүктү өнүктүрүү: Коомдук долбоорлор студенттерге чыныгы турмуштагы көйгөйлөрдү көрө билүү жана аларды чыгармачылык жол менен чечүү жөндөмүн өнүктүрүүгө шарт түздү. Мындай иштердин жыйынтыгы катары студенттердин лидерлик сапаттары жана социалдык жоопкерчилиги жогорулады.
5. Жалпы жыйынтык: Жогорку окуу жайларында инсандык касиеттерди өркүндөтүү жана креативдүүлүк компетенттүүлүгүн өнүктүрүү студенттердин кесиптик жана инсандык жактан өсүшүнө зор салым кошот. Бул ыкмалар алардын чыгармачылык дараметин ачып гана тим болбостон, алардын коомдун прогрессивдүү өзгөрүүлөрүнө активдүү катышуусуна шарт түзөт. Натыйжада, заманбап коомдун инновациялык жана чыгармачыл инсандарга болгон талабын канааттандырууга өбөлгө түзүлдү.

Жогорку окуу жайларында студенттердин инсандык касиеттерин өркүндөтүү жана креативдүүлүк компетенттүүлүгүн өнүктүрүү заманбап билим берүүнүн приоритеттүү багыттарынын бири болуп саналат. Бул изилдөөдө көрсөтүлгөндөй, интерактивдүү методдор, ментордук программалар жана коомдук иш-чаралар студенттердин чыгармачылык потенциалын ачууда жана инсандык өсүшүнө чоң таасирин тийгизет.

Студенттердин креативдүүлүк компетенттүүлүгүн өнүктүрүү студенттерге:

- Өз алдынча ой жүгүртүү жана инновациялык чечимдерди табуу;
- Жаңы идеяларды иштеп чыгуу жана иш жүзүнө ашыруу;
- Командада иштөө жана социалдык көйгөйлөрдү креативдүү чечүү жөндөмүн калыптандыруу мүмкүнчүлүктөрүн берет.

Ошол эле учурда инсандык касиеттерди өркүндөтүү лидерлик, жоопкерчилик жана эмпатия сыяктуу сапаттарды өнүктүрүүдө негизги роль ойнойт. Бул сапаттар студенттердин коомдук активдүүлүгүн арттырып, келечекте кесиптик ийгиликтерге жетишүүсүнө өбөлгө түзөт.

Жыйынтыктап айтканда, студенттердин инсандык жана чыгармачылык сапаттарын өнүктүрүү – бул алардын жеке жана кесиптик жактан толук кандуу калыптанышына жана коомдун инновациялык өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн негизги фактор. Бул багытта окуу процессине интерактивдүү жана инновациялык ыкмаларды киргизүү, ментордук программаларды колдоо жана коомдук долбоорлорго активдүү катыштыруу абдан

натыйжалуу экени такталды.


**Колдонулган адабияттар**

1. Батоврина Е.В. Развитие креативности управленцев в процессе профессиональной подготовки [Текст]: автореф. дис. канд. соц. наук: 22.00.08 / Е.В. Батоврина. – М., 2007
2. Жутанова Г.А. Жогорку окуу жайында студенттердин креативдүүлүк компетенттүүлүгүн өнүктүрүүчү педагогикалык шарттар. Международный научно-теоретический журнал. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана 2024. № 3 (Март)
3. Айдарова М. Интерактивдүү методдордун билим берүүдө ролу. Алматы: Билим-Инновация Басмасы.2021
4. GA Zhutanova, Development of Students' creative competence in the educational process using didactical games De Gruyter: New Institutions for Socio-Economic Development- 2021
5. Исаев Т. Студенттердин коомдук долбоорлорго катышуусунун таасири. Бишкек: Кыргыз Билим Фонду.2018
6. GA Zhutanova, Development of Professional and Creative Competencies of Students through Independent Cognitive Activity De Gruyter:New Institutions for Socio-Economic Development- 2021
7. Smith A. Mentorship Programs and Personal Growth. London: Educational Development Press, 2020.
8. Абдиева Ж. Кыргызстанда билим берүү системасынын жаңы багыттары. Ош: Айкөл Басмасы.2023
9. Kumar R. Research Methodology: A Step-by-Step Guide for Beginners. London: SAGE Publications. 2017.



УДК: 37.018.1(575.2+5-12)



**Закирова А.А., Таштемирова Э.К., Асан кызы Орозайым**

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Ош шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультети

**Закирова А.А., Таштемирова Э.К., Асан кызы Орозайым**

Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына, Гуманитарно естественно-научный факультет в г. Ош

**Zakirova A.A., Tashtemirova E.K., Asan kyzy Orozayim**

Kyrgyz National University named after J. Balasagyn, faculty of Humanities and Natural Sciences in Osh


## ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖАНА ОРТО АЗИЯДАГЫ ОРДУ
## МЕСТО ЭТНОПЕДАГОГИКИ В КЫРГЫЗСТАНЕ И СРЕДНЕЙ АЗИИ
## THE ROLE OF ETHNOPEDAGOGY IN KYRGYZSTAN AND CENTRAL ASIA


**Кыскача мүнөздөмө:** Этнопедагогиканын Кыргызстандын коңшу өлкөлөрү –

Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан жана Түркмөнстан педагогика илимин өнүктүрүүдө өздөрүнүн тарыхый, маданий жана социалдык өзгөчөлүктөрүнө таянган. Бул өлкөлөрдүн педагогикалык системасы өзгөчө советтик билим берүү мурастарына негизделген жана заманбап талаптарга ылайык этнопедагогика ордун жоготпостон жаңыланып келүүдө.

Макалада этнопедагогиканын Кыргызстандагы жана Орто Азиядагы орду, анын өнүгүү этаптары жана учурдагы абалы каралат. Ошондой эле, улуттук тарбия берүүнүн мааниси жана келечектеги өнүгүү багыттары талданат.

**Негизги сөздөр:** Этнопедагогика; Кыргызстан; Орто Азия; педагогика; каада-салт; эпостор.

**Аннотация:** Этнопедагогика соседних с Кыргызстаном стран – Казахстана, Узбекистана, Таджикистана и Туркменистана опиралась в развитии педагогической науки на свои исторические, культурные и социальные особенности. Педагогическая система этих стран основана на советском образовательном наследии, а этнопедагогика постоянно обновляется в соответствии с современными требованиями.

В данной статье рассматривается роль этнопедагогики в Кыргызстане и Центральной Азии, ее этапы развития и современное состояние. Анализируется значение национального воспитания и перспективы его развития.

**Ключевые слова:** Этнопедагогика; Кыргызстан; Средняя Азия; педагогика; Обычаи и традиции; эпосы.

**Annotation:** In the development of pedagogical science, the ethnopedagogy of the countries neighboring Kyrgyzstan – Kazakhstan, Uzbekistan, Tajikistan and Turkmenistan relied on their historical, cultural and social characteristics. The pedagogical system of these countries is based on the Soviet educational heritage, and ethnopedagogy is constantly updated in accordance with modern requirements.

This article examines the role of ethnopedagogy in the Kyrgyzstan and Central Asia, its stages of development, and its current state. It also analyzes the importance of national education and future development trends.

**Keywords:** Ethnopedagogy; Kyrgyzstan; Central Asia; Pedagogy; customs and traditions; epics.

Этнопедагогика – ар бир улуттун тарбия берүү салттарын, педагогикалык көз караштарын жана билим берүү усулдарын изилдеген илим. Кыргыз элинин тарыхында этнопедагогика өзгөчө орунду ээлеп, элдик билим берүү, каада-салт жана тарбия системасы аркылуу өсүп-өнүккөн. Бул макалада Кыргызстанда жана Орто Азия чөлкөмүндө этнопедагогиканын орду, анын өнүгүү баскычтары жана азыркы абалы талданат.

Тарбиялоо, билим берүү жана өнүктүрүү процессин изилдеген илим катары адамдын инсандык сапаттарын калыптандырууда, дүйнө таанымын өркүндөтүүдө жана потенциалын ачууда маанилүү роль ойнойт [2].

Педагогиканын башаты байыркы доорлорго барып такалат. Байыркы Грецияда жана Римде тарбия берүү коомдун негизги маселелеринин бири болуп келген. Сократ, Платон жана Аристотель билимдүү жана адептүү жарандын калыптанышына багытталган

педагогикалык ойдун пайдубалын түптөшкөн. Орто кылымдарда педагогика диний мүнөзгө ээ болуп, негизинен руханий тарбияга басым жасалган. Ренессанс доорунда гуманисттик көз караштар өнүгүп, тарбиялоодо баланын инсандык сапаттары борбордук орунга коюлган [8].

Бүгүнкү күндөгү педагогика көп кырдуу илим катары бир нече багыттарды камтыйт:

1. Мектепке чейинки педагогика балдардын алгачкы жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө жана социалдашуусуна багытталган.
2. Мектеп педагогикасы билим берүү системасынын негизги бөлүгү болуп, окуу программаларын иштеп чыгуу жана окутуу ыкмаларын изилдейт.
3. Кесиптик педагогика түрдүү тармактар үчүн адистерди даярдоо маселелерин камтыйт.
4. Коррекциялык педагогика өзгөчө муктаждыктары бар балдарды окутуу жана тарбиялоо маселелерин изилдейт.

Илимий негизи менен катар педагогика искусство да болуп эсептелет. Чыныгы педагог окуу-тарбия ыкмаларын билүү менен чектелбей, чыгармачылык мамиле жасап, сабырдуулук жана боорукердик сапаттарын көрсөтүшү керек. Ар бир окуучунун индивидуалдуулугун түшүнүү, шыктандыруу жана туура багыт көрсөтүү – бул чыныгы мугалимдин көрөңгөсү.

XXI кылымда педагогика төмөнкүдөй маселелерге туш болууда:

1. Технологиялык өнүгүү билим берүү ыкмаларын өзгөртүп жатат.
2. Санариптик технологиялар менен онлайн билим берүүнүн мааниси артууда.
3. Инклюзивдик билим берүүгө болгон муктаждык өсүүдө, бул ар түрдүү окуучулардын өзгөчөлүктөрүн эске алууну талап кылат.
4. Педагогика – бул илим жана искусство катары коомдун маанилүү бөлүгү. Негизги максаты катары билим берүү гана эмес өз дооруна шайкеш, гармониялуу өнүккөн, коомго пайдалуу инсанды тарбиялоо.

Педагогика – адамды тарбиялоонун жана билим берүүнүн илими катары байыркы доорлордон баштап өнүгүп келе жаткан илим катары тарыхы узак мезгилдерди камтып, ар бир доордо коомдун муктаждыктарына жана талаптарына жараша өзгөрүлүп, өркүндөп келген [5].

Педагогиканын башаты байыркы цивилизациялардан башталып Байыркы Египетте, Вавилондо, Кытайда жана Индияда балдарды тарбиялоодо жана окутууда негизги басым адамды коомдун талаптарына ылайык даярдоого жасалган.

Байыркы Грецияда жана Римде педагогика илим катары калыптана баштаган. Сократ, Платон жана Аристотель адамдын акыл-эсин өнүктүрүү менен бирге, адеп-ахлактык тарбияга да чоң маани беришкен. Платон "Идеалдуу мамлекет" концепциясында билим берүүнү коомду өнүктүрүүнүн негизги куралы катары көрсөткөн.

Орто кылымдарда педагогика негизинен диний мүнөздө өнүккөн. Батыш Европада диний билим берүүдө чиркөө негизги ролду ойногон. Балдарды тарбиялоодо библиялык баалуулуктарга көңүл бурулган. Ислам цивилизациясында илимди жайылтуу максатында медреселер ачылган. Алар математиканы, астрономияны, философияны жана медицинаны окутуу менен педагогиканын өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Ренессанс доору (XIV-XVII кк.) педагогиканын жаңы баскычын баштаган. Бул мезгилде гуманисттик көз караштар өнүгүп, адам баласынын индивидуалдуулугун жана анын билим алууга болгон укугун жогору баалаган. Ян Амос Коменский (1592-1670 жж.) педагогиканын системалуу илим катары

негизделишине чоң салым кошкон. Я.А. Коменский “Улуу дидактика” эмгегинде билим берүүнүн негизги принциптерин жана ыкмаларын иштеп чыккан.
Жан-Жак Руссонун философиясында балага табигый өнүгүүгө шарт түзүү маанилүү экендиги айткан. Жан-Жак Руссо педагогиканы гуманисттик көз караштарга ылайыкташтырган. XIX-XX-кылымдарда педагогика өз алдынча илим катары калыптанып, тарбиялоо жана билим берүү ыкмалары терең изилдене баштаган.

Песталоццийдин балдардын акыл-эсин, дене тарбиясын жана эмгекке болгон жөндөмдүүлүгүн гармониялуу өнүктүрүү идеяларын сунуштаган. Лев Выготский социалдык педагогиканын негиздөөчүлөрүнүн бири катары билим берүүдө социалдык чөйрөнүн маанисин жана бала менен мугалимдин өз ара байланышын изилдеген. Жан Пиаже балдардын когнитивдик өнүгүүсүнүн этаптарын изилдеп, педагогикага психологиялык негиз киргизген.

XXI кылымда педагогика илими тез өнүгүүдө. Инновациялык технологиялар билим берүүгө жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачууда. Компьютердик технологияларды жана интернетти колдонуу менен билим берүү жаңы деңгээлге чыкты. Инклюзивдик педагогика ар кандай социалдык, маданий жана физикалык өзгөчөлүктөрү бар адамдарды окутуу маселелери актуалдуу болууда. Педагогика илими ар бир доордо коомдун өнүгүү муктаждыктарына жооп берип келген. Анын тарыхы адамзаттын билимге, адепке жана гармониялуу жашоого болгон умтулуусун чагылдырат. Бүгүнкү күндө педагогика илими глобалдык өзгөрүүлөрдүн шарттарында дагы да актуалдуу жана маанилүү болуп саналууда [6].

Кыргызстанда педагогика илими тарыхый жана маданий өзгөчөлүктөрдүн негизинде калыптанып, өнүгүп келген. Бул илимдин өнүгүүсү улуттук маданият, салттар жана билим берүү системасы менен тыгыз байланышта. Педагогика кыргыз элинин өзгөчө тарыхына жана муктаждыктарына ылайык калыптанып, улуттук руханий баалуулуктарды сактоо жана жаңы муундарды тарбиялоо максатын көздөйт.

Байыркы мезгил жана салттык тарбия кыргыз элинин байыркы тарбия берүү системасы көчмөн жашоо образына негизделген. Балдарды тарбиялоо үй-бүлөдө жана коомдо ишке ашырылып, турмуштук билимге басым жасалган. Улуу муун өзүнүн билимдерин жаш муундарга оозеки түрдө өткөрүп берип, кыргыз элинин каада-салттары, үрп-адаттары, эпостору жана маданияты аркылуу балдарды тарбиялаган. «Манас», «Семетей» «Сейтек» жана «Эр Төштүк» сыяктуу эпостор балдарды эр жүрөктүүлүккө, акылмандыкка жана адилеттүүлүккө үйрөткөн.

Советтик мезгилде Кыргызстанда билим берүү системасы түптөлүп, педагогика илими системалуу түрдө өнүгүүгө шарт түзүлгөн. 1920-жылдардан баштап Кыргызстанда мектептер ачылып, балдарды билим менен камсыздоо максаты коюлган.

1932-жылы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институту (азыркы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети) ачылган. Бул окуу жай педагогика илиминин негизги изилдөө борбору болуп калды. Аталган мезгилде педагогика илими социалисттик идеологияга негизделип, балдарды билимдүү жана тартиптүү коомдук жаран катары тарбиялоону максат кылган. 1991-жылы Кыргызстан эгемендүүлүккө жетишкенден кийин педагогика илиминде жана билим берүү системасында олуттуу өзгөрүүлөр болгон.

Педагогика илиминде кыргыздын каада-салттарын жана тарыхый-руханий баалуулуктарын чагылдырган билим берүү системасын түзүү максаты пайда болду.

Эгемендүүлүктөн кийин билим берүү системасы жаңы стандарттарга ылайыкташтырылып, көп тилдүү жана көп маданияттуу билим берүү практикасы киргизилди. Ар бир баланын билим алуу укугун камсыз кылуу максатында инклюзивдик билим берүү саясаты ишке ашырылууда.

Кыргызстандагы педагогикалык илимдин негизги багыттары катары:

1. Улуттук педагогика кыргыздын руханий-адептик баалуулуктарын жана салттарын окуу программаларына интеграциялоо.
2. Инновациялык педагогика санариптик технологияларды колдонуу менен окутуу жана тарбиялоо процесстерин жакшыртуу.
3. Этнопедагогикада кыргыз элинин салттуу тарбиялоо ыкмаларын изилдөө жана аларды заманбап билим берүүдө колдонуу.
4. Инклюзия. Ар кандай социалдык жана физикалык өзгөчөлүктөргө ээ балдарды билим берүү системасына интеграциялоо.

Кыргыз педагогикасынын өзгөчөлүгү руханий баалуулуктарды сактоо болуп билим берүүдө жана тарбиялоодо адептүүлүк, ынтымак, чоңдорду сыйлоо жана мекенчилдик идеялары кеңири колдонулат [3]. Кыргыз тилинде окутуу улуттук идентүүлүктү сактоо максаты көздөлүп Кыргызстандын аймактык өзгөчөлүктөрүнө ылайык билим берүү программалары иштелип чыгууда.

Кыргызстанда этнопедагогика илими улуттук каада-салттар менен заманбап билим берүүнүн инновацияларын айкалыштырып, өсүп-өнүгүүдө. Ал тарыхый мурастарды сактоо менен бирге, балдарды жаңы доордун талаптарына ылайык тарбиялоону көздөйт.

Педагогиканын улуттук жана инновациялык аспектилерин айкалыштыруу келечекте Кыргызстандын билим берүү системасын дагы жогорку деңгээлге чыгара алат.

Кыргызстандын коңшу өлкөлөрү – Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан жана Түркмөнстан этнопедагогика илимин өнүктүрүүдө өздөрүнүн тарыхый, маданий жана социалдык өзгөчөлүктөрүнө таянган. Бул өлкөлөрдүн педагогикалык системасы өзгөчө советтик билим берүү мурастарына негизделген жана заманбап талаптарга ылайык жаңыланууда.

Казакстандын педагогика илими советтик мезгилде түптөлүп, заманбап билим берүү системасы ошол мураска таянат. Эгемендүүлүктөн кийин казак тилинде билим берүү жана улуттук баалуулуктарды жайылтуу негизги максаттардын бири болду. Казакстанда билим берүү системасын эл аралык деңгээлге чыгаруучу «Болашак» стипендиясы иштелип чыккан, ал таланттуу жаштарды чет өлкөлөрдө окутууга мүмкүнчүлүк берет.

Казакстанда өзгөчө муктаждыктары бар балдарды билим берүү системасына интеграциялоо активдүү ишке ашырылууда. Билим берүү процессине санариптик технологияларды киргизүү, онлайн окутуу платформаларынын өнүгүшү басымдуулук кылууда.

Өзбекстанда педагогика илиминин өнүгүшү чоң жазуучу жана ойчул Алишер Навоинин (XV к.) идеяларына таянат, ал адамдын адеп-ахлагын жана билим алууну коомдук өнүгүүнүн негизги фактору деп эсептеген. Советтик мезгилде билим берүү системасы бекемделип, азыркы учурда ошол негиздерди заманбап талаптарга ылайыкташтыруу жүрүүдө.

Өзбекстанда билим берүүдө өзбек тилинин жана маданиятынын ролу чоң, ошол эле

учурда көп тилдүү билим берүү практикасы да колдоого алынууда. Жогорку билим берүү системасы жаңыланып, чет элдик университеттер менен кызматташтык кеңейүүдө. Техникалык жана кесиптик билим берүүгө өзгөчө көңүл бурулуп, студенттерди эмгек рыногуна даярдоо маанилүү деп эсептелет.

Тажик элинин тарбия берүү салттары Зардуштчулук доорунан тартып өнүгүп келген. Балдарды адептүүлүккө жана эмгекке үйрөтүү негизги максат болгон. Советтик мезгилде билим берүү системасы түзүлүп, тажик тилинде билим берүү өзгөчө мааниге ээ болгон.

Тажикстанда билим берүүдө каржылоо чектелүү болгондуктан, мектептерде жана университеттерде сапатты жакшыртуу багытында иштер жүргүзүлүүдө. Тоолуу аймак болгондуктан билим берүүдө инфраструктура маселелери бар, бирок аларды чечүү үчүн жаңы технологиялар жана дистанттык окутуу ыкмалары киргизилүүдө. Мындан сырткары билим берүүдө тажик элинин улуттук баалуулуктары, адабияты жана маданияты баса белгиленет.

Түркмөн элинин педагогикалык салты тарыхый мурас жана улуттук баалуулуктарга негизделген. Совет мезгилинде бул өлкөдө билим берүү системасы негизделип, жалпы билим берүү жеткиликтүү болгон. Эгемендүүлүктөн кийин түркмөн тили билим берүүнүн негизги тили болуп калды. Билим берүү системасы катуу мамлекеттик көзөмөлдө турат жана улуттук идеологияга негизделген. Билим берүүдө багытында түркмөн тили, тарыхы жана маданияты артыкчылыктуу орунда турат. Чет элдик окуу жайлар менен кызматташтык чектелүү болгондуктан, билим берүү процесси негизинен жергиликтүү деңгээлде жүргүзүлөт.

Бардык коңшу өлкөлөрдө билим берүү советтик системанын негизинде калыптанып, азыркы учурда эгемендүүлүк шартында кайрадан өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Билим берүү системалары өз мамлекеттеринин тилин, тарыхын жана маданиятын сактап калууга багытталган. Учурда өлкөлөрдө заманбап технологияларды жана эл аралык стандарттарды интеграциялоо аракеттери жүрүп жатат. Коңшу мамлекеттердеги педагогика илими тарыхый жана маданий мурастарга таянуу менен өнүгүүдө. Кыргызстандын билим берүү системасы ушул өлкөлөрдүн тажрыйбаларын изилдеп, өзүнүн уникалдуу муктаждыктарына ылайыкташтырып, натыйжалуу реформаларды ишке ашыра алат [7]. Коңшу өлкөлөр менен билим берүү тармагында кызматташтыкты күчөтүү бардык тараптар үчүн пайдалуу болору айкын.

Кыргызстандан сырткары өлкөлөрдө этнопедагогика илими ар түрдүү багытта өнүккөн. Батышта гуманизм жана прагматизм, Чыгышта салт жана руханий баалуулуктар, ал эми Латын Америкасында социалдык теңдик идеялары басымдуулук кылат.

Бул ар түрдүүлүк педагогиканын глобалдык масштабда өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизүүдө. Заманбап дүйнөдө ар кайсыл өлкөлөрдүн педагогикалык тажрыйбаларын изилдеп, аларды кыргыз билим берүү системасына интеграциялоо чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

**Этнопедагогиканын тарыхый негиздери негизинен** кыргыз элинин этнопедагогикалык көз караштары илгерки доорлордон бери уланып келет. Байыркы көчмөн цивилизациясында бала тарбиялоодо жомоктор, макал-лакаптар, ырлар жана салттуу оюндар колдонулган [4]. Бул усулдар бүгүнкү күнгө чейин сакталып, заманбап билим берүү менен айкалышууда.

Кыргызстандын билим берүү системасында этнопедагогиканын элементтери улуттук программалар аркылуу жайылтылууда. Мектептерде жана ЖОЖдордо салттык билим берүү методикасы заманбап усулдар менен айкалыштырылып, улуттук тарбиянын негизинде окутуу жүргүзүлүүдө [1].

Орто Азия мамлекеттеринин ар биринде этнопедагогика өзгөчө мааниге ээ. Өзбекстан, Казакстан, Тажикстан жана Түркмөнстанда улуттук салттар менен билим берүү багытындагы программалар кеңири колдонулат. Бул мамлекеттердин этнопедагогикалык практикалары орток мүнөзгө ээ болуп, өз ара окшош элементтерди камтыйт.

XXI кылымда этнопедагогиканын өнүгүшүнө санариптик технологиялар, заманбап методикалар жана жаңы муундагы мугалимдердин билими чоң таасир этет. Салттуу билим берүү усулдарын илимий негизде изилдөө жана аларды мектеп программаларына киргизүү маанилүү.

Этнопедагогика Кыргызстанда жана Орто Азияда билим берүү системасында өзгөчө орунду ээлейт. Улуттук баалуулуктарды сактоо менен заманбап билим берүүнү айкалыштыруу – этнопедагогиканын негизги максаты. Анын өнүгүүсү келечек муундардын руханий жана маданий тарбиясын чыңдоого чоң салым кошот.

**Колдонулган адабияттыр**


1. Абдрахманов К. “Элдик педагогика”. Бишкек, 2015.
2. Асанов, А.А. «Педагогиканын негиздери», Бишкек: Мурас, 2020.
3. Билим берүү министрлиги. «Кыргызстандагы билим берүүнүн келечеги». Жарыяланган: 2023. Шилтеме: https://edu.gov.kg.
4. Жээнбеков Т. “Кыргыз тарбиясынын негиздери”. Ош, 2018.
5. Казакпаев Ж. “Кыргыз элинин билим берүү тарыхы”. Бишкек, 2017.
6. Назаров Р. «Традиции воспитания в кочевых обществах». Ташкент, 2019.
7. Хусаинов А. “Этнопедагогика в странах Центральной Азии”. Алматы, 2020.
8. Токтогулова, Б.Б. «Жаш өспүрүмдөрдү тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү», «Педагогика жана коом» журналы. №3, 2022, 45-50-беттер.


УДК: 37.091.212


**Мамышова Н. К., Айдаркулова З. А.**

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Ош шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультети

**Мамышова Н.К., Айдаркулова З. А.**

Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына, Гуманитарно естественно-научный факультет в г. Ош

**Mamysheva N.K., Aydarkulova Z. A.**

Kyrgyz National University named after J. Balasagyn, faculty of Humanities and Natural Sciences in Osh

# ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН "КУТ АЛЧУ БИЛИМ" ЧЫГАРМАСЫНДАГЫ ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАР ЖӨНҮНДӨ
# ОБ ОБЩЕЧЕЛОВЕЧЕСКИХ ЦЕННОСТЯХ В ПРОИЗВЕДЕНИИ ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА "БЛАГОДАТНОЕ ЗНАНИЕ"
# THE UNIVERSAL HUMAN VALUES IN JUSUP BALASAGYN'S WORK "KUTADGU BILIG"

**Кыскача мүнөздөмө:** Жусуп Баласагындын «Кут алчу билим» чыгармасы – орто кылымдагы түрк элдеринин  маданий жана философиялык ой жүгүртүүсүнүн туу чокусу болуп саналат. Макалада адилеттүүлүк, билим, акылмандык, ыйман, мээримдүүлүк жана эмгекчилдик сыяктуу жалпы адамзаттык баалуулуктар камтылган. Чыгарма коомдук түзүлүштүн идеалдык моделин сүрөттөп, инсандын адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүүгө чакырат. Макалада ушул баалуулуктардын мазмуну талданып, алардын бүгүнкү күндөгү мааниси жана колдонулушу каралат.
**Ачкыч сөздөр:** Жусуп Баласагын; Кут алчу билим; жалпы адамзаттык баалуулуктар; адилеттүүлүк; билим; акылмандык; ыйман; мээримдүүлүк; эмгекчилдик; адеп-ахлак; социалдык түзүлүш.

**Аннотация:** Произведение Юсуфа Баласагуни «Кутадгу Билиг» является вершиной культурной и философской мысли тюркских народов средневековья.

В статье рассматриваются такие универсальные человеческие ценности, как справедливость, знание, мудрость, нравственность, милосердие и трудолюбие. Автор описывает идеальную модель общественного устройства и призывает к развитию моральных качеств личности. В статье анализируется содержание этих ценностей, их актуальность и применение в современном мире.
**Ключевые слова:** Юсуф Баласагуни; Кутадгу Билиг; общечеловеческие ценности; справедливость; знание; мудрость; нравственность; милосердие; трудолюбие; этика; социальное устройство.

**Annotation:** Yusuf Balasaguni's work *Kutadgu Bilig* represents the pinnacle of cultural and philosophical thought among medieval Turkic peoples.

This work explores universal human values such as justice, knowledge, wisdom, morality, compassion, and diligence. The author presents an ideal model of social order and emphasizes the importance of developing ethical qualities in individuals. This article examines the essence of these values, their relevance, and their application in the modern world.
**Key words:** Yusuf Balasaguni; Kutadgu Bilig; universal human values; justice; knowledge; wisdom; morality; compassion; diligence; ethics; social structure.

Бардыгын билем деген,
билимден алыс,
Билимим аз деген,
Бийиктерге жетет.

Таанып-билүү –
Чексиз жана түбу жок деңиз.
*Ж. Баласагын*

Баалуулук – бул маанилүүлүк, керектүүлүк, кандайдыр нерсенин пайдалуулугу. Баалуулуктарга багыттоо инсандын кызыкчылыктарын, тандоосун, белгилүү максаттарга жетишүүдөгү аракеттерин, потенциалынын ачылышын аныктап, анын бойго жетүү мезгилинде социалдык өнүгүүсүнө, социалдашуусуна таасирин тийгизет. Баалуулуктар төмөнкүдөй ишмердүүлүктө калыптанат: активдүүлүк, жоопкерчилик жана түшүнүү.

Учурда ар бир демократиялык, укуктуу жана социалдык өлкөдө салттуу баалуулуктардын негизги түрлөрү мамлекет тарабынан корголот жана пропагандаланат: адам, өмүр, үй-бүлө, эл, адамзат, жаратылыш, адамдын жана жарандын укуктары, эркиндиктери жана милдеттери, ден соолук, аброй, ар намыс, жеке эркиндик, билим жана билим алуу, сөз эркиндиги, дин эркиндиги, эмгекчилдик, эмгекти урматтоо, жеке менчик, атаандаштык, улууларды сыйлоо, Ата Мекенди сүйүү, нравалык жана укуктук жоопкерчилик, ата-эненин балдарын сүйүү жана аларга камкордук көрүү, үй-бүлөдө балдарга татыктуу тарбия берүү, ата-энелердин балдарынын билим алуу жоопкерчилиги, мамлекет тарабынан энеликти, аталыкты жана балалыкты коргоо ж.б.

Аталган рухий-нравалуулук жалпы адамзат баалуулуктар байыртадан кыргыз элинин тарыхында, маданиятында, үрп-адатында сакталып келе жатат жана бүгүнкү күндө, айрыкча жаштарды тарбиялоодо, деструктивдүү идеологиянын жайылышына превентивдик чара катары, маанисин, актуалдуулугун жоготкон эмес [9]. Азыркы Кыргызстандын рухий маданиятында адамдын нравалуулук маңызына төп келбеген керектөө баалуулуктар – бийлик, менчик, физикалык комфорт, оңой акча табуу ж.б.у.с. – биринчи орунга коюлуп келишин байкоого болот.

Ушул багытта Караханиддер доорундагы ойчул, энциклопедист, философ, педагог – Жусуп Баласагындын (1018-1086-жж. Жакын) "Кут алчу билим" (которгондо "Бактылуу болуунун билими") поэмасы өзгөчө орунду ээлейт.

"Кут алчу билим" чыгармасы түрк адабиятынын, маданиятынын жана илиминин гана эмес, ошондой эле дүйнөлүк рухий мурасынын кайталангыс эстелиги. Ал XI кылымдын (1069-1070-жж.) түрк-мусулмандык алгачкы жазма поэмасы жалпысынан 6645 (айрым маалымат боюнча – 6520) эки саптуу – месневи, же 13 миң саптан ашык ырдан туруп, 85 бапка бөлүнгөн. Автор бул чыгармасын Баласагындан баштап, Кашкарда жазып 18 айда бүтүргөн. Жусуп Баласагын ошондо 50 (айрым маалыматтарда – 54) жашта болгонун жазып кеткен:

Он сегиз ай ичинде жазып бүттүм,
Терип сөздүн асылын келсе жөнү!...
Карып калдым, элүүдө менин жашым,
Кап-кара кузгун эле, аккуу башым [1].

Жогорудагы саптарга таянган белгилүү түркolog Рашит Рахмети Арат Жусуп Баласагынды 1015-1016-жылдары төрөлгөн деп жазат. Анын өлүмү тууралуу маалымат жок.

"Кут алчу билимдин" үч нускасы бүгүнкү күнгө чейин жеткени белгилүү. Уйгур алфавитинде акыркы нуска Гератта, калган эки нускасы арап тамгалары менен Египет жана

Фергана китепканаларында сакталып келет. Илимий чөйрөдө бул уникалдуу эмгектин иликтенишин немец окумуштуусу Г. Вамбери, чыгыштаануучу Иосиф фон Хаммер-Пургшталь (1796-ж.) башташса, толук тексттин В. Радлов жарыялаган (1891-1900-жж.), ал эми терең талдоо Рашит Рахмети Аратка таандык. Орус тилине С.Е. Малов, И. Гребнев жана С.Н. Иванов которушкан. Илимпоздордун баасында, "Кут алчу билим" XIX-XX кк. Бүткүл дүйнөдө түркология тармагында жасалган феномен катары кабыл алынгандыгын – Түркияда, мурун Советтер Союзунда, Батышта (Европа, Америка), Кытай Эл Республикасында, Японияда, Кореяда эки кылымдан бери изилденилип келе жаташы далил боло алат [2, 3].

"Кут алчу билимге" арналган жергиликтүү, республикалык, мамлекеттер аралык, дүйнөлүк деңгээлде бир канча илимий конференциялар, форумдар өткөрүлгөн, диссертациялар корголгон. Бул дидактикалык поэма өзбек, түрк, немец, орус, англис, уйгур, казак, түркмөн, азербайджан жана кыргыз тилдерине которулган. 2016-ж. ТҮРКСОЙ уюму тарабынан "Жусуп Баласагын", ал эми 2019-ж. ЮНЕСКО тарабынан Эл аралык "Кут алчу билимдин" жылдары деп жарыяланган.

Чыгарма жалпы философиялык, социалдык, юридикалык, саясий, этикалык и эстетикалык көйгөйлөргө арналган [4]. Жусуп Баласагындын поэтикалык дастанында рухий баалуукtарды даңазаланып, моралдык акыл-насааттарга чоң орун берилип, философиялык, этикалык жактан изилденип жаткан бул эмгек дүйнөлук маданияттын баалуу казынасы болуп кала бермекчи.

"Кут алчу билимде" ал кездеги саясий, социалдык-тарыхый өзгөчөлүктөр чагылдырылган. Караханиддер мамлекетине Мавераннахр, Чыгыш Түркстан кирген, ошондой эле жалпы түрктөр деп аталган – уйгур, карлук, аргунт, ягма ж.б. урууларынан түзүлгөн.

Поэмадагы төрт каармандын аттары аллегориялык жана символикалык мааниге ээ, окуялар өз-ара суроо-жооп түрүндө баяндалат: өкүмдар Күнтууду – адилеттик жана чындыктын; Айтолду, анын вазири – дүйнө, бакыт, дөөлөттүн; Өгдүлмүш, вазирдин уулу, – акыл жана даанышмандуулуктун; Одгүрмүш, вазирдин тууганы – кичи пейилдиктин, тазалык, сабырдуулук менен каниет кылуунун символу катары берилет [1]. Бул образдар этикалык, адеп-ахлактык, рухий баалуулуктарды сүрөттөп, поэманын негизги идеясын камтышат.

Жусуп Баласагын билим алууга жана тарбияга чоң маани берген. Диалог түрүндө жазылган "Кут алчу билимде" жакшылык кылуунун, билимдин жана акылдын пайдалары тууралуу, алардын дүйнө таанууда башкы ролду аткаргандыгы баса белгиленген. Поэмада айкөлдүк, чынчылдык, нике, адамгерчилик, достук, индивидуалдык жана социалдык жоопкерчилик, бала тарбиялоодон баштап дасторкондо отуруунун адебине чейин актуалдуулугун жоготпогон философемалар жана этикалык темалары талкууланат [1].

Чыгармада автор адамдын өмүрүн социалдык нормалар жана баалуулуктар менен тыгыз байланышканын айтат. Мындай адамдын сапаттары өзгөргүс жана мейкиндик менен убакытка көз карандысыздыгын айтат. Башка адамга жаман ойдогу мамиле кылуу, тарбиясыздык тиги дүйнөдө жооп берүүгө алып келерин белгилеген [1].

Жусуп Баласагын Орто Азиялык башка перипатетиктериндей (Фараби, Беруни, Ибн Сина) пантеисттик көз карашта болуп, жалгыз Кудайга ишенүүгө чакырган [5]. Ошол эле учурда гносеология жаатында, ал рационалисттик багытта адам баласын өз акылына,

чыгармачылыктын күчүнө ишенүүгө, айлана-чөйрөнү таанып билүү мүмкүндүгүн, ар дайым билимди толуктоону жана кеңейтүү керектигин айткан.

Адамзат жашоосунун мааниси жана максаты, коомдо адам кандай жүрүм-турум эрежелерин сактоо, жашоодо кандай максаттарды коюп өмүр сүрүү керектиги ж.б. аксиологиялык маселелер көрсөтүлгөн [7].

Поэмада Өгдүлмүш башкы каарман, анткени ал жакшы адам жана акылман, коом үчүн үлгүлүү образын берет. Адам жаш кезинен жашоосун Кудайга арнашы керек деген суфийлик идеялар да орун алган [1].

Коомдо бардык мүчөлөр социалдык статусуна карабай бири-бирине достук, урматтоо мамиледе болууну белгилейт, айрыкча – дыйкандарга, мал багуучуларга, кол өнөрчүлөргө, себеби алар коомдун негизги кыймылдаткыч күчтөрү деп жазган [1].

Жусуп Баласагын гуманист болгон. Ал зулум хан менен бектерди, элди эксплуациялаган, тоногон, укугун жана аброюн тебелеген бийлик өкүлдөрүн сынга алган. Анын ордуна атка минерлерди карапайым элге карата айкөлдүк, жардам көрсөтүү, тамак-аш жана кийим-кече берүүгө чакырган. Коомдогу социалдык теңсиздикти рухий дөөлөттөр жана акылмандык менен чечүүнү сунуштаган. Хандарга элди башкарууда илимдин, агартуунун жетишкендиктерин эске алууну айтат [1, 8].

Жусуп Баласагындын чыгармасында адеп-ахлакка, жакшылык жана жамандыкка, алардын өз ара байланышына көңүл бурулган. Адилеттүүлүк жакшылыктын негизи жана мазмуну болушу керек деп мүнөздөлгөн. Адилеттүүлүк – бул жакшы жумуштарды жасоо менен түшүндүрүлгөн.

Ыймандуулук категориясын акын билим менен бирге караган. Билимдүүлүк жана акылдуулук инсанга жакшылык жасаган жана адилеттүү болууга негиз түзөт деген. Анткени билимге ээ болуп, адамдар рухий жана ыйман жактан өсө алат деп жазган ойчул.

Жашоо, өмүр жана түбөлүктүүлүк көйгөйлөрү да акылманды кызыктырган. Жусуп Баласагындын пикиринде, ар бир инсан коомдун алдында өз милдетин аткаруусу абзел. Кийинки муундарга өзү жөнүндө жакшы из калтыруу керек, себеби бардык нерседен бир гана “жакшы иштер” жана “акылман сөз” унутулбайт [1].

Акын жаштарды тарбиялоо мамлекетке жанын берүүгө даяр болгон, элдин кызыкчылыгын жекеден жогору койгон кызмат кылган инсандар менен байланыштырат [6,7].

Жусуп Баласагын үй-бүлөлүк тарбия тууралуу маселеге өзгөчө көңүл бурган. Ойчулдун пикиринде, так үй-булөдө балдардын интеллектуалдык негиздери, нравалык жана физикалык ден соолугу калыптанат. Акын бул жараянда ата-энелердин ролу чоң деп белгилейт. Алар балдарга катуу талаптарды коюп, өздөрү үлгүлүү болууга тийиш. Балдардын тарбиясыздыгы – бул алардын өздөрү да, ата-эне үчүн да бактысыздык:

Эгерде уулунду эркелетип чоңойткон болсон,
Бардык үмүтүндү үз, андан кандай жардам күтмөксүн?
Балдарынды эркелетип өстүрүп – өзүңө зыян келтирдин:
Өмүр бою кайгыда болдун, ыйлагыча кыйналдын [1].

Жусуп Баласагын маанисин жана баалуулугун жоготпогон жалпы адамзат, нравалык принциптерди иликтеген. Аларга таянып бүгүн биз учурдагы жаштарга тарбия беришибиз керек. Чындыгында, жаш баланын потенциалдуу чыгармачыл күчтөрүн, шыктуулугун,

жөндөмдүүлүгүн окутуучулар ачып өркүндөтүүгө өбөлгө түзө алышат. Жаштар сүйүү, жакшылык, адилеттүүлүк мыйзамдары менен жашаганды каалашат. Демек окутуучулар жаштардын айлана-чөйрөсүн жакшыртууга умтулушу керек.  Педагог балдарды жакшы көрүш керек. Аларга өз иш-аракетинин мисалдарында мугалим жалган сүйлөбөгөндү, чынчылдыкка, эмоцияларды, жүрүм-турумду башкарууга үйрөтүү керек. Акындын пикиринде, адам – реалдуулуктагы башкы баалуулугу, анын жашоо маңызы гуманисттик иш-аракетинде. Адамдын жашоо максаты эмгекте, коомго адилеттүү кызматында жана адептүү, нравалуу жүрүм-турумунда. Адамгерчилик индивидуумдун билим алуусунда, коомго пайда келтирүү аракетинде көрүнөт.

Жусуп Баласагындын пикиринде, адамдын өмүрү табигый мызамдарга баш ийеген үч нерседен турат: “Төрөлүү – жашоо – өлүм”. Бирок башка жаныбарлардан айырмаланып адам баласы, ой-жүгүртүп таанып-биле алат. Жашоодо эң кымбат – өмүр. Ошондуктан аны татыктуу жашап өтүү зарыл. Адамга өмүр берилген, ал жашоого эмне арнаса, ал ошону ага кайтарат,- деп жазат ойчул. Адам ар дайым жакшы турмушка умтулат, бирок жашоо мыйзамы боюнча кыйынчылыктыр, жоготуулар, оорулар аны коштоп жүрөт. Оору өлүмгө алып келет.

Акылман бардык баалуулуктардан адамдын акыл-эсин биринчи орунга койгон, анын башка сапаттарынан бөлүп чыгарган. Адам  бир жолу гана жашайт, ошондуктан берилген өмүрдү ал татыктуу жашап өтүшү керек деген. Өлүм – жашоонун мыйзамдуу аягы. Өлүмдөн кийин адам өз эмгегинин натыйжалары аркылуу реалдуулукта жашай берет. Жашоодо чыныгы ийгиликке адам – акылдуулугу менен жете алат. Билимине жараша адамга урмат көрсөтүлөт. Билим аркылуу адам табияттын мыйзамдарын ачат жана өз мүмкүнчүлүктөрүн чексиз кеңейте алат [1].

Жусуп Баласагындын дастан поэмасында “кут”, “дөөлөт” адамга бир келет, аны жакшы карабасан, ал кетет деп айтылат. Бакыт да бир келүүчү нерсе, аны сактабасаң, экинчи келбейт. Бактылуу болуу үчүн, күнөөсүз жашоону өткөрүү керектигин белгилейт акын [1].

Жыйынтыктап айтканда, Жусуп Баласагындын “Кут алчу билим” поэмасында турмуш философиянын бактылуулукка жетишүүнү  адилеттүүлүк, акылдуулук, чын жашоого даярдык көрүү аркылуу мүмкүндүгү айтылат. Бул гениалдык этикалык-дидактикалык поэманын автору өз доорунун алдыңкы акыны, көрүнүктүү ойчулу, жогору билимдүү, жашоо философиясын терең билген, энциклопедист-окумуштуусу болгон. Катуу адилеттүү мыйзам, бакыт, акылдуулук жана келечекти символдоштурган каармандардын ортосунда түркүн рухий баалуулуктарга байланышкан көйгөйлөр талкууланат. Адам жөнүндө акындын окуусу  философиялык-этикалык көз караш менен түшүндүрүлөт.

Жусуп Баласагын өз чыгармасында бийлик төбөлдөрүнө бир топ туура талаптарды коет, анын арасында алардын билимдүүлүгү, элге камкордук көрүүсү, адабиятты, искусствону жакшы билүүсүң. Бийлик башчылары гана эмес, ошондой эле карапайым эл да, кандай сапаттарга ээ болушу керектиги маселеси ортого салынат.Чыгармада жаштардын тарбиясына чоң көңүл бурулат. Ошентип энциклопедисттин пикиринде, адам – бул өзгөчө, кайталангыс жан, биоанатомиялык касиеттерге ээ, эмгектенүүнү жана ой-жүгүрткөндү билген коомдук-тарыхый ишмердүүлүктүн субъектиси. Чыгарманын эң маанилүү жагы – анда жалпы адамзат баалуулуктарга талдоо берилип, коомдун жакшы жакка өзгөртүүгө чакырган сынчыл ой-жүгүртүүлөр орун алгандыгында. Ошондуктан Жусуп Баласагындын

“Кут алчу билим” дастанындагы нравалуулук идеяларын мамлекеттик, жарандык, диний уюмдарда, бала-бакчаларда, орто мектептерде, орто кесиптик жана жогорку окуу жайларда тарбия программаларына жана долбоорлоруна киргизүү, иш-чараларды өткөрүү, массалык маалымат каражаттарында аларды популяризациялоо жана жылдыруу зарыл.


**Колдонулган адабияттар**

1. Баласагын, Ж. Куттуу билим. [Текст] / Ж. Баласагын. – М., 1993. – 496 с.
2. Кононов, А.Н. История изучения тюркских языков в России. [Текст] / А. Н. Кононов. – Л., 1982. – 360 с.
3. Кононов, А.Н. Поэма Ю. Баласагунского «Благодатное знание» [Текст] / А. Н. Кононов // Баласагунский Юсуф. Благодатное знание. – М., 1983. – 510 с.
4. Сагадеев, А.В. Восточный Перипатетизм. [Текст] / А. В. Сагадеев – М., 1999. 491 с.
5. Калбердиев, А.Р. Религиозно-философские аспекты поэмы «Кутадгу билиг» «Благодатное знание» Юсуфа Баласагуни // Исламоведение. Дагестанский государственный университет. Т. 11. Номер: 2 (44), 2020. – С. 102-108.
6. Абдуллаев, С. Кутагду Билиг и его духовно-культурная ценность. Современные востоковедческие исследования. 2020; 2(4): С. 20-25.
7. Мукасов, С.М. Традиции социально-философской мысли в духовной культуре кыргызского народа. [Текст] / С. М. Мукасов. – Бишкек: Илим, 1999. – 226 с.
8. Борубашов Б.И. История государства и права Кыргызской Республики. Учебник. – Т. 1.- Бишкек, 2015.
9. Бубнов, Ю. А. Проблема развития нравственного иммунитета у студенческой молодежи / Ю. А. Бубнов, О. Б. Мазкина // Высшее образование в России. – 2021. - № 6. – С. 132-143.



УДК 80. 81



**Муратов Т. Р.**

Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин медициналык колледжи

**Муратов Т.Р.**

Медицинский колледж кыргызско-узбекского Международного университета им. Б.Сыдыкова

**Muratov T. R.**

Medical College of the Kyrgyz-Uzbek International University named after B.Sydykov


## ААЛАМДАШУУ ДООРУНДА ЖАШТАР АРАСЫНДАГЫ СЛЕНГ
## МОЛОДЕЖНЫЙ СЛЕНГ В ЭПОХУ ГЛОБАЛИЗАЦИИ
## YOUTH SLANG IN THE ERA OF GLOBALIZATION


**Кыскача мүнөздөмө:** Азыркы жаштардын сленги жаштардын жашоо образында пайда болгон приборлордун бири. Ал жаштардын ой-пикирин, адамдарын жана агымдарын аныктоого мүмкүндүк бергендиктен тексттик байланыштын бир түрү катары өзгөрдү. Бул

жаргон тилдин динамизмин жана мурунку мамилесин билдирүү үчүн колдонулат. Маалыматтар жаштарга тиешелүү, аны өндүрүштүк ыкмада колдонуу абдан кеңири таралган, ошондой эле жаштардын ортосундагы байланышты азайтат. Ааламдашуу доорунда жаштар арасындагы жаргондун аймактык белгилери бардык жерде өзгөрүп турат, ошондуктан кээде алардын түрлөрү жана мааниси да өзгөрүшү мүмкүн.

**Аннотация:** Современный молодежный сленг-один из инструментов, который появляется в образе жизни молодежи. Он изменился как форма текстового общения, поскольку позволяет идентифицировать мнения, людей и течения молодежи. Этот сленг используется для выражения динамизма и прежнего отношения к языку. Данные актуальны для молодежи, их использование в промышленных целях очень распространено, а также снижает связь между молодыми людьми. В эпоху глобализации региональные особенности молодежного жаргона повсеместно меняются, поэтому иногда их типы и значения также могут меняться.

**Annotation:** Modern youth slang is one of the tools that appear in the lifestyle of young people. It has changed as a form of textual communication, as it allows you to identify the opinions, people and currents of youth. This slang is used to express dynamism and a previous attitude towards language. The data is relevant for young people, their use for industrial purposes are very common, and also reduces the connection between young people. In the era of globalization, the regional features of youth jargon are changing everywhere, so sometimes their types and meanings may also change.

**Негизги сөздөр:** тил; сленг; жаштар; келбет; тизгин; эффект; энергия; жаран; хайп; маданият; салым; оптимизм; коом; уникалдуу; термин; ыкма; жаргон.

**Ключевые слова:** язык; молодость; внешний вид; энергия; реклама; вклад; оптимизм; общество; уникальный; термин; метод; сленг.

**Keywords:** language; slang; youth; appearance; rein; effect; energy; citizen; hype; culture; contribution; optimism; society unique; term; method; slang

Дүйнөлүк маданияттар адамзаттын жалпы мурасындагы биримдиктүү бүтүндүктү түзгөндүктөн, айрым элдердин маданий өз алдынчалуулугу коомдук жаңылануу менен башка элдердин каада-салттары, сүйлөө сөздөрүн, баалуулуктары менен болгон алаканын натыйжасында жаңыланып жана анын мазмуну уламдан улам байып турат. Келечек муундардагы сленг тууралуу кеп кылуу кызыктуу, бирок азыркы учурда анык айтылуулар жок. Ага карабастан, келечектеги сленг кандай болушу мүмкүн экендиги боюнча бир нече мисалдарды айтып кетсек болот. Жаштар ар дайым жаңы сленг сөздөрдү жана сөз айкашынын түрлөрүн чыгарып, калыптандырып турушат. Алардын чыгарган жаңы сөздөрү жана сүйлөө стили коомдук тренддерди калыптандырууга жардам берет.

Аймактык белгилер жана сленгдердин келечектеги өнүгүүсү тилдин, маданияттын жана технологиянын ар тараптуу байланышынан көз каранды. Тилдик инновациялар жана глобализациянын таасири аркылуу сленгдердин жаңы түрлөрү жана регионалдык өзгөчөлүктөрү пайда болушу мүмкүн [1] .

Азыр эң активдүү жана эң прогрессивдүү жарандар болуп, бул жаштар болуп эсептелинет. Мамлекет жаш жарандардын үмүттөрүнө жана тилектерине эффективдүү жооп

кылбаса, бул терс көрүнүш болуп калат. Жаштардын энергиясын жана оптимизмин колдонбогон коом өнүкпөйт экендиги баардыгына белгилүү. Биз мамлекетибиздин жаштары менен сыймыктанабыз. Биздин жаштар биздин келечек, ошондуктан биз жаштарды колдоп, алардын демилгелерин ишке ашырып келебиз.

Азыркы учурда биздин жаштар батыраак билим алууга жана алынган маалыматты сиңирүүгө көптөгөн мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Жаш жарандар биздин мамлекетти алдыга алып кетүүчү күч болушу керек. Мамлекетибиздин эртеңки умүтү, тилеги жана жаркын келечеги бул – жаштар болуп эсептелет.

Кыргызстандын эртеңки жаңы ийгиликтерине жана анын жаркын келечегине бекем ишенебиз. Анткени биздин бардык үмүтүбүз Кыргызстандын өсүп келе жаткан жаш муундарынын арасында дүйнөдө чоң ийгиликтерге жетишип, бийик чокуларды багындырган жаштардын аз эмес экендиги бизди кубандырбай койбойт. Алардын ар бир жасаган кадамы жана жетишкен ийгилиги Кыргызстанды жогоруга таанытып келет.

Келечектеги сленгдин аймактык белгилери – бул тилдердин жана диалекттердин өзгөрүүсү менен байланыштуу маселелер. Эгерде биз тилди өзгөртүү, жаңылоо жана аны популярдаштыруу максатында сленгдин келечектеги аймактык белгилерин издеп жатсак, анда төмөнкү аспекттерди карашыбыз мүмкүн:

1. **Технологиянын таасири**: Интернет жана социалдык медиа тилдин өнүгүшүнө чоң таасир көрсөтөт. Сленгтер жана жаңычыл сөздөр көбүнчө глобалдык тенденцияларга ылайык өзгөрүп турат. Мисалы, интернет жаргонунун жана эмодзи жазуусунун кеңири колдонулушу аймактарда айырмаланган сленгдерди түзүшү мүмкүн.
2. **Жаш муундардын таасири**: Жаштардын өзгөчө тил колдонуу формалары аймактык сленгдердин өнүгүшүнө алып келиши мүмкүн. Алар өздөрүнүн уникалдуу тил стилин түзүп, аны жергиликтүү аймакта же глобалдык масштабда таратышы мүмкүн.
3. **Маданий аралашуу**: Маданий өз ара аракеттенүү жана миграция аймактык сленгдердин аралашуусуна себеп болушу мүмкүн. Ар кандай тилдик жана маданий тажрыйбалардын айкалышы жаңы сленгдердин пайда болушуна алып келиши мүмкүн.
4. **Сөз жаңыртуу**: Келечектеги сленгдер көп учурда мурдагы терминимдердин же сөздөрдүн жаңыланган формалары катары пайда болушу мүмкүн. Мисалы, өтө белгилүү сөздөрдүн жаңы маанилерге ээ болушу же жаңы контексте колдонулушу сленгдин жаңы формаларын түзүшү мүмкүн.
5. **Аймактык өзгөчөлүктөр**: Аймактык диалекттердин жана тилдик варианттардын айырмачылыктары сленгдин локалдык өзгөрүүлөрүн жаратат. Ар бир аймакта өзүнүн уникалдуу сленгдери жана лексикалык өзгөчөлүктөрү болушу мүмкүн, бул аймактык идентификацияны камсыз кылат [2].

Кыргызстан өзүнүн жаштары менен сыймыктанууда тилине да көңүл бурулуп келет.

Тилдин тизгини да, чылбыры да жаштардын колунда... Тил маселесине келгенде кандай чечим, кандай гана реакция болбосун анын келечегин аныктай турган эң негизги фактор – жаштар.

Тил илимине байланышкан чоң изилдөлөрдүн эң негизги корутундуларынын бири – тигил же бул тилди ошол улуттун улгайган адамдары канчалык көркөм, адабий деңгээлде сүйлөсө дагы, ошол эле улуттун аймактык белгилерин, жаштары ал тилди мыкты билбесе тил өксүп, тилдин казынасы кемий берет. Тескерисинче, тигил же бул тилди жаш муун

кеңири колдонуп, оюн ошол тилде айтып, ошол тилде кенен баарлашса ал тил жашай берет.

Бул бир эле кыргыз тилине эмес, жалпы тилдерге тиешелүү мыйзам ченемдүүлүк экенин баса белгилей кетели. Албетте ага өбөлгө же кедерги боло турган факторлор чыгышы толук мүмкүн. Ошого карабай тилдин келечеги дагы жаштардын колунда. Башкача айтканда жаштар сленги – 8,24 жаштагы адамдардын социолектиси (суйлоо речи), алар улуу муунга эмес, расмий системага каршы чыгуудан келип чыккан. Жаштык сленги башка тилдер сыяктуу эле улуттук тилдин фонетикалык жана грамматикалык негиздериндеги лексика гана болуп, оозеки, кээде тааныш боёк менен айырмаланат. Эң өнүккөн семантикалык тармактары: "Адам", "Келбет", "Кийим-кече", "Үй", "Эс алуу".

Жаштык сленгинин башка түрлөрүнөн айырмалоочу өзгөчөлүгү муундардын алмашуусу менен түшүндүрүлгөн анын тез өзгөрүшү. Жаштар арасындагы сленгдин таралышы. Азыркы жаштар үчүн психология жашоонун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Психикалык ден-соолукка көбүрөөк көңүл бурулгандыктан, бул чөйрөдөгү көптөгөн терминдер жаргондорго чыпкаланган. Мындан тышкары психологиялык терминдердин таралышында интернет жана социалдык тармактар да чоң роль ойнойт. Маалыматтарга оңой жетүүнүн, башка адамдар менен баарлашуунун, социалдык тармактардагы блогдордун аркасында жаштар психологияга тиешелүү түшүнүктөрдү жана сөз айкаштарын өздөштүрүшөт жана аларды сөз байлыгына киргизишет.

**Мисалы:**

Хайп – бир нерсенин тегерегиндеги маалыматтык ызы-чуу.

Reel, reel – чынында, чындыгында (англис тилинен чындап).

Стрим (Агым) – бул түз эфирдин жаратуучусу бир эле убакта мазмунду тартып, аудиториясы менен баарлаша алган онлайн берүү.

Пон (Понятно) – Тушүнүктүү. Эмне үчүн экени түшүнүктүү.

Ава – аватар, социалдык тармактардагы сүрөт.

Auf – “вау” жана “вау” альтернативасы.

Бангер – бардык жерде угулган хит (ыр болушу мүмкүн).

Go, go – бир жакка же бир нерсе кылууга чакыруу (англис тилинен go to go).

Жиза – турмуштук (турмушта болгон нерсе)

Зашквар – татыксыз иш кылуу, бурмалоо. [3]

Ошентип, көпчүлүк жаштар күнүмдүк сөзүндө жана интернетте жаргондорду(кыскартылган сөздөр же болбосо сленг)колдонушат. Аны колдонуунун негизги себептеринин бири – кепке жандуу жана юмор. кошууга умтулуу. Эң популярдуу сөздөр: "макул", "хайп", "кырсык", "агро", "кринг" ж.б. Азыркы учурда жаштардын мамлекетти өнүктүрүүгө кошкон салымы, келечек жаштардын колунда демекчи, мамлекетти биз алдыга жылдырышыбыз керек. Салым кошкондо соссуз эле илимдуу-билимдуу болуш шарт эмес. Эн маанилүүсү каалоосу жана умтулуусу [4].

Жаштар – өлкөнүн азыркысы жана келечеги! Жаштар бул – өлкөнүн эң маанилүү ресурсу болуп эсептелет. Эл арасында «жаштар биздин келечегибиз» деп айтылып жүргөн сөз бар. Чындыгында жаштар биздин келечегибиз. Андыктан жаштарга туура багыт көрсөтүү ар бир улуу муундун милдети. Айтор бүгүнкү күндө жаштарыбыз батышты туурап, чыгышты эрчип кыргыз экенин унутуп бaратат деген улуу муундун өкүлдөрү сурап келсен чекеден чыгат. Бирок жаштарды жөн жеринен күнөөлөгөн туура эмес чыгаар.

Бүгүнкү күндө жаштардын өлкөбүздө болуп жаткан окуяларга кызыгуусу улууларга караганда көбүрөөк маалыматка ээ экендиги талашсыз десек,экинчи тарабынан тилибиздин бурмалоосун карап зээниң кейийт. Жаштардын бүгүнкү күндө жасап жаткан иштери өлкөсүнүн келечегине кошкон салымы. Качан гана биздин жаштар бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып бирдиктүү иш алып барса коомго чоң өзгөрүүнү алып келүүсү ишенем көрсөтөт.

Ошондуктан биздин жаштар убактысын туура жерге сарптап коомдо лидерлик ишмердүүлүгүн туура пайдалануусу абзел. «Жаштар биздин келечегибиз» деп куру ураан кылып көп эле сайрап жүрөбүз. Бирок, тилекке каршы, жаш муундун чыныгы абалы, коомубуздун түптамырынан бери жаңылануу жолунда алардын аңсезиминин, баалуулуктарынын өзгөрүү багыттары каякты көздөй бара жатат деген сыяктуу суроолорго жооп издөө көз жаздымда калып келет. Ушул тапта республикада жаштар маселеси менен алектенген бир да илимий мекеме түгүл, кичинекей кафедра же лаборатория да жок.

Жаштар чөйрөсүндө болуп жаткан процесстерди эч ким так билбейт, себеби илимий изилдөөлөр өтө аз. Мына ушундай шартта мамлекеттик жаштар саясатын жүргүзүү ылай суудан балык кармоого жасаган аракеттей эле сезилет. Жаш муундун өкүлдөрүнүн айтымында, интернет сыяктуу заманбап маалымат булактары аркылуу жаштар сабатын тез эле жоюп алышкандыктан, эскиче ойлонгон улуу муундун адамдары алардыын ойлору менен эсептешишпейт [5].

И.Раззаков: “Коом – бул сен жана менден куралат. Эгер сен ак болсоң, мен ак болсом демек коом да ак болот” – дейт. Айтайын дегеним потенциалдуу, принципиалдуу, алдыга бекем максат койгон жаштар көп болсо, биздин келечек да ошончолук даражада ишенимдүү болот. Өткөндө Нуржигит Кадырбековго бир студент “20 жылдан кийин биздин өлкөбүздүн келечеги кандай болот?” – деп суроо бериптир. Агай бир эле сөз менен “20 жылдан кийин сиз кандай болсоңуз биздин келечек ошондой болот” – деп жооп узатыптыр. Чындыгында келечек бүгүнкү жаштардын колунда.

Биз бүгүн эптеп эле максатсыз жашап жүрсөк, келечегибиз да эптелип куралат. Андыктан жаштарда күч, энергия бар, тилди бекем сактоо керек. Ошону эл-жер үчүн максаттуу пайдаланыш керек. Элиме кызмат кылам – деген жигердүү жаш тар да бар. Бирок арасында эч кандай максаты жок, эптеп эле күн өткөргөн жаштарыбыз да жок эмес. Аларды да жакшы ниет менен өз катарыбызга кошуунун аракетиндебиз. Потенциалдуу жаштар – потенциалдуу келечек курат [6]. Көппүзбү, азбызбы – кеп анда эмес, кеп – биз жердеп турган жер кыргыз деген түптүү элдин чок борбору экенинде. Мына ушул жерде гана бизге мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Ар дайым сөз менен иштеген адам “Көппүзбү, азбызбы – кеп анда эмес, кеп – биз жердеп турган жер кыргыз деген түптүү элдин чок борбору экенинде. Мына ушул жерде гана бизге мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

Биздин улуттук маданиятыбыздын муктаждыктары жөнүндө сөз болгондо бул жерде силерден башка да улуттар жашайт деген мотивдерди каршы койгон адамдар да кездешет. Ырас, алар менен баарлашсаң кандай гана өзгөчө сөздөрдү угасың,башкача айтканда аймактагы таралган сленгдерди сезесиң.Андыктан айланага карап жагдайды дайыма эсте тутуу зарыл”.

Башкача айтканда келечек муундардагы сленгдин аймактык белгилери ар тараптуу, тарбия башаты тээ эне курсагында,аягы азыркы заман өзгөрүү агымында. Биз бүгүн эптеп

эле максатсыз жашап жүрсөк, келечегибиз да эптелип куралат. Андыктан жаштарда күч, энергия бар, тилди бекем сактоо керек. Ошону эл-жер үчүн максаттуу пайдаланыш керек.

Ар бир инсан балага тарбияны туура жана билимди жеткиликтүү кылып берсе тилибибиз бекем болот.

**Адабияттар тизмеси**


1. Абдуллаев Э., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. Ф-2015.
2. Кыргыз тилинин лингвистикалык маалымдамасы. Б.: 2015.-256 б.
3. Ч. Айтматов. Эне тил тагдыры. - Бишкек, 2009.
4. Электронный ресурс. https://www.bbc.com/kyrgyz/articles/crg2xlz72g4o.amp
5. Электронный ресурс. https://aimak.kg/janylyktar/62387-zhashtar-ѳlkѳnyn-azyrkysyzhana-kelechegi.html
6. Электронный ресурс. https://www.ng.ru/cis/2023-024/5_8781_language.html



УДК: 37.014.5+37.02



**Нурматова Ч.**

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Ош шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультети

**Нурматова Ч.**

Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына, Гуманитарно естественно-научный факультет в г. Ош

**Nurmatova Ch.**

Kyrgyz National University named after J. Balasagyn, faculty of Humanities and Natural Sciences in Osh


# СТУДЕНТТЕРДИН ТАРБИЯЛЫК ИШИН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ЖАЛПЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖОЛДОРУ ЖӨНҮНДӨ
# ОБ ОБЩИХ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ ПУТЯХ ФОРМИРОВАНИЯ ВОСПИТАТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ УЧАЩИХСЯ
# ABOUT THE GENERAL PEDAGOGICAL WAYS OF FORMATION OF EDUCATIONAL WORK OF PUPILS


**Кыскача мүнөздөмө:** Билимди калыптандыруу билим берүү ишмердигинде билим берүү жана таанып билүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү менен ажырагыс байланышта ишке ашырылганда гана жемиштүү болуп чыгат.

**Аннотация:** Формирование знаний эффективно только тогда, когда оно осуществляется в неразрывной связи с развитием учебно-познавательных умений в учебной деятельности.

**Annotation:** Abstract Knowledge formation is effective only when it is carried out in an inseparable connection with the development of educational and cognitive skills in educational activities.

**Негизги сөздөр:** инновациялык ишмердүүлүк; жаратмандык; креативдүүлүк; адекваттуулук; компетенттүүлүгү; педагогика; көндүм; изилдөө; ой жүгүртүү.

**Ключевые слова:** иновационная деятельность; созидательность; креативность; адекватность; компетентность; педагогика; навык; исследование; мышление.

**Keywords**: innovative activity; creativity; adequacy; competence; pedagogy; skill; investigation; reasoning.

Студенттердин (окуучулардын, студенттердин) психикалык операциялардын түзүлүшү жана эрежелери жөнүндө билиминин жетишсиздиги окуу-тарбия иштериндеги одоно каталарга алып келерине ар бир мугалим бир нече жолу ынанган. Мындай каталар жогорку класстын окуучулары менен университеттин 1-1-курстарынын студенттеринин арасында даана байкалат.

Окуучулардын да, окутуучулардын да тарбиялык ишмердүүлүгүн калыптандыруу узак жана үзгүлтүксүз процесс. Ошентип, мисалы, табигый дисциплиналарда изилденип жаткан предметтерди, процесстерди жана кубулуштарды салыштырганда студент (окуучулар да) көбүнчө аларда жалпы жана айырмаланган нерселерди ачып берүүнүн ордуна, алардын ар бирин өз-өзүнчө сүрөттөп, экинчи даражадагы белгилерин салыштырышат. Маанилүү эмес, экинчи даражадагы өзгөчөлүктөрдү салыштырып, ошондуктан салыштырууга болбойт; жалпы жыйынтык чыгарууну билишпейт.

Педагогикалык талаптарды окуу стандартына ылайык киргизсек, анда 70% 80% окуучулар (окуучулар жана студенттер) өтпөй калат. Жашыруун да, атайылап ачык да жетишпегендик (сабатсыздык) бар. Жашыруун жетишпегендикти, акыры сабатсыздыкты кантип токтотуу керек? Биринчиден, конкреттүү бир жаман белгинин артында эмне турганын, аны кандай жаш адам (окуучу же студент) кабыл аларын так түшүнүү. бирөө үйрөнө албайт; башкасы жасай алат, бирок каалабайт, акырында, үчүнчүсү (жана алардын көпчүлүгүндө биз ишенебиз) учурдагы окутуунун методологиясына жөн эле карама-каршы келет. Айтмакчы, бул мектеп маселеси гана эмес, университеттин да маселеси.

Жаштарга маңыздуу билим берип жатабызбы? Мектептердеги жана ЖОЖдордогу жашыруун сабатсыздыктын (жана ачык сабатсыздыктын) дагы төмөнкү себептери бар: ашыкча жүктөө, түшүнүксүздүк, программаларды ашыкча татаалдаштыруу.

Ошол эле учурда орто мектепте педагогикалык талаптарды бузбастан орто жалпы билим берүү үчүн материалдардын көлөмү окуучуларга түшүнүксүз болгон программанын айрым бөлүмдөрүнөн улам бир топ кыскарышы мүмкүн. Бул абдан маанилүү табигый жана коомдук кубулуштарды, процесстерди,моделдер, эрежелер, формулалар, аныктамалар жана математикалык билдирүүлөр. Мисалы, «математика» сабагында пайыздарды так эсептөө жана табуу, жөнөкөй теңдемелерди чыгаруу, стандарттык телолордун беттерин жана көлөмдөрүн аныктоо, үч бурчтуктун белгисиз капталын же бурчтугун табуу жетиштүү.

Логарифмдик функциялар, тригонометриялык теңдемелер (теңсиздиктер), оор теоремалар жөнүндө эмне айтууга болот? Алар кээ бирлери үчүн өтө катаал экени анык. Мектепте эки жүзгө жакын математикалык формулаларды жаттап алса болобу? Эгер сиз жакшы санасаңыз, анда тригонометриянын негизинде алардын болжолдуу саны көп. Справочник менен иштөөнү үйрөтөбүзбү? Ыкчам маалымдама физика, химия жана

астрономия боюнча керектүү программалык маалыматты камтышы мүмкүн.

Математика боюнча абитуриенттердин жыл сайын өтүүчү тест сынактары карапайым окуучу же 8-10-класстар үчүн окуу китептеринин мазмунун такыр эле өздөштүрбөй, же «жаттап жаттоо» деңгээлинде (башкача айтканда, жаттап алганын) көрсөтүп турат. Аларда берилген материалды аң-сезимдүү жана эркин өздөштүрүү айрым учурларда пайда болот. Демек, моюнга алышыбыз керек: орто мектепте, айталы, математиканы окутуунун эффективдуулугу төмөн. Окуу китептеринин жана программаларынын канааттандырарлык эместиги, предметтик мугалимдердин өздөрүнүн окуу материалдарын начар билиши педагогикалык жактан ийгиликсиздикке алып келет.

Процесстерди, кубулуштарды, закондорду, теоремаларды жана формулаларды (формулировкаларды) чечмелөөдө ашыкча кайталануулларга жана карама-каршылыктарга жол бербөө үчүн мектеп окуу китептери жана программалары консерватизмден, кургакчылыктан, ашыкча концентризмден алыс болуп, университеттин окуу китептери менен тыгыз байланышта болушу керек.

Окуу китептеринде талкууланган формулалардын, жоболордун жана математикалык маселелердин санына алданып калбашыңыз керек. Биз эң фундаменталдуу математикалык формулалардын жана аныктамалардын чектелген санын бөлүп көрсөтөбүз, бирок алардын маанисин жана практикалык колдонуу үчүн мүмкүнчүлүктөрүн тереңирээк жана ынанымдуураак ачып берүүгө аракет кылабыз. Ошол эле учурда, дагы бир жолу, математикалык “форматизацияга” өтө эле алданып калбаш керек.

Окуучулардын арасында дүйнөнүн бирдиктуу диалектикалык жана материалисттик картинасын калыптандырууда алардын принциптүү маанисин ачуу маанилүү. Ошондо гана жаштарга мектептеги жана жогорку окуу жайларында билим берүүнүн уландысы жөнүндө сөз кылууга болот. Билим деңгээлинин мындай үзгүлтүксүздүгүн, биздин оюбузча, психология «көзөмөлдөө» мүмкүн [2].

Биз, мугалимдер, көптөн бери келе жаткан салтты карманып, өзүбүздү эң негизги тарбиялоочу жана окутуучу күчүбүз деп эсептейбиз жана окуу процессинде жетишкен бардык жетишкендиктерди өзүбүзгө гана ыйгарууга жакынбыз. Бирок, эгерде баары башкача болуп кетсе, анда биз студенттерди, предметтер жана дисциплиналар боюнча билим берүү программаларын күнөөлөйбүз. Ошол эле учурда студенттерди окутуу жана тарбиялоо процессинде алардын өз алдынча аракети ар дайым өзүн-өзү тарбиялоо ролун ойнойт. Жаш муун үчүн, биздин оюбузча, чыныгы базалык билимди 14-15 жашка чейин гана алат.

Мындан кийин Фрейддик «сексуалдык кызыкчылыктар» (бардыгын камтыганхобби» (баарын камтыйт башкалар, Психологдун көз карашы боюнча: жеке адамдын обону менен өзүн-өзү тарбиялоо умтулуулары). Физиологиялык, тарбиялык, кээ бир мектеп мугалимдери балага адам деген укуктан баш тартканы да чындык, аны дагы эле калыптандыруу керек; Башкалары, эгерде алар пайда болгон инсандын өзгөчөлүгү жөнүндө айтса, аны метафоралык мааниде көбүрөөк жасашат.

Россиянын Илимдер академиясынын академиги В.Давыдов адеп-ахлактык, универсалдуу позициядан ой жүгүртүп, андан мурдараак педагогикага карата В.Сухомлинский Н.Бердяевдин артынан ээрчип, адеп-ахлакты жумшартып, асыл иш-аракеттерди өркүндөтүү керектигин айткан. жаш жигитте чыгармачылык. Класстык-сабактык билим берүү системасынын ар дайым өзүнүн айдоочусу (мугалим, мугалим,

мугалим) жана анын жүргүнчүлөрү (б.а. окуучулар, студенттер, угуучулар) болот. Кээде жүргүнчүнүн ролун мугалимдер өздөрү тандашат. Ал эми “жүргүнчүдөн” айдоочуга өтүш үчүн, өз предметинди окутууга аң-сезимдүү мамиле жана кесиптик милдеттеринди түшүнүү керек.

Тилекке каршы, мугалимдердин 80%ы өз кесибине мындай аң-сезимдүү мамилеси менен мактана албайт. Анан биздин система боюнча билим алгандар жарым-жартылай сабаттуу бойдон калат экен. Сабаттуулуктун пайдубалы адептүүлүк сыяктуу бала кезден түптөлөт. Балага дүйнө таанымынын сырлары ачылат.

Дүйнөнү таануу социоика (адам инсанынын типтери жөнүндөгү илим) боюнча бир катар функцияларды аткарат: интуитивдик түштөр (кыялдоо); кызыгуу (кызыгуу); этикалык эмоциялар жана сезимдер; сезүү (сезимдердин деңгээлинде); каалоо, тартуу жана акырында логикалык интеллект (талдоо жана ойлонуу жөндөмдүүлүгү), ошондой эле интеллект, практикалык кыраакылык жана иш билгилик. Жаш жигиттин бул психологиялык жана физиологиялык функциялары ага билим берүү, таанып-билүү жана тарбиялоо иштеринде активдүү жардам берет.

Ар бир адамдын бардык сегиз сезүү системасы бар (мисалы, темперамент жана мүнөз), бирок эки гана этика же сенсордук система жетектейт. Алар адамдын дүйнөнү эмоционалдык түрдө кандай кабыл алаарын же ар бир фактыны логикалык анализге салып, бардык маселелерди кийинкиге калтырып, күнүмдүк жашоого, анын ичинде окууларга жана конвенцияларга көңүл бурбай, же баарын бир убакта жана өз убагында жасап, өзүн жана башкаларды курчап алуу аркылуу аныктайт (жолдоштор, ата-энелер, мугалимдер жана жылуулук жана жайлуулук).

Позитивдүү, позитивдүү эмоциялар адамга өзүн жана жакындарын кандайдыр бир позитивдүү маанай менен курчоого, шайырдыкты сезүүгө жардам берет. Аларсыз меланхолия басаңдап, бардык эмоциялары «минус» белгиси менен (б.а. терс жана терс) өнүккөн жигит «бардык жерде жана бардык жерде» ар ким менен урушканга умтулат. А. Эреже катары, движоктун эрки. Бул эрк кыйратуучу болуп калганда, жигит агрессивдүү жана нервдүү (кайдыгер, жол берүүчүлүккө жакын) болуп калат.

Адамдын жакшы ниети жана каалоолору жашоодо пропорция жана гармония сезимин, анын ичинде тарбиялык жана таанып-билүү ишмердигин берет. Каалоолордун өнүкпөгөнү керектөөчүлүккө, ал эми төмөн өнүгүү ач көздүккө, ырайымсыздыкка алып келет.

Сезимдер үй-бүлөлүк байланыштарды, сүйүү жана достукту сактоого жардам берет. Тилекке каршы, алар каалаган убакта калпка, жек көрүүчүлүккө жана кара ниеттикке айланып кетиши мүмкүн. Ал эми алардын жоктугу кайдыгерликке алып келет. Себеп өз алдынча кесиптик ишмердүүлүккө жана эмгекке, тарбиялык ишмердүүлүктү калыптандырууга жардам берет; терс болсо, анда ал кыйратуучу жана кылмыштуу иштердин атасы болуп калат. Ал эми акыл-эстин «рудименттик» абалы жалкоолукка, жол берүүчүлүккө жана кайдыгерликке орун берет [1].

Мугалимдер жаштардын арасында тарбиялык жана таанып-билүү ишмердүүлүгүн калыптандыруунун жалпы жолдоруна кам көрүшү керек; Анын азыркы абалын эске алуу менен андагы туп-тамырынан бери өзгөртүүлөр зарыл. Ага активдүү жана сапаттуу мүнөздү, динамизмди жана маданий шайкештикти берүүгө жөндөмдүү радикалдуу жана

профессионалдык-педагогикалык чаралар биздин билим берүү системабызды азыркы кризистик абалдан чыгарууга жардам бермек.

Биздин оюбузча, салттуу билим берүү системаларынын (кандайдыр бир даражадагы билим берүү: орто, орто-адистик жана жогорку) негизги көйгөйлөрүнүн бири – билимден баш тарткан, ага кызыгуусун жоготкон маргиналдык жаштардын жаралышы жана калыптанышы деп ойлойбуз. бул функционалдык да, профессионал да жакшы калыптанган, турмуштун четине ыргытылган сабатсыз адам.

Бүгүнкү күндө булар олуттуу окууну жана жоопкерчилик менен иштөөнү каалабагандар, эч кандай пайдалуу иште өзүн таппай калгандар. Бул көрүнүштүн эң орчундуу себеби, биздин оюбузча, салыштырмалуу түрдө айтканда, билим берүү системасынын вертикалдуу түзүлүшүндө, анын ашкере унификациясында жатат. Мен бул вертикалда бардыгына чыдай албайм, мисалы, университеттерге өздөрүнүн студенттери керек.

Бирок биздин коомдо билим берүүнү интенсивдештирүү тенденциясы жок. Альтернатива үстөмдүк кылды: бир нече билим берүү мекемелерин түзүү билим берүү өзгөчөлүктөрү бар мекемелер. Ар бир жаш адамдын жашоо жөндөмдүүлүгүнө кепилдик берилиши керек коом. Муну кантип жасоо башка маселе. Кысым астында жасалышы мүмкүн, же жаш жигиттин инсандыгын калыптандырууга багытталган педагогикалык ыкмалар аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн Инсан – бул жеке мамилелердин жыйындысы, башкача айтканда, адамдын жашоого, өзүнө жана өзүнө болгон туруктуу, социалдык маанилүү мамилелери. башкалар.

Республикабызда «Кыргызстан жаштары» жаштар программасы бекеринен түзүлгөн жана иштеп жатат, биздин республикадагы азыркы коомдук турмуш так, ар кандай даражадагы билим берүү кызматкерлеринен жаштардын жалпы билим жана билимин калыптандырууну так талап кылат. жашоодогу конкреттүү таанып билүү жөндөмдүүлүктөрүн, анткени моралдык-этикалык нормалар жана принциптер азыркы этапта жеке адамдык сапаттарга көңүл бурууну талап кылууда.

**Адабияттар**

1. Билим алуу үчүн куракка байланыштуу мүмкүнчүлүктөр / Ред. Д.Б. Эльконина, В.В.Давыдова. М.: «Агартуу», 1966.
2. Занков Л.В. Мектеп окуучуларынын тарбиялык ишмердигинде эс жана ойлоо педагогикасы», 1969, №10.
3. Рубинштейн С.А. Жалпы психологиянын проблемалары. М., «Педагогика», 1973 ж.
4. Сухомлинский В.А. Жаш мектеп директору менен маек // Тандалган макалалар. прод.: V 5 т. Киев, 1979. Т.4.- 561-б.

УДК: 37.01+82-1:82.09

**Сарыева А.С., Аринова Ж.Т.**

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Ош шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультети

**Сарыева А.С., Аринова Ж.Т.**
Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына, Гуманитарно естественно-научный факультет в г. Ош
**Saryeva A.S., Arinova J.T.**
Kyrgyz National University named after J. Balasagyn, faculty of Humanities and Natural Sciences in Osh

# ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН «КУТ АЛЧУ БИЛИМ» ПОЭМАСЫНДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК ИДЕЯЛАР
# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ИДЕИ В ПОЭМЕ ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА «КУТ АЛЧУ БИЛИМ»
# PEDAGOGICAL IDEAS IN ZHUSUP BALASAGYN'S POEM "KUT ALCHU BILIM"

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Жусуп Баласагындын «Кут алчу билим» поэмасындагы педагогикалык идеялар талдоого алынды. Автордун 13000 саптан турган "Кутадгу билиг" аттуу дидактикалык жана философиялык поэмасындагы педагогикалык идеялар камтылган. Бул идеялар бир гана түрк элинде эмес, европа элдеринде да колдонулгандыгы аныкталган. Макалада төрт өзөк окуядан алынган асыл ойлор,таалим-тарбиялык маанидеги акыл-насааттары символикалык каармандар аркылуу берилген.

Өркүндөгөн инсандын асыл сапаттарынын ар бир пендеге калыптануусу, коомдук турмуштун зарылдыгы экендигин баяндаган залкар педагогикалык мурас.

**Негизги сөздөр:** Жусуп Баласагындын поэмасы; дидактика; педагогика; тарых; идея; маданият; насаат.

**Аннотация:** В статье проанализированы педагогические идеи в поэме Жусупа Баласагына «Кутадгу билиг». Включены педагогические идеи авторской дидактико-философской поэмы «Кутадгу билиг», состоящей из 13 000 строк. Стало известно, что эти идеи использовались не только турецким народом, но и европейскими народами. В статье благородные мысли, взятые из четырех основных событий, и их просветительские советы представлены через символических персонажей.

Это ценное педагогическое наследие, отражающее необходимость общественной жизни и формирование благородных качеств человека.

**Ключевые слова:** Поэма Жусупа Баласагына; дидактика; педагогика; история; идея; культура; проповедь.

**Abstract:** The article analyzes the pedagogical ideas in Yusupa Balasag's poem"Kutadgu Bilig". The pedagogical idea included is the author's didactic-philosophical poem "Kutadgu Bilig", consisting of 13,000 lines. It turned out that this idea was used not only by the Turkish people, but also by European nations. In the article, noble thoughts taken from four major events and their educational advice are presented through symbolic characters.

This is a valuable pedagogical heritage reflecting the need for social life and the formation of noble human qualities.

**Key words:** Poem by Zhusup Balasagyn; didactics; pedagogy; history; idea; culture; sermon.

IX-X кылымдарда Караханид мамлекетинин гүлдөп өсүүсү Багдад, Дамск, Бухара

шаарлары менен бирдей болгон. Жети шаар областы (семиречье) – Испаджаб, Тараз, Суяб, Кулан, Невакет, Баласагун. Кашгар – бул жерде эки жүзгө жакын шаар-кыштактар жайгашкан. Бул шаарларда кол өнөрчүлүк, соода-сатык, экономикалык, маданий байланыштар болгон. Алардын ичинен экономиканын жана маданиятынын өнүгүшү боюнча эң негизги орунду Казакстандын чыгыш тарабындагы Отрардык оазис шаары ээлеген жана Чүй өрөөнүндөгү Баласагун шаары да эң ири соода-сатык борбору болуп саналган.

Өз доорундагы акылман, философ, педагог, хас хажип деген наам алган Ж. Баласагын 1018-жылы туулган. Баласагында кырк жети миң калк жашаган жана он медресе, эки жүз миң мечити болгон. Жусуп билимди өзү туулуп өскөн жерден алган кийин ошол учурда маданияттын, билимдин очогу болгон Фараби, Кашгар, Бухара шаарынан билимин өркүндөткөн. Кашкардан келгенден кийин сөздүн улуу зергери 13000 саптан турган “Кутадгу билиг” аттуу дидактикалык жана философиялык поэмасын 52 жашында 18 айдын ичинде 1069-1070-жылдары жазган.

“Кутадгу билиг” арап халифатынын өнүгүп өскөн учурда жазылса да түрк тилинде жазылган эң алгачкы чыгарма болуп саналат. Бул поэма бир гана түрк элине гана эмес Иранга, Чин, Мечиндерге таанымал болгон. Алар өздөрүнүн наамдарын беришкен. Мисалы: Чиндер: “Мамлекетти ийгиликке жеткирүүнүн жол-жобосу”, мачиндер: “Өлкөнүн тынчтыгы, иштин оңунда болушу жөнүндөгү окуу”, чыгыш эли: “Башкарууну кооздоо жөнүндөгү окуу”. Бул аркылуу поэманын канчалык деңгээлде жогору тургандыгын, баалуулугун аныктоого болот.

“Кутадгу билиг” поэмасынын Венадан (Герат) кол жазмасы 1439-жылы уйгур алфавити менен жазылган, Каир кол жазмасы Хидив китепканасынан 1896-жылы арап алфавити менен жазылган, Наманган (Фергана) кол жазмасы 1913-жылы арап алфавити менен жазылган кол жазмалары белгилүү болгон. Бул поэма чыгыш таануу илим изилдөөчүлөрү австралиялык Фон Хаммер-Тургушталю 1796-жылы кол жазманы Стамбулдан алып Вена китепканасына белекке берген. Биринчи жолу немец востоковед Г.Вамбер тарабынан немец тилинде жарык көргөн. Толугу менен поэмагнын илимий түрдөгү бөлүмүн 1891-1910-жылдары В.Радлов үзүндүлөрүн орус тилинде С.Е. Малов которгон. “Наука быть счастливым” деген ат менен эркин котормо Н. Гребнев тарабынан 1971-жылы жарык көргөн. 1971-жылы К. Каримов “Кутадгу билиг” поэмасын өзбек тилинде, 1983-жылы С.И. Иванов “Благодатное знание” орус тилине, 1986-жылы А. Ехубаев казак тилине, 1988-жылы Т. Козубеков “Кут алчу билим” деген ат менен кыргыз тилине которгон.

Р.Р. Арат Вена, Каир жана Наманган кол жазмалары боюнча 1947-жылы илимий иштерди жүргүзгөн. 1970-жылы Ленинградда өткөрүлгөн Тюркологиялык 4-конференцияда “Кутадгу билиг” чыгармасына арналып өткөрүлгөн жана ар тараптан изилдөөнү кеңейтүү маселеси коюлган.

Бул чыгарманын үстүндө көптөгөн илимпоз окумуштуулар ар тараптан изилдөөдө: франциялык тюрколог В.Вамбери, орус тюркологу В.Радлов, С.Е.Малов, Р.Р.Арат, немец тюркологу Отто Альбертс казак тюркологу А.Х.Касымжанов, Мажиддинова, өзбек тюркологу Жумабаева, уйгур тюркологу Нарынбаве, кыргыз тюркологу Бекбоев, А.Алиев, орус тюркологу Стемлевалар өздөрүнүн илимий эмгектерин жаратышкан.

Ж. Баласагындын “Кут алчу билим” поэмасы дидактикалык жана философиялык

тарктат болуп эсептелет.  Чыгарма төрт өзөк окуядан турат:

1. Адилет – Күнтууду өкүм бийликти ак өтөөгө милдеттүү ак жолду жаза баспас адил, өкүмдар ысымы.
2. Айтолду – өкүмдар акимге ырыс, дөөлөт берээр башкы вазир ысмы.
3. Акдилмиш – ак-караны айра билген, дили ак, таза адам.
4. Өткүрмүш – байлыкка, мансапка кызыкпас, кумарга алданбас, каниет ысмы.

Жусуп Баласагындын "Кут алчу билим" трактатындагы педагогикалык идеялар.

Ж.Баласагын "Кут алчу билим" дидактикалык жана философиялык поэмасы аркылуу кыргыз элинен гана эмес бүткүл улуттарга педагог катары таанылды. Анткени, педагог бабабыз Жусуптун дастанындагы каармандарынын бири Адилет-чынчылдык, акыйкаттык, айкөлдуктүн бири. Дөөлөт-кут, ырыс-кешиктин бири, Акыл-парасаттын, дили ак, тазалыктын бири. Каниет-сабырдуулук, топуктуулук, мансапка, дүйнөго алданбастыктын касиетин айгинелеп ачкан. Өркүндөгөн инсандын мындай асыл сапаттарынын ар бир пендеге калыптануусу коомдук турмуштун зарылдыгы экендигин баяндаган залкар педагогикалык мурас, окуган адамдын ички сезимин козгоп, жугумдуу таалим-тарбия берүүчү шурудай сөз тизмеги.

Ар күнү агарып аткан таң менен бирге ааламга айныбай нурун сепкен Күн сымак адам рухундагы адилеттикти, асылдыкты, тазалыкты, канниеттикти дегеле адамды өзүнө да, урпагына да, жан-жаныбарга да, жер-ууга да жаратылыш энчилеп берген шыбагасына, кубулуштарына болгон адамдын асыл мамлилелери айкөлдүк, билгичтик жолунда бийик болушун уламдан-улам таасын баяндай келип, билим-илимдин миң бир айтылмыш төрт өзөктүн тунук башаты: Кут-куттуулукта жатканын баяндаган бул чыгармасында Жусуп окурмандарга кайрылып:

"Жалаң, акыл-насаат сөздөн түзүлгөн, Шуру сымал жибек жипке тизилген," – деп китептин мазмунун элдин педагогикалык казынасынан алгандыгын, ал казына түгөнбөс кенч экендигин, ал кенчти элге жеткизүүнүн каражаты жандуу, элестүү, учкул сөз жана аны жеткизүүчүлөр элден чыккан сөз чеберлери экендигин көрсөтүп:

*"Китепти окуй турган окурманым,*
*Көркүнө түрк сөзүнө нак тунарсың.*
*Эске тут, бул китепти жазган адам,*
*Атактуу, сыпаа, сөзмөр болгон абдан.*
*"Күзордо" анын туулуп-өскөн жери,*
*Жатык тил, учкул сөздүү турган эли,"* – дейт.

Дастандагы тарбия-таалимдин элдик салттары жаш муундарды турмушка даярдап, эмгекчи элдин чыныгы инсандык касиети жөнүндөгү идеясын ишке ашыруудагы ата-энелер, тарбиячылар үчүн күчтүү каражатка айланууга тийиш. Ал эми поэманы кунт коюп окуган инсан өзүнүн жан дүйнөсүнө жакшылыктын үрөнүн өндүрөт. Бул поэма X кылымдан ашык жашаса да өзүнүн маанисин жоготкон жок. Мындагы:

*"Улуулук-акыл-эстин натыйжасы,*
*А билим-улуу иштин дарбазасы" же:*
*"Билимдүү аз, эң арбын билимсиздер,*
*Акмактар көп эң эле аз илимдүүлөр.*
*Наадан көрбөйт, сокур анда көкүрөк,*

*Ач көзүңдү, билимге умтул тезирээк,”* – дейт, мында окуу, билим, илим гана адамды асыл сапатка жетилдирүүнүн каражаты экенине ынындырып, малга, акчага жардылык жарды эмес, рухий жардылык адамды кемсинтип, жан дүйнөсүн жардылантып, наадандык касиетке ээ кылып катардан чыгарарын эскертет. Ошондой эле инсандагы дагы бир асыл сапатын ажарына чыгарып, анын ой, сезимин ойготуп, жан дүйнөсүн байыткан эң күчтүү курал катары эне тилин эсептеген.

Эне тилин терең үйрөнүп аспеттеп, байытып, элге жугумдуу, жагымдуу сөздү тартуулай чубурткан адам элдин урмат-сыйына ээ, ал касиеттүү инсан. Кылымдар бою калкыбыз жакшылыктын уюткусу-билим-илим, накыл сөздү, кутту көксөп келгенин инсандагы зоболонун бийиктишги окугандыкта, билимдүүлүктө экендигин, билимдүүлүктү жан дүйнөнүн байлыгын инсандагы жакшылыктын бардык касиетин өзүнө даана камтыган бакыт катары эсептеген [1, 162-191]. Саптар менен билим алууга чакырат жана адамдагы бийиктик касиет биликте болоорун кут китеби айткандай:

*Бирди билген-тирик, миңди билген – билик,*

Тилдин асыл сапаттары жана пайда-зыяны туурасында [2, 162-191]. Накыл сөздөрү менен ойлонуп сүйлөөгө, элинде жакшылык атын калтыруу үчүн жакшы сөзү жана жакшы мамилеси гана урматка жетип эл арасында кадыр-баркка жете тургандыгы жөнүндө айтат. Ал эми:

*“Чабал өрдөк эрте учат” – ошол чындык.*
*Шашылыш бүткөн иштен чыгат кырсык.*
*Шашылбай моонөтүн кут, болбо чабал,*
*Баарынын кези келсе, жайын табат.*
*Шашмалык – иш билбестин бир белгиси,*
*Токтоолук – эстүү жандын бир мүнөзү”* – деген сапта шашмалык эч качан жакшы нерсеге алып барбастыгы ар кандай ишти “Жети өлчөп, бир кес” деп айтылгандай ойлонуп, чыдамкайлык менен гана көздөгөн максатка жетүүгө боло тургандыгын көрсөтөт. Ошондой эле марттык, боорукердик, кайрымдуулук, адилеттүүлүк, билимдүүлүк сапаттары бар адам гана өлкөнү башкарууга, бекке кызмат кылууга жөндөмдүү экендиги жөнүндө айтып: Ордо башы кандай болууга тийиш, бийлик ээсине кандай кызмат кылуу керектиги, дүйнөнүн пайда-зыяны, дарыгерге, түш жооруучуларга, элчилерге, даанышман, илим-билимдүүлөргө, жылдыз саноочуларга, акындарга, соодегерлерге, малчыга, устага, кедей-кембагалдарга, уул менен кызга, кол өнөрчүлөргө, кол астындагы жумушчуга, аялды кантип тандоо керектиги жөнүндө жана конокко баруунун, чакыруунун жол-жобосу тууралуу, дүнүйөнүн көйүн унутуп тобо кылууга өзүнүн асыл кеңештерин айтат жана бул суроого жооп берүүдө адамда: кайрымдуулук, боорукердик, айкөлдүк, кечиримдүүлүк, адилеттүүлүк, чыдамкайлуулук, чечкиндүүлүк, билим-илимге ээ болуусу керек деген таамай ойду айтат. Маселен: Дыйканга кандай мамиле жасоо керек?

*“Сыйынан дыйкандардын четте эмесмин,*
*Эмгегинен алардын ичип, жейсиң.*
*Дос болгун алар менен тазарасың,*
*Жетиштүү жайым болот алдыңа ашың”* – деген ыр саптарда эмгектенүүгө, эмгекти баалоого үндөйт, дыйкандын эмгегин даңазаласа;

*Соодегер болбосо аалам кезген,*

*Кандай суусар тонуңду киет элең!*
*Ачык болуп, кабыл ал алар келсе,*
*Жакшы атагың таралат алыс жерге!”* – деген сапта соодегер жөнүндө алардын дүйнө кезип, эл аралап, элге өз кесиби менен эмгек кылып жатканын, турмуштун ачуу- таттуусун татып, көптү көргөн адам, ага жакшы мамиле кылсаң атагың бүт дүйнөгө таанылат деп айтуу менен бооруке, кайрымдуу болууга үндөсө, аял тандоодо төмөнкүдөй кеңеш берет [3, 370]. Ал эми уул-кыздарды кандай тарбиялоо жөнүндө деген ойду айтуу менен баланы тарбиялоодо алдын-ала билген акылмандын ойлору азыркы учурда да өз ордун жогото элек [4, 162-191]. Айрыкча, миграция күчөп турган учурда ата-энелерге өтө керек болгон насыйкат десек жаңылыш болбос. Улуу педагогдун:
*“Төрдө орун тийген болсо наадaнга,*
*Улагада калганыңа арданба.*
*А акылман улагада болсо эгер,*
*Анда улага ардактуу деп биле бер”* – деп дагы бир жолу адамдын ким экендигин анын ээлеген орду, кызматы аныктабайт. Адамды байлык, бийлик көркүнө чыгарбайт. Инсандын касиети – анын акылында. Акылды өстүрүүнүн каражаты окуу, эмгек экенине элди ынандырып, өзүнүн залкар педагогикалык идеяларын элдин тарбиялык тажрыйбасы менен аныктап, далилдеп, элдик педагогиканы даңазалап, өлбөс-өчпөс педагогикалык мурасты белекке калтырган

X-XI кылымда жашаган улуу ойчул, педагог Жусуп Баласагындын “Кут алчу билим” поэмасынын жазылганына он кылымдан ашса да бүгүнкү күндө да өз маанисин жоготпогон классикалык чыгармалардан болуп калды. Бул чыгарма арап халифатынын өнүгүп-өскөн мезгилинде жазылган. Ошентсе да биринчи жолу өз эне тили түрк тилинде жазылган алгачкы чыгарма болуп саналат. Баласагындын бул чыгармасы боюнча чыгыш таануу илими боюнча илимпоздор: Г. Вамбер, В. Радлов, Н. Гребнев, О.Е. Малов, Р.Р. Арат, Отто Альберто жана башкалар өз тилдерине которуу менен өздөрүнүн педагогикалык илимине чоң идеяларды киргизишкен десек жаңылыш болбос.

Бул поэманы педагогикалык жактан иликтегенибизде мындагы педагогикалык ойлор адамдагы илим-билимге ээ болуучулук, илим-билимдин жашоодогу пайдасы, тилдин асыл сапаттары жана пайда-зыяны, айкөлдүк, гумандуулук, уул-кызга тарбия берүү, ошондой эле ар түрдүү кесип ээлеринин эмгегин баалоо, өкмөттү башкаруучуларга кеңеш, этиканы сактоо жөнүндөгү акылман ойлор элибиздин канына сиңип, аны кийинки муундарга өткөрүп берүү улуулардын парзы жана бул парз X кылымдан бери элдин педагогикалык казнасына айланды. Мындан бир эле мисал алып көрөлүчү:
*“Акыл кайда болсо, улуулук толоор,*
*Билим кимде болсо билик болоор.*
*Акылы болсо, пайдасын эл көп көрөөр,*
*Билим билсе, азиз тирилик өткөрөөр.*
*Туура сөздү сүйлөй билгин тартынбай,*
*Кыйшык, калптан-качкын өчүң касыңдай,”* – деген саптарында эле канчалык сөздүн сонун берметтери жана бийик, таасирдүү тарбия жаткандыгын аңдап билсек болот.

**Колдонулган адабияттар**

1. Жусуп Баласагын “Кут алчу билим” (кыргыз тилине которгон Төлөгөн Козубеков. Ф. Кыргызстан. 1988 ж.

2. Кыргыз педагогикасы: Энциклопедиялык окуу куралы / Башкы ред. Ү. Асанов, И. Бекбоев.

3. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2004. - 340-б.

4. Кыргыздар (түзгөндөр: К. Жусупов, К. Иманалиев). – 1-китеп. Бишкек: 1991.

5. Сыдыков С. Баласагындык Жусуптун “Кут билими”. Кыргызстан маданияты, 1989. 30-май.

## Содержание

**Апышова Б. Т., Акишова Г. Т., Нурлан кызы Асел** ........ 5

**Ж. БАЛАСАГЫНДЫН «КУТТУУ БИЛИМ»ЧЫГАРМАСЫНДА САЯСИЙ ТЕРМИНДЕРДИН КОЛДОНУЛУШУ** ........ 5

**ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ПОЛИТИЧЕСКИХ ТЕРМИНОВ В ПРОИЗВЕДЕНИИ Ж. БАЛАСАГЫНА «БЛАГОДАТНОЕ ЗНАНИЕ»** ........ 5

**THE USE OF POLITICAL TERMS IN J. BALASAGYN'S WORK "BLESSED KNOWLEDGE"** ........ 5

**Аринова Ж.Т.** ........ 9

**КОЖОГЕЛДИ КУЛТЕГИНДИН "КОНТААЖЫНЫН СҮЙҮҮСҮ" ПОЭМАСЫНДА ЭЛДИК МУРАСТЫН КӨРКӨМ ИНТЕРПРЕТАЦИЯЛАНЫШЫ** ........ 9

**ХУДОЖЕСТВЕННАЯ ИНТЕРПРЕТАЦИЯ НАРОДНОГО НАСЛЕДИЯ В ПОЭМЕ "ЛЮБОВЬ КОНТААЖЫ"** ........ 9

**ARTISTIC INTERPRETATION OF FOLK HERITAGE IN THE POEM "KONTAAJ`S LOVE" BY KOJEGELDI KULTEGINA** ........ 9

**Асанова Г. А., Макамбаева А. Б., Осмонова А. О.** ........ 15

**ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН ЭКОНОМИКАЛЫК ОЙЛОРУ** ........ 15

**ЭКОНОМИЧЕСКИЕ ИДЕИ ЮСУФА БАЛАСАГУНИ** ........ 15

**THE ECONOMIC IDEAS OF YUSUF BALASAGUNI** ........ 15

**Байсеркеев М.Э., Айдаркулова З.А.** ........ 21

**МАМЛЕКЕТТИН ЖАНА УКУКТУН ПАЙДА БОЛУШУНУН МАТЕРИАЛИСТТИК (МАРКСИСТТИК) ТЕОРИЯСЫ. ТЕОРИЯНЫН АЗЫРКЫ ЗАМАНДЫН ГЛОБАЛДЫК ПРОЦЕССТЕРИ МЕНЕН ЛОГИКАЛЫК БАЙЛАНЫШЫ** ........ 22

**МАТЕРИАЛИСТИЧЕСКАЯ (МАРКСИСТСКАЯ) ТЕОРИЯ ВОЗНИКНОВЕНИЯ ГОСУДАРСТВА И ПРАВА. ЛОГИЧЕСКАЯ СВЯЗЬ ТЕОРИИ С ГЛОБАЛЬНЫМИ ПРОЦЕССАМИ СОВРЕМЕННОСТИ** ........ 22

**THE MATERIALISTIC (MARXIST) THEORY OF THE EMERGENCE OF THE STATE AND LAW. THE LOGICAL CONNECTION OF THE THEORY WITH THE GLOBAL PROCESSES OF MODERNITY** ........ 22

**Гайназаров А.И., Кулуева С.К., Токоев А.А.** ........ 27

**ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН «КУТ АЛЧУ БИЛИМ» ПОЭМАСЫНДА МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИКТИН УЮШТУРУУСУ ЖӨНҮНДӨ** ........ 28

**ОБ ОРГАНИЗАЦИИ ГОСУДАРСТВЕННОЙ ВЛАСТИ В ПОЭМЕ ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА «БЛАГОДАТНОЕ ЗНАНИЕ»** ........ 28

**THE ORGANIZATION OF STATE POWER IN YUSUF BALASAGUNI'S POEM «*KUTADGU BILIG*»** ........ 28

**Жутанова Г.А. , Жусупова А.А., Сарытаева М.Ө.** ........ 35

**ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН СТУДЕНТТЕРИНИН ИНСАНДЫК КАСИЕТТЕРИН ӨРКҮНДӨТҮҮ АРКЫЛУУ КРЕАТИВДҮҮЛҮК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮ** ........ 36

**РАЗВИТИЕ КРЕАТИВНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ ЧЕРЕЗ РАЗВИТИЕ ЛИЧНОСТНЫХ КАЧЕСТВ СТУДЕНТОВ ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЙ** ........ 36

**DEVELOPMENT OF CREATIVE COMPETENCE THROUGH THE DEVELOPMENT OF PERSONAL QUALITIES OF STUDENTS OF HIGHER EDUCATIONAL INSTITUTIONS** ........ 36

**Закирова А.А., Таштемирова Э.К., Асан кызы Орозайым** ........ 40

**ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖАНА ОРТО АЗИЯДАГЫ ОРДУ** ........ 40

**МЕСТО ЭТНОПЕДАГОГИКИ В КЫРГЫЗСТАНЕ И СРЕДНЕЙ АЗИИ** ........ 40

**THE ROLE OF ETHNOPEDAGOGY IN KYRGYZSTAN AND CENTRAL ASIA** ........ 40

**Мамышова Н. К., Айдаркулова З. А.** ........ 46

**ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН “КУТ АЛЧУ БИЛИМ” ЧЫГАРМАСЫНДАГЫ ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАР ЖӨНҮНДӨ** ........ 47

**ОБ ОБЩЕЧЕЛОВЕЧЕСКИХ ЦЕННОСТЯХ В ПРОИЗВЕДЕНИИ ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА “БЛАГОДАТНОЕ ЗНАНИЕ”** ........ 47

**THE UNIVERSAL HUMAN VALUES IN JUSUP BALASAGYN’S WORK “KUTADGU BILIG”** ........ 47

**Муратов Т. Р.** ........ 52

**ААЛАМДАШУУ ДООРУНДА ЖАШТАР АРАСЫНДАГЫ СЛЕНГ** ........ 52

**МОЛОДЕЖНЫЙ СЛЕНГ В ЭПОХУ ГЛОБАЛИЗАЦИИ** ........ 52

**YOUTH SLANG IN THE ERA OF GLOBALIZATION** ........ 52

**Нурматова Ч.** ........ 57

**СТУДЕНТТЕРДИН ТАРБИЯЛЫК ИШИН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ЖАЛПЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖОЛДОРУ ЖӨНҮНДӨ** ........ 57

**ОБ ОБЩИХ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ ПУТЯХ ФОРМИРОВАНИЯ ВОСПИТАТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ УЧАЩИХСЯ** ........ 57

**ABOUT THE GENERAL PEDAGOGICAL WAYS OF FORMATION OF EDUCATIONAL WORK OF PUPILS** ........ 57

**Сарыева А.С., Аринова Ж.Т.** ........ 61

**ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН «КУТ АЛЧУ БИЛИМ» ПОЭМАСЫНДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК ИДЕЯЛАР** ........ 62

**ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ИДЕИ В ПОЭМЕ ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА «КУТ АЛЧУ БИЛИМ»** ........ 62

**PEDAGOGICAL IDEAS IN ZHUSUP BALASAGYN’S POEM “KUT ALCHU BILIM”** 62